КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 10.22.644 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

УДК: 81-1:81.42 (575.2) (043.3)

ТОКТОСУНОВА АЙДЫҢ МАМАСАДЫКОВНА

КӨРКӨМ ТЕКСТТЕГИ ДИАЛОГДУН ЛИНГВОСТИЛИСТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛ/КТӨР/

10.02.01-кыргыз тили адистиги боюнча
филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи:
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү,
филология илимдеринин доктору,
профессор Маразыков Турусбек Сейдакматович

Ош-2022

МАЗМУНУ

Киришүү.....4-9

I бөлүм. Көркөм диалогдун изилдениши тууралуу илик

1.1. Көркөм диалогдун дүйнөлүк лингвистикада жана орус тил илиминде изилдениши.....10-32

1.2. Көркөм диалогдун түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениши.....32-48

I бөлүм боюнча корутунду.....49

II бөлүм. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору

2.1. Изилдөөнүн негизги материалдары жана булактары.....50-55

2.3. Изилдөөнүн негизги аспектилери жана методдору.....56

III бөлүм. Көркөм тексттеги диалогдордун стилистика-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү

3.1. Көркөм диалогдордун жалпы табияты.....57-62

3.2 Көркөм диалогдо репликалардын лингвостилистикалык мүмкүнчүлүктөрү.....63-66

3.3 Көркөм диалогдо каармандын типтүү, жеке өзгөчөлүктөрүн туюндурган тилдик каражаттардын стилистикалык кызматы.....67-70

3.4. Көркөм диалогдордун прагматика-стилистикалык өзгөчөлүктөрү.....71-74

3.5. Көркөм тексттеги диалогдун тематикалык өзгөчөлүктөрүн туюндурууда автордук баяндамалардын, репликалардын орду.....75-84

3.6. Көркөм тексттеги диалогдун коммуникативдик түзүлүшү жана анда паралингвистикалык, шарт-кырдаалдык бөтөнчөлүктөр.....85-89

3.7. Көркөм диалогдо паралингвистикалык, экстралингвистикалык маанилерди туюндурган автордук ремаркалардын өзгөчөлүктөрү 90-99

3.8. Көркөм тексттеги диалогдордо колдонулган лексикалык каражаттардын стилистикалык кызматы.....100-102

3.9. Көркөм тексттеги диалогдордо колдонулган морфологиялык каражаттардын стилистикалык кызматы.....103-112

3.10. Көркөм текстттеги диалогдордо синтаксистик конструкциялардын колдонулуш бөтөнчөлүктөрү.....113-138
3.11. Көркөм чыгармалардагы диалогдордо көркөм маалымат туюндуруунун стилистикалык өзгөчөлүктөрү.....139-150
3.12. Көркөм текстте ички жана сырткы диалогдордун стилистикалык табияты.....151-157
Бөлүм боюнча корутунду.....158-159
Жалпы корутунду.....160-165
Колдонулган адабияттар…….....166-179

Киришүү

Кыргыз тил илиминде көркөм тексттеги диалогдордун коммуникативдик, структуралык, семантикалык, лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө актуалдуу маселелерден болуп саналат. Акыркы илимий изилдөөлөрдө көркөм диалог тилдик жана коммуникативдик өзгөчөлүктөргө ээ эки пландуу көрүнүш катары комплекстүү иликтенип келүүдө. Бул диссертациялык изилдөөдө көркөм чыгармалардагы диалогдордун, андагы репликалардын, автордук баяндамалардын, ремаркалардын, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик каражаттардын лингвистикалык, лингвокоммуникативдик, лингвостилистикалык табият өзгөчөлүктөрү кыргыз тил илиминде алгач ирет ар тараптан, системалуу изилдөөгө алынды. Ошондой эле бул диссертациялык изилдөөдө көркөм тексттеги диалогдордун негизги белгилери, алардын көркөм тексттин мазмунун уюштурууга катышы, каармандардын өзгөчө сүйлөө манералары, көркөм диалогдордун идеялык-тематикалык мазмуну жана көркөм образдар системасын, каармандардын индивидуалдуу мүнөз өзгөчөлүктөрүн, турмуштук көз карашын, каармандардын адамга, турмушка жана башкаларга карата мамилесин көркөм чагылдыруунун жол-жоболору, андагы лингвостилистикалык өзгөчөлүктөр ар тараптан изилденди.

Изилдөөнүн актуалдуулугу. Кыргыз тил илиминде көркөм тексттеги диалогдун структуралык, семантикалык, лингвостилистикалык табияты, негизги белги-касиеттери буга чейин атайын комплекстүү түрдө илимий изилдөөнүн обьектисине айлана электиги менен, айрым бир изилдөөлөрдү эске албаганда, аталган маселе боюнча лингвостилистикалык багытта иликтөөлөрдүн жоктугу менен түшүндүрүлөт. Диалог – көркөм тексттин органикалык бир бөлүгү, автордун дүйнөнү обочо көркөм чагылдыруусунун бир формасы, бир ыкмасы. Диалогдун маани-мазмунун, өзгөчөлүктөрүн аныктоо, жалпы эле ошол көркөм чыгарманын мазмунун иликтеп түшүнүүгө көмөк көрсөткөндүктөн көркөм тексттеги диалогду ар тараптан изилдөө актуалдуу.

Диссертациянын темасынын илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык иш А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жана кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери – Көркөм тексттеги диалогдордун лингвостилистикалык, лингвокоммуникативдик өзгөчөлүктөрүн, диалогдордун көркөм тексттеги ордун, маани-маңызын, алардын көркөм текстте чыгарманын темасын, негизги проблемасын, көркөм образдар системасын ачып берүүгө катышын, көркөм чыгармада подтекстте туюндурган автордук идеянын диалогдордо көркөм чагылдырылышын аныктоо – бул изилдөөнүн негизги максаты.

Аталган максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн изилдөөнүн астына төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- Буга чейин жарык көргөн илимий-теориялык адабияттардын негизинде көркөм тексттеги диалогдордун изилденишине сереп салуу;

- Көркөм тексттеги диалогдордун негизги белгилерин, лингво-коммуникативдик, лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

-Көркөм тексттеги диалог менен автордук ремарканын логика-коммуникативдик, семантика-стилистикалык карым-катнашын тактоо;

- Көркөм диалогдо маалымат туюндуруунун көркөм-эстетикалык, семантика-стилистикалык, коммуникативдик жол-жоболорун ачып түшүндүрүү;

- Көркөм тексттеги диалогдун лингвистикалык жактан уюшулуш маселелерин иликтөө;

- Көркөм тексттеги диалогдордо колдонулган лексикалык, морфологиялык, синтаксистик каражаттардын логика-коммуникативдик, лингвостилистикалык табиятын аныктоо;

- Көркөм тексттеги диалогдорду уюштурууга катышкан экстралингвистикалык факторлордун, паралингвистикалык каражаттардын лингвостилистикалык табиятын иликтөө.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы. Көркөм тексттеги диалогдор көркөм чыгарманын жалпы мазмунун түзүүчү негизги бирдик катары, көркөм чыгарманын автору сунуштаган идеялык, көркөмдүк, мазмундук өзгөчөлүктөрдү уюштурууга көмөкчү болгон бир форма катары кыргыз тил илиминде биринчи жолу лингвостилистикалык багытта изилдөөгө алынды. Ошондой эле изилдөөдө көркөм тексттеги диалогдордун лингвокоммуникативдик, структура-семантикалык жана лингвистикалык табияты, диалогдордун түрлөрү, типтери конкреттүү тилдик, фактылык материалдардын негизинде аныкталды.

Изилдөөдө көркөм тексттеги диалогдордун коммуникативдик-лингвистикалык, лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрү жалпылаштырылып, диалогдордун көркөм чыгармадагы орду жана ролу, алардын көркөм текстте баяндаманы улантуучу, каармандардын образын ачып берүүчү, подтексттик, көркөм-эстетикалык маанилерди туюндуруучу функциялары көрсөтүлдү. Мына ушул жагдай бул кандидаттык диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп саналат.

Изилдөөнүн практикалык мааниси. Изилдөөдө көркөм тексттеги диалогдорго карата лингвостилистикалык анализдер жүргүзүлдү. Көркөм чыгармада ички жанасырткы диалогдорду түзүүгө катышкан каармандардын репликаларынын, автордук ремаркалардын стилистикалык табияты аныкталды. Көркөм диалогдогу коммуникативдик, көркөм-эстетикалык, паралингвистикалык, экстралингвистикалык факторлордун стилистикалык өзгөчөлүктөрү конкреттүү факты-материалдардын негизинде ар тараптуу иликтөөгө алынды. Аталган маселелер кыргыз тил илиминде алгач ирет коплекстүү, системалуу иликтөөгө алынгандыктан, бул изилдөөнүн материалдарын көркөм текстти интерпретациялоо, кыргыз тилинде көркөм стилде жазылган тексттердин коммуникативдик, лингвостилистикалык

табиятын окутуу иштерин аткарууда практикалык жактан кеңири колдонууга болот. Изилдөөнүн материалдары студенттердин диалог түзүп, пикир алышуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, аталган маселелерди ар тараптан өздөштүрүүгө, ошондой эле көркөм текстке стилистикалык терең анализ жүргүзүүгө көмөкчү боло алат.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. Көркөм чыгармадагы диалогдун негизги максаты – адамдын ички жан дүйнөсүн ар тараптан изилдөө, иликтөө, көркөм чагылдырып көрсөтүү, ошол аркылуу адамды таануу жана таанытуу.

2. Көркөм чыгармадагы диалогдордо автордук түшүндүрмөлөр, ремаркалар – ал диалогдун негизги багытын, мазмундук нугун, аныктоочу көркөм каражат, ыкма. Ошондуктан автордук ремаркаларды репликалар менен бирдиктүү кароо зарыл.

3. Көркөм чыгармадагы диалогдо паралингвистикалык каражаттар каармандардын ички жан дүйнөсүндөгү ар түрдүү абалдарды, алардын ортосундагы ар кандай мамилелерди, маанайларды, психологиялык атмосфераны конкреттештирип, деталдаштырып, полисемантикалык касиетке ээ.

4. Көркөм диалогдор контексттеги кырдаалга байланыштуу өзгөрмөлүү табиятка ээ. Тексттеги кырдаал көркөм диалогдун мазмунун аныктап турат.Кырдаалдык көрсөткүчтөр катары диалогдо сөз болуп жаткан предмет, тема жана сүйлөшүүнүн шарт-кырдаалы эсептелет.

5. Диалог – көркөм чыгарманын системалык бир бөлүгү, көп системалуу коммуникативдик обьект. Диалог көркөм чыгармадагы башка коммуникативдик бирдиктер жана тилдик, коммуникативдик,модалдык, көркөм-эстетикалык, стилистикалык системалар менен диалектикалык карым-катнашта болгондо гана кандайдыр бир мааниге ээ болот, кандайдыр бир коммуникативдик кызматты аткарат.

6. Көркөм диалогдордун коммуникативдик максатка, көркөм-эстетикалык мүдөөгө ылайык, ошол кырдаалдын атмосферасына, ошол

мезгилдин, социалдык ал-абалдын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу түзүлүшү диалог түзүүнүн ички мыйзам-ченемдери болуп саналат.

7. Көркөм текстттеги диалогдордо каармандардын сүйлөөсү ошол доордун жана коомдун менталдык, улуттук жана башка колориттик өзгөчөлүктөрүн чагылдырып турат.

8. Көркөм чыгармада каармандардын жекече сүйлөө портретин түзүүдө сырткы диалог менен ички диалогдун карым-катнашы чоң роль ойнойт. Ички диалогдор экстенсивдүү түрдө туюндурулган, полифункционалдуу, көп кырдуу өзгөчөлүктөргө ээ болгондуктан, каармандардын көркөм образын түзүүгө түз да, кыйыр да катышат.

Автордун жеке салымы. Теманын**,** багыттын тандалышы, материал жыйноо, системалаштыруу, чечмелөө жана жалпылоо изденүүчү тарабынан жекече аткарылды. Сунушталган ой-пикирлер, көз караштар, изилдөөдөн алынган илимий корутунду, жыйынтыктар диссертанттын өзүнө таандык.

Изилдөөнүн апробацияланышы. Изилдөөнүн материалдары жана жыйынтыктары боюнча Эл аралык байланыш жана цивилизация диалогу циклына арналган “Көп тилдүүлүк этномадний ар түрдүүлүктү сактоочу фактор катары: Билим берүү стратегиялары” деп аталган эл аралык семинарда, (Москва, 2019-ж), хакас тил илиминин негиздөөчүлөрү Д.Ф.Патачакованын 100 жылдык, М.И.Боргоякованын 90 жылдык юбилейине карата жана хакас тили жылына арналган VII эл аралык илимий конференцияда (Абакан, 2020-ж.), ОшМУда, И.Арабаев атындагы КМУда, ОшМПУда, эл аралык, республикалык, региондук илимий-теориялык конференцияларда баяндамалар жасалды.

Диссертациянын материалдары Ош шаарындагы ОшМПУнун кыргыз тили жана адабияты адистигинин жогорку курстарынын студенттерине атайын курс катары жана стилистика предметинде лекциялык жана практикалык сабак катарында 5 жылдан бери өтүлүп келе жатат.

Иш ОшМПУнун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталган.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын толук жарыяланышы. Изилдөөнүн мазмунун чагылдырган макалалардын бир тобу жергиликтүү илимий басылмаларда 9 макала, РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү чет элдик басылмаларда 4 макала жарык көрдү. Жалпысынан темага байланыштуу 13 илимий макала жарыяланган.

Диссертациялык эмгектин түзүлүшү. Иш киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү – 185 бет.

I бөлүм. Көркөм диалогдун изилдениши тууралуу илик

1.1. Көркөм диалогдун дүйнөлүк лингвистикада жана орус тил илиминде изилдениши

Диалог жана диалогдун табият-сыры тууралуу маселелер байыркы мезгилден бери иликтенип, калыптанып, өнүгүп келе жатат. Маселен, Орто - Азия жана Чыгыш өлкөлөрүндө диалог өзүнчө жанр катары шумерлердин диспутунда кездешери, диалогдун сакталып калган көчүрмөлөрү биздин заманга чейин Ригведада жана Махабхаратада «диалог гимни» деп аталып келгени, байыркы философтор өзүлөрүнүн философиялык көз караштарын диалог түрүндөгү трактаттарында чагылдырганы, диалог аркылуу көз караштардын кагылышы, материянын ар түрдүү сапаттары боюнча аргументтер жана контраргументтер туюндурулуп келгени, байыркы Грециянын улуу философу Платон диалогду системалуу түрдө пайдаланып, ал диалог жанрынын «чебери» деп эсептелгени, байыркы Грециянын дагы бир мыкты философ-окумуштуусу Аристотель бир нече философиялык эмгектерин диалог түрүндө жазганы тууралуу маалыматтар бар. [Муратова, 1991: 9]

Буга чейин жарык көргөн илимий адабияттарга караганда, Аристотелдин «Риторикасынан» бери тилдин диалогдуу табияты тууралуу ой-пикирлер айтылып келет. Ошондой эле Аристотель байыркы мезгилдерде логика тууралуу окуусун Платондун диалогун кылдат изилдөөнүн негизинде жазганы да белгилүү [Кучинский, 1983: 5].

Орус тил илиминде диалогдук текст маселеси 1920-30-жылдардан баштап активдүү изилдене баштаган. Академик Л.В.Щерба «… тил диалог аркылуу өз жашоосун улантарын (… подлинное свое бытье язык обнаруживает лишь в диалоге)» адилет белгилеген [Лагутин, 1991:6].

Окумуштуу М.М.Бахтиндин көз карашы боюнча, карым-катыштын диалогдуу табияты өзгөчө мүнөзгө ээ. Ошондуктан ал диалогду кең мааниде жана тар мааниде түшүнгөн, түшүндүргөн. Диалог кең мааниде эки аң сезимдин жолугушу катары каралат. Мындай көз караш боюнча, бардык

тексттер диалогдуу «эки пландуу» жана «эки субьектилүү» болот. Мында диалог коомдук кубулуш катары тилдин коммуникативдик маңызын чагылдырары айтылган. Тагыраак айтканда, бардык тексттерде реалдуу же потенциалдуу адресат болору белгиленген. Диалогдуулукту кең мааниде түшүнгөндө адамдын жашоосунун өзү диалогдуу экени байкалат.

Ошондуктан М.М.Бахтиндин ойлоруна кошулбай коюуга болбойт. («жизнь природе своей диалогична. Жить –значит участвовать в диалоге: вопрощать, внимать, отвечать, соглашаться и т.п.») [Бахтин, 1979: 318].

Тар мааниде диалог – коммуникациянын бир тиби, коммуникациянын уюушулуш бир принциби, сүйлөөнүн бир түрү. Диалогду тар мааниде түшүнгөндө анын төмөнкүдөй ажырым белгилери бар: маалымат алмашуучулардын экиден кем эмес болушу; башкача айтканда, айтуучу жана угуучунун болушу; айтуучу угуучуга же кайра угуучу айтуучуга алмашып турушу; диалогго катышып жаткандардын ошол тилди түшүнүшү; билими болушу; диалогго катышкандар бири-бирин көрүшү же угушу.

Диалогду ой жүгүртүү, дүйнөнү таанып билүү булагы катары караган окумуштуулар да бар [Глазман, 1973:54].

В.С.Библердин ою боюнча, түшүнүүнүн өзү диалогдуу табиятка ээ. Тагыраак айтканда, маалымат туюндурулган текст аркылуу өз ара диалогдук карым-катыштын негизинде түшүнүү ишке ашат [Библер, 1975: 35].

Диалогду жеке пикир алышуунун, инсан аралык сүйлөшүүнүн бир түрү катары изилдеген окумуштуулар да бар [Буева, 1975: 136-150].

Диалогдун психологиялык негиздери тууралуу буга чейин бир кыйла терең илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Анда диалог адамдын өз ара биргелешкен аракеттенүүсүн жана өз ара мамилесин чагылдырган көрүнүш катары түшүндүрүлөт [Леонтьев, 1974:130-131, Леонтьев, 1969, 133-144, Леонтьев, 121].

Окумуштуу Л.В. Выготский ишмердүүлүк теориясын изилдөө учурунда диалогду пикир алышуунун социалдык бир формасы, белгиси катары эсептеген [Выготский, 1960: 123-125].

Коммуникациянын бир түрү, формасы катары диалог тарыхый жактан байыркы, алгачкы экенин окумуштуу Л.П. Якубинский адилет белгилеген. Бул илимий изилдөөлөр да кайсы бир деңгээлде чындыкка жакын сыяктанат [Кучинский, 1983:15].

Диалог менен монологдун типтүү айырмачылыктары тууралуу бир кыйла изилдөө иштери жүргүзүлгөндүгү анык [Бахтин, 1979: 78, Лаптева, 1976: 24, Радаев, 1978: 13].

Окумуштуу Ц.Йотовдун пикири боюнча, диалог сүйлөшүүнү уюштуруучу, интеграциялоочу ыкмалардын бири болуп саналат [Йотов, 1979: 28].

Диалогдун татаал табияты бир канча өңүттөн изилденип келүүдө. Маселен, айрым илимий адабияттарда диалог сүйлөшүүнүн ар түрдүүлүгүн, кыймылын, өзгөчөлүктөрүн, көрсөткөн түшүнүк катары каралып, анын *сырткы диалог, ички диалог* деген эки түрү ажырымдалып көрсөтүлүп жүрөт. Бул өңүттөн караганда, *сырткы диалог* экиден кем эмес пикир алышуучу аркылуу ишке ашат. Ал эми *ички диалог* бир эле субьект аркылуу ишке ашып, өзгөрүлүп турат [Бахтин, 1979: 56-66]. *Сырткы диалогдо* диалогго катышуучулардын ар кимиси өз позициясын туюндурат. Демек, диалог мазмундук жактан ар түрдүү позициялардын туюндурулушу, кагылышы болуп саналат. Көркөм чыгармадагы диалогдун негизинде айрым карама-каршылыктар бири-бирине жакындан окшошушу мүмкүн. Ошондой эле диалогдор аркылуу көз караштардын карама-каршылыгы күчөтүлүп, тереңдетилген учурлар да кездешет. Бул жагынан караганда, диалог адамдын ой жүгүртүү процессине таасир этүүчү фактор болуп саналат [Брушлинский, 1979: 119, Славская, 1968: 18].

Көркөм чыгармадагы диалогдор кадыресе турмуш тиричиликте сүйлөшүү стилиндеги диалогдордон кескин айырмаланары, көркөм диалогдо каармандарды жекелештирүү процессии ишке ашырылары окумуштуу М.М.Бахтин тарабынан кылдат байкалган. [Бахтин, 1979: 231]

Диалогдун структуралык бирдиги тууралуу маселе да бир кыйла талаш-тартышты туудурган маселелердин катарына кирет. Маселен, айрым окумуштуулар диалогдун негизги структуралык бирдиги катары сөздү эсептейт [Выготский, 1934: 96].

Ал эми окумуштуу Я.Яноушек диалогдун структуралык бирдиги катары сүйлөмдү эсептейт [Яноушек, 1973: 15-17]. Айрым окумуштуулар диалогдун структуралык бирдиги катары айтымды жана репликаны (жоопту) эсептешет [Рождественский, 1977: 234-288]. Ошентип, диалогдун структуралык бирдиги катары сөз, сүйлөм, айтым, реплика эсептелип жүрөт. Булардын ичинен сөз көркөм диалогдо, өзгөчө маанилик жүктү аркалай алары тууралуу байкоолор да бар [Волошинов, 1930: 14].

Диалог маселеси боюнча жүргүзүлгөн лингвистикалык изилдөөлөрдө текстте колдонулган диалогдор өз ара бири-бири менен биримдикти түзүп турары туура белгиленген. Натыйжада, «диалогдук биримдик» түшүнүгү негизделген [Шведова,1960., 209].

Көркөм чыгармадагы диалог кадыресе сүйлөшүүдөгүдөй маалымат алмашуу маселесин эле чечпейт. Көркөм чыгармадагы диалог өзгөчө белгилүү бир логикалык-прагматикалык жана эстетикалык максат-мүдөөнү көздөп түзүлгөндүгү менен өзгөчөлөнөт.

Ошондуктан көркөм чыгармадагы диалогдо турмуштук көркөм сүрөттөөнүн андан аркы кыймылы, улантылышы ишке ашат.

Көркөм тексттеги диалог туюндурган мааниси боюнча көп кырдуу, ар тараптуу мүнөзгө ээ. Анда суроо түрүндө *өтүнүч, эскертүү, бекемдөө, күмөн саноо, ишенбөө, шексинүү, күнөөлөө, жалынуу, жалбаруу, боору ачуу, ачуулануу, өтүнүч, талап кылуу* сыяктуу ж.б. маанилер маанилик ньюанстар туюндурулат. Мында негизги максат көркөм образ түзүү максаты менен татаалдашкан болот.

Көркөм чыгармадагы диалогдо жалпы адамзаттык коммуникативдик универсарийлер дагы жана ошондой эле улуттук өзгөчөлүктөргө ээ болгон

жагдай-шарттар да, улуттук колоритти туюндурган маанилик оттеноктор да болот.

Көркөм чыгармадагы диалог маанилик, прагматикалык жактан көп катмарлуу структурада түзүлгөндүгү менен обочолонот. Драмадагы диалогду иликтөөдө 3 негизди эске алабыз. Иллокутивдик акты (иллокуция), локутивдик актыны (локуция- языковая структура и ее синтаксический и лексический оформленности), перлокутивдик акт (перлокуция- воздействие сила на партнера выражающиеся в его ответом). Көркөм чыгармадагы диалогдордо коммуникативдик акты да боло турган белгилер, касиеттер жана өзгөчөлүктөр кошо чагылдырылган болот. Анткени диалог коммуникативдик актынын туундусу болуп саналат. Коммуникативдик акт ар түрдүү, көп табияттуу мүнөзгө ээ болгондуктан көркөм чыгармадагы диалогдун да өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү көркөм-эстетикалык максат-мүдөөгө ылайык белги-касиеттери болот. Мисалы, илимий адабияттарда коммуникативдик актынын типтери катары:

1. Репрезентативдер – баяндоо, бекемдөө, сүрөттөө, констатация (болгонун эле айтуу);

2. Директивдер – убадаберүү, ант берүү, эскертүү, коркутуу, үркүтүү, сунуштоо;

3. Экспрессивдер – кечирим суроо, ыраазычылык билдирүү, көңүл айтуу, жемелөө, зекүү, таң калуу, нааразы болуу;

5. Декларативдер – кулактандыруу, атоолор, чечим боюнча типтер, подтиптер [Лагутин, 1991:47].

Көркөм чыгармадагы диалогду ар тараптуу жана көп кырдуу түшүнүү үчүн анда сүрөттөлүп жаткан окуянын кырдаалына, каармандардын ортосундагы карым-катнашка, көркөм баяндоонун өзгөчөлүктөрүнө жана чыгармадагы контекстке көңүл буруу зарыл. Көркөм чыгармадагы диалог автордун белгилүү бир ойду туюндуруу максатын ишке ашырып тургандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Көркөм текстте диалог эки катмарлуу табиятка ээ. Анда негизги маанилер каармандардын диалогу аркылуу туюндурулат. Ал эми **көмөкчү маанилер** окурмандарды даярдоо, киришүү, **автордук ремаркалар аркылуу берилет.**

Орус окумуштуулары диалогго тиешелүү негизги белгилерди аныкташкан жана диалогду ишке ашырган тилдик каражаттарга да иликтөө жүргүзүшкөн. Маселен, диалогдун негизги белгилери анын шарт-кырдаалдарга байланыштуулугу, контекстуалдуулугу (өзүнөн мурдагы жана чейинки айтылган маанилерге шартталып туруусу), ыкчам, эркин мүнөзгө ээ болушу (непроизвольность – эрксиздик, айла жоктук, аргасыздык), (алдын ала даярдалбагандык, мерчемделбегендик) эсептелет. Ошондуктан диалогдун лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрү катары анда жоопту талап кылуучу (суроолуу, илептүү) сүйлөмдөр, ар кандай кайталоолор, кайчы суроолор, эллипсис түзүлүшүндөгү сүйлөмдөрдүн көп болушу, паралингвистикалык каражаттардын (мимика, пантомимика, ымдоо-жаңсоож.б.) колдонулушу белгиленип жүрөт [Русская разговорная речь.1978:15].

Көпчүлүк изилдөөлөрдө диалогдун типтери бир нече түрлөргө классификацияланган. Маселен, социалдык-функционалдык багытта диалогдор: сот диалогу, үй-бүлөлүк диалог, диалог-мүнөздөмө деген түрлөргө бөлүнөт. Ал эми диалог жанрдык белгилери боюнча комедиялык диалог, трагедиялык диалог деген түрлөргө ажыратылып жүрөт [Балаян, 1971:325-331].

Диалог көп түрдүү композициялык-стилистикалык структурага ээ болгондуктан жана ал конкреттүү контекстке тыгыз байланыштуу болгондуктан буга чейин диалогго байланыштуу түзүлгөн классификациялар диалогдордун олуттуу негизги өзгөчөлүктөрүн толук чагылдырып бере албады. Мунун себеби **диалог коммуникация сыяктуу татаал, көп кырдуу табиятка ээ.**

Көркөм чыгармадагы диалог өзүнүн түзүлүшү, мазмуну, прагматикалык-стилистикалык табияты боюнча кадыресе диалогдордон

көпжагынан айырмаланат. Аталган багытта да көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Маселен, айрым окумуштуулар көркөм диалогду драмалык диалог жана прозалык диалог деп экиге бөлүп иликтеп жүрүшөт [Балаян, 1971: 42-58].

Диалог сүйлөшүүнүн негизги циклдарын ишке ашырууга катышат. Илимий адабияттарда сүйлөшүүнүн үч элементардык негизги циклдары: а) баяндоо-баяндоого карата мамиле; б) суроо-жооп; в) аракет кылууга ынануу-аракет кылуу же аракет кылбоо эсептелип жүрөт [Леонтьев, 1974: 18, Пиаже, 1932: 97-106, Обозова,1970: 118-119].

Аталган циклдардын ичинен суроо-жооп циклинин табиятын аныктоо багытында көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн [Жинкин, 1955: 22-34, Лимантов, 1975: 212, Орлова, 1968: 24, Ломов, 1977: 64-92]. Суроо-жооп диалогдун табиятына туура келгендиктен бул маселе ар тараптан изилдениши зарыл деп эсептейбиз.

Көпчүлүк изилдөөлөрдө диалогдун мазмунун аныктоонун жолдору, технологиялары берилген. Анда биринчи кезекте диалогдун темасын аныктоо маселелерине басым жасалган. Диалогдун темасын аныктоо боюнча ар түрдүү көз караштар бар. Анда диалогдун темасы, диалогдо эмне же ким жөнүндө сөз болгону эсептелет. Тактап айтканда, диалогдогу негизги референт диалогдун темасы болот. Диалогдо эмне жөнүндө сөз болсо, ал диалогдун темасы болуп саналат деген жыйынтык чыгарылган [Лабов, 1975: 96-181, Хаймс, 1975: 61, Лаптева, 1976: 256, Леонтьев,1974: 134, Волошинов, 1975: 336-362]

Диалогдун мазмунун аныктоодо анын темасын аныктоо жетишсиз. Диалогдун мазмунун аныктоодо диалогго катышкан адамдардын ошол тема тууралуу көз караштары, ар кандай мамилелери манилүү роль ойнору тууралуу ар кандай ойлор айтылып жүрөт жана аталган багытта бир нече, изилдөөлөр жүргүзүлгөн [Жинкин, 1955: 22-34, 1965: 7-37, 1970: 63-85, Доблаев, 1968: 14,Чистякова, 1974: 115-127, Бахтин, 1979: 167].

Орус окумуштуусу А.К.Соловьева диалогду мазмундук жактан бир нече түрлөргө классификациялаган. Мисалы, анын ою боюнча, диалогдордун: диалог-талаш-тартыш, диалог-жашыруун түшүндүрүү, диалог-эмоционалдык конфликт, диалог-унисон деген түрлөрү бар. Мында диалог-унисон көз карашы окшош адамдардын бири-бири менен мектешүүсү катары түшүндүрүлгөн [Соловьева, 1965: 103-110].

Көркөм чыгармадагы диалог маселесин изилдөөдө төмөндөгүдөй маселелер орчундуу болуп саналат. Автордук баяндоо менен каармандардын сүйлөшүүсүнүн карым-катнашы, каармандардын айткандарына автордун комментарий берүү ыкмалары, каармандардын сүйлөө портретин түзүү, диалогдун уюшулушунда катышкан экстралингвистикалык факторлор жана алардын аткарган кызматы, таасирлери_сыяктуу маселелер көркөм чыгармада олуттуу маселелердин катарына кирет [Виноградов, 1963: 13].

1960-70-жылдары көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын сүйлөө мүнөздөмөсүн изилдөөгө басым жасалгандыгы байкалат. Маселен, Е.В.Розендин изилдөөлөрүндө каармандардын сүйлөөсү аркылуу алардын социалдык тибин аныктоого болору белгиленген [Розен, 1960: 125]. Мында каармандардын сүйлөөсү аркылуу алардын социалдык абалын, кесиптик, улуттук, аймактык өзгөчөлүктөрүн аныктоого болору иликтөөгө алынган. Каармандардын сүйлөө мүнөзүндөгү жеке көрүнүштөр алардын жалпы сүйлөө адатын чагылдырары адилет белгиленген.

А.Н.Мороховскийдин ою боюнча, көркөм чыгармадагы диалогдо каармандардын сүйлөөсү аркылуу анын социалдык өзгөчөлүктөрүн эле эмес, каармандардын сөз болуп жаткан предметке жана адресатка карата да мамилеси туюндурулат [Мороховский, 1983: 39].

Көркөм диалогдо каармандардын жеке сүйлөө өзгөчөлүктөрүн каармандарды «жандандыруучу»процесс катары түшүнгөн окумуштуулар да бар [Новиков, 1964: 43].

Көркөм диалогдордо каармандардын жеке сүйлөө өзгөчөлүктөрү алар колдонгон синтаксистик каражаттар аркылуу да уюшулары 1960-жылдары

А.Н.Долгихтин эмгектеринде иликтөөгө алынган. Анда байламтасыз татаал сүйлөмдөр, кемтик сүйлөмдөр, эллипсис сүйлөмдөр, бүтпөй калган сүйлөмдөр иликтөөгө алынып, алардын көркөм сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрү белгиленген[Долгих, 1964: 9].

Ушул эле жылдары көркөм тексттеги диалогдун тилдик табиятын, синтактика-грамматикалык структурасын, каармандардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүн аныктоо багытында изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Анда бир тутумдуу, эки тутумдуу сүйлөмдөр, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөр, киринди конструкциялар көркөм диалогдо басымдуу колдонулары белгиленген [Зондель, 1966: 11].

Көркөм тексттеги диалогдун өзгөчө ыргак-мукамын, каармандардын жекече сүйлөө салт-жөрөлгөлөрүн түзүүдө автордук ыкма катары экспрессивдик-синтаксистик конструкциялар колдонулат.Аталган маселелер академик В.В.Виноградовдун жана О.В.Александрованын изилдөөлөрүндө иликтөөгө алынган [Александрова, 1984: 7]. Академик В.В.Виноградов синтаксистик конструкциянын комбинацияланышынын көркөм-экспрессивдик, көркөм сүрөттөөчүлүк жагдайлары тууралуу изилдөөлөрдү да жүргүзгөн [Виноградов., М., 1953.,61-бет, 1963.,12-бет].

Албетте, көркөм тексттеги диалогдун бай табиятын иликтөөдө академик В.В.Виноградов тарабынан сүйлөшүүнүн эмоционалдык-экспрессивдик табият-өзгөчөлүктөрүн уюштурууга катышкан экспрессивдик синтаксистик каражаттар тууралуу сунуштаган ой пикирлери көркөм тексттеги диалогдун дагы бир табиятын ачып түшүнүүгө көмөк көрсөткөн деп эсептейбиз.

Диалогдун тилдик өзгөчөлүктөрү тууралуу өзүнүн ой пикирин белгилүү орус окумуштуусу Т.Г.Винокур дагы билдирген. **Көркөм чыгармадагы диалогдор турмуш-тиричиликте оозеки сүйлөшүүнүн моделине ылайык түзүлөт** деп эсептеп, ал бул маселе тууралуу иликтөөлөрдү жүргүзгөн [Винокур, 1974: 19].

Диалогдун табиятын иликтөөдө академик Л.В.Щербанын ой пикирин эске алуу зарыл деп эсептейбиз. Ал монолог менен диалогдун ортосундагы айырмачылыктарды атап көрсөтүүдө «подленное свое бытия язык обнаруживает лишь в диалоге» деген туура пикирин билдирген [Щерба, 1915: 189].

Чындыгында эле, тил сүйлөшүүдө, диалогдордо колдонулбаса, өлүү тилге айланат. Тилдин жашоо формасы сүйлөшүүдө, диалогдордо болуп саналат. Бул өңүттөн караганда, диалогдорду өзгөчө кубулуш катары кароо зарыл. Анткени тилдин коммуникативдик бүтүндөй табияты, тилдин өзгөрүүлөрүнүн динамикасы, кыймылы, өнүгүшү диалогдордо ишке ашат, сүйлөшүү процессинде бул маселелер иретке келип теске салынат.

Орус окумуштуусу М.Н.Орлова диалогдун 3 түрлүү моделин бөлүп карайт.

1. Суроо-жооп диалогу
2. Ырастоо-жооп диалогу
3. Ырастоо-ырастоо диалогу

Окумуштуу М.Н.Орлова суроо-жооп моделиндеги диалогдордун функционалдык-семантикалык өзгөчөлүктөрүн, суроо түрүндөгү жана жооп түрүндөгү репликалардын карым-катнашын ар тарабынан иликтөөгө аракет кылган [Орлова, 1968: 5].

Коммуникативдик багыттагы изилдөөлөр тилди коммуникативдик процесстин каражаты катары изилдөө максатын көздөйт. Бул багытта көптөгөн изилдөөлөр бар [Апресян, 1986: 208-223, Арутюнова, 1981:356-365, Богданов, 1989:25-37, Винокур, 1984:31-46, Колшанский, 1979: 51-62, Почепцов, 1984: 27, Сидоров, 1986: 54, Сусов, 1988: 7-13]. Аталган багытта орус окумуштуусу Г.В.Колшанскийдин изилдөөлөрү олуттуу маанаге ээ. [Колшанский, 1979: 51-62]

Коммуникативдик багыттагы изилдөөлөрдө тил, ой жүгүртүү, кырдаал, инсан, адамдын дүйнө таанымы сыяктуу маселелер эриш-аркак, бири-бирине карым-катышта изилдөөгө алынат. Чындыгында эле

тилдик каражаттар жана алардын коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрү орус тил илиминде ар тараптан изилдөөгө алынган [Бурдина., 1988: 33-40, Девкин, 1985: 3-12, Комиссаров, 1985: 129-138, Сулименко, 1988:57, Томахин, 1988: 82-86] .

Коммуникациянын негизги бирдиги болгон тексттин семантикалык дискренттүүлүгү тууралуу окумуштуу Г.В.Колшанский алгылыктуу идеяларды айткан. Анын ою боюнча, текст тилдик каржаттардын жалпы суммасынан түзүлбөйт [Колшанский, 1979: 54-94].

Текстти коммуникативдик процесстин бирдиги катары изилдеген окумуштуулар текст аркылуу, андагы негизги өзгөчөлүктөр тууралуу өзүнүн ой пикирлерин сунушташкан. Алардын ою боюнча, текст – оозеки жана жазма түрүндө ишке ашкан, белгилүү бир мотивдери, максат-мүдөөлөрү бар, шарт-кырдаалга ылайык түзүлгөн коммуникативдик бирдик [Винокур, 1984: 31-46, Зимняя, 1985: 75, Каменская, 1990: 151, Мучник, 1985: 252, Сидоров, 1986: 101].

Текстти уюштуруучу сөздөр тегерегиндеги башка дагы сөздөр менен тыгыз, маанилик байланышта болору тууралуу ой-пикирин окумуштуу В.Г.Гак да адилет белгилеген [Гак, 1972:373, Гак,1982:46].

Коммуникативдик фрагменттин бөлүгү катары диалогдук биримдиктер сөздүн маанилери аркылуу ич ара бири-бири менен байланышып турат. Мында коммуникативдик ишмердик ишке ашат [Винокур, 1988:12].

Коммуникативдик бирдик катары текстти кабыл алуу, интерпретациялоо тууралуу да бир нече илимий изилдөө иштери жүргүзүлгөн [Зимняя, 1985: 39, Кайзер, 1990: 79, Апресян, 1986:203-223, Мучник, 1985: 254, Долгих, 1966:5-22].

Коммуникациянын инсанга, субьектиге байланышта изилдөөгө алынышы чоң мааниге ээ [Есперсен,1958: 14, Якобсон, 1975:193-230]

Сүйлөө актысынын структуралык өзгөчөлүктөрү (локуция, локутивдик этап – бул сүйлөө активдүүлүгүн ишке ашыруу үчүн сөздөрдү тандоо этабы; иллокуция, иллокутивдик этап – айтуучунун мотивдештирилген интенциясы,

сүйлөө актысында айтуучу белгилүү бир максатта көздөгөн ниеттер, каалоолор) тууралуу изилдөөлөр дагы көркөм чыгармадагы диалогдун табиятын өздөштүрүүгө өз салымын кошо алды [Скиданенко,1984: 23].

Сөздөр маанини туюндурары, маанилер ой жүгүртүүнүн жолун аныктары В.А. Звегинцев тарабынан туура белгиленген деп ойлойбуз. [Звегинцев, 1973:168].

Коммуникативдик процессте диалогдун куралышы, жаралышы кырдаалдык өзгөчөлүктөргө тыгыз байланыштуу болот. Коммуникативдик процесстеги кырдаалдык өзгөчөлүктөр окумуштуулар тарабынан ар кандай багытта изилдөөгө алынганы белгилүү [Жинкин, 1982:158, Гак, 1972:43, Падучева, 1985:271, Цейтлин, 1976: 37-46, Касевич, 1988:312].

Орус окумуштуусу В.А.Жеребков коммуникациянын молекулярдык моделин сунуштаган. Анда ал модел *айтуучу(жазуучу)–сүйлөө чынжыры (текст)– угуучу (окурман)–предмет–тил* сыяктуу 5 компоненттен турары белгиленген. Анын ою боюнча, бул 5 компоненттин ичинен тилдик компонент принципиалдуу мааниге ээ. Маселен, сөз синтаксистик да жана кырдаалдык да абалды туюндура алат [Брудный, 1971: 2].

Л.П.Плехановонун пикири боюнча, диалог теориясына таянып, диалогдук фрагментти аныктоодо «сүйлөө кырдаалынын биримдиги, микротеманын болушу, турмуш чындыгынын баяндалышы жана ошого жараша тилдик каражаттардын колдонулушу негизги белгилер болуп саналат» [Плеханова, 1983: 8].

Диалогдо сүйлөшүп жаткан эки тараптын тең өзгөчөлүгүн эске алуу менен окумуштуу А.К.Соловьева «Диалог–талаш-тартыш, диалог–түшүндүрүү, диалог–уруш-жаңжал, диалог–унисон» деген диалогдун бир нече типтерин классификациялаган [Соловьева, 1965: 110]. Диалогдун мындан башка да классификациялары бар [Голубева-Монаткина, 1991:154, Кожин, Крылова, Одинцов, 1982: 47].

Окумуштуу Н.Ю.Шведова тарабынан диалогдук биримдиктин базалык бирдигинин аныкталышы диалог теориясында чоң мааниге ээ болгон. Анын ою боюнча, диалог биримдигинин базалык бирдиги катары диалогдун структура-семантикалык бирдиги эсептелет [Шведова, 1960: 17].

Прозалык чыгармаларда диалогду көркөм тексттин негизги сөздүк материалдарынын бөлүгү катары эсептеген окумуштуулар да бар [В.В.Виноградов, 1980:360, Земская, 1988:5-44].

Айрым окумуштуулар көркөм чыгармадагы диалогдо маалыматтар порция-порция түрүндө туюндуруларын да белгилешкен. [Бахтин, 1986: 2]. Мындай маалыматтык порциялар айтуучу менен угуучунун ортосундагы мамилени, жалпы эле сүйлөшүүдөгү кырдаалды аныктоого мүмкүнчүлүк түзөрү белгилүү.

Каармандардын диалогу – алардын дүйнөнү субьективдүү чагылдыруусу [Виноградов, 1980: 9]. Мында сөз өзгөчө мааниге ээ. Академик В.В.Виноградовдун пикири боюнча, “сөз – ой жүгүртүү үчүн так тирөөч” [Виноградов, 1980: 302].

Сүйлөө ишмердигинде ой жүгүртүү структурасынан тилдик структурага кандай кыймыл коштолуп жүрөрү окумуштуу Е.С.Кубрякова тарабынан адилет белгиленген [Кубрякова,1984:15-16].

Көркөм чыгармадагы диалогдо айтуучу менен бирге угуучу да активдүү роль ойнойт. Бул тууралуу М.М. Бахтиндин пикири колдоого арзыйт [Земская, 1988: 5-44, Сейдалиев, 1989: 98-108, Сухих, 1988: 22-29, Шуголь, 1990: 7].

Диалог маселесин изилдөөдө суроо багыты жооп багытына караганда көбүрөөк изилденгени окумуштуулар тарабынан белгиленип жүрөт [Голубева-Монаткина, 1960: 377, Плеханова, 1983: 13]. Диалог жалаң эле суроо-жооп түрүндө болбостон, айрым учурда кайсы бир фактыны туюндуруу, же кандайдыр бир шарт-талаптарды билдирүү өңүтүндө да болору адилет айтылган учурлар бар [Голубева-Монаткина, 1960:131].

Диалогдун маанилик өзгөчөлүктөрү катары оң жана терс жооп берүү маселеси тууралуу да бир нече изилдөөлөр жүргүзүлгөн. [Галактионова, 1988:145-168, Поройкова, 1976: 102-115].

Диалог маселеси окумуштуулар тарабынан ар кайсы өңүттө изилдөөгө алынган. Айрым окумуштуулар диалогдогу сандык, сапаттык, мамилелик өзгөчөлүктөрдү, сүйлөө манерасын жана андагы кырдаалдарды изилдеген [Грайс, 1985: 222].

Айрым окумуштуулар диалогдо сүйлөөнүн эреже-талаптарын иликтөөгө алган [Грайс, 1985:117].

Окумуштуу О.Есперсен: «Мындай айтууга болобу?», «Мындай айтуу туурабы?», «Мындай айтуу жакшыбы?» деген сүйлөмгө байланыштуу үч сапатты аныктоого аракет кылган. Окумуштуу Б.С.Мучник диалогдун так, түшүнүктүү жана кыска табияты тууралуу иликтөөлөрдү жүргүзгөн [Мучник, 1985: 189].

Диалог жана анын негизги белгилери тууралуу Е.В.Будде (Будде,1896), жана Е.Д.Поливановдун [Сейдалиев, 1989: 123] эмгектеринде илимий маалыматтар берилген. Алар диалогдун ар кандай өзгөчөлүктөрүн аныктоого аракет кылышкан.

Диалог тууралуу изилдөөлөр 1950-жылдардан кийин активдүү жүргүзүлгөн. Маселен, диалогдун адабият таануу багытындагы табияты [Бахтин, 1986: 44], диалогдун тарыхы, философиялык багыттагы өзгөчөлүктөрү [Бондарко, 1985:13-23] изилдөөгө алынган.

Диалог тууралуу бир түрдүү пикирлер жокко эссе. Окумуштуулар диалогду ар башка өңүттө иликтеп, бул тууралуу ар түрдүү ой-пикирлерин, көз караштарын билдиришкен. Маселен: О.А.Ахманованын «Словарь лингвистических терминов» деген эмгегинде «Диалог–сүйлөшүүнүн бир формасы катары эсептелет» [Апресян, 1986: 132]

Ал эми окумуштуу О.А. Лаптева диалогду сүйлөшүп жаткандардын суроо-жооп, репликасы катары түшүнөт [Лаптева, 1976:52].

Айрым окумуштуулар диалогду ырааттуу, кезек-кезеги менен айткан реплика катары түшүнүшөт [Виноградов, 1963: 255, Щерба, 1957:113-129].

Диалогду татаал жана көп кырдуу кубулуш катары кабыл алган окумуштуулар да бар. [Касевич,1988: 300]

Диалогдун маңызы, анын сүйлөшүүдөгү орду тууралуу ар түрдүү көз караштар буга чейинки изилдөөдө чагылдырылып келген. Маселен, айрым окумуштуулар тарабынан диалог сүйлөөнүн негизги табигый формасы катары эсептелет [Изаренков, 1979: 49]. Турмуш-тиричиликте сүйлөшүүнүн формасы диалог жана монолог деген эки түргө бөлүнүп каралып келгени да ырас. [Шведова, 1960:377].

Диалог – сүйлөшүүнүн бир ыкмасы. Ушул көз карашты карманган окумуштуулардын эмгектерин кезиктирүүгө болот.

Диалогдун структуралык өзгөчөлүктөрү боюнча да ой-пикирлер ар түрдүү. Маселен, диалогду структуралык жактан сүйлөшүп жаткан адамдардын өз ара реакциясы, репликанын чынжырчасы катары караган окумуштуулар бар [Щерба, 1915: 36]. Диалог биринен бири өтүп жаткан сүйлөө аракети катары да каралат [Якубинский, 1923: 96-194]. Диалог сүйлөшүү процессинде табигый түрдө жаралып турган айтымдардын алмашылышы катары да түшүндүрүлүп жүрөт [Шведова,1960: 377].

Диалогдогу репликалар өзүнөн мурдагы жана кийинки репликалар менен шартташып турары да белгиленген [Винокур, 1953: 16]. Ошондой эле диалогду монологго караганда жөнөкөй түзүлүштөгү кубулуш катары караган окумуштуулар да кездешет [Святогор, 1967: 20, Щерба, 1957:113-129, Якубинский, 1923: 96-194].

Диалогдогу психологиялык өзгөчөлүктөр тууралуу да ар тараптуу изилдөөлөр бар [Якубинский, 1923: 96-194, Ананьев, 1977: 377, Святогор, 1967: 20]

Диалогдун мазмундук өзгөчөлүктөрү, анын тематикалык биримдикте уюшулары, монологго караганда көркөм, ар түрдүү белги-касиеттерге ээ

болушу сыяктуу маселелер да окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган [Винокур, 1953: 16, Виноградов, 1963: 255, Святогор, 1967: 22].

Диалогдун жаралышы жана анын ишке ашышы, диалогдо сүйлөшүп жаткан адамдардын сөздөрүнөн улам кырдаалга жараша жаралары (Щерба, 1915), эгерде сүйлөшүп жаткан адамдардын ортосунда жалпы пикир келишүүчүлүк болсо, диалог ийгиликтүү ишке ашары [Якубинский,1923: 132] тууралуу кызык материалдар да кездешет.

Диалог процессинин урунттуу өзгөчөлүктөрүн изилдөө иштерине Ф. де Соссюрдун лингвистикалык концепциясы күчтүү таасир эткени байкалат. Анда тил ситемалык көрүнүш катары каралган. Ошондой эле сүйлөө да коммуникативдик системанын бир бөлүгү катары иликтенген. [Ф.де Соссюр, 1977: 695]

Диалогдун формалдык аспектиси боюнча Т.Г.Винокур [Винокур, 1953: 14], Н.Ю.Шведова [Шведова, 1960: 257], О.И.Шаройко [Шаройко, 1969:13] жана башка окумуштуулар изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Мындай изилдөөлөрдө репликалар ортосундагы тилдик, формалдык байланыштар жана ошол байланыштын типтери иликтөөгө алынган. Диалогдун синтаксистик өзгөчөлүктөрү иликтенген. Мында ошол коммуникативдик максат-милдеттерине байланышсыз тилдик өңүттө гана иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Натыйжада, бул окумуштуулар диалогго мүнөздүү, сырткы, типтүү өзгөчөлүктөрдү аныктаган. Тагыраак айтканда, диалогдо эллипсис конструкциялары көп колдонулары, диалогго мүнөздүү штамп, траферат жана сүйлөө клишелери болору аныкталган [Гаврилова, 1970: 20, Н.Н.Гаврильев, 1974: 18].

Диалогдун кээде өксүк, кыска, кээде артык баш узун болушу, суроо-жооптордун биримдүүлүгү, репликалардын бири-бирине бекем байланышы, репликалардын бирин-бири улап турушу сыяктуу диалогго мүнөздүү белги, касиеттер да окумуштуулар тарабынан аныкталган [Шведова, 1960: 31, Шаройко, 21].

Диалогдо татаал сүйлөмдөргө караганда жөнөкөй сүйлөмдөр көп колдонулары да белгиленген [Тарасова, 1977: 76-85, Шаройко, 1969: 23].

Формалдык өзгөчөлүктөрү боюнча диалогдун бир нече түрлөрү аныкталган. Маселен, окумуштуу А.К.Соловьева диалог-билдирүү, диалог-талкуу, диалог-маек деген диалогдун түрлөрүн ажыратып көрсөткөн. Анын ою боюнча, диалог-билдирүүдө кеңири, жайылма конструкциядагы сүйлөмдөр көп колдонулат. Ал эми диалог – маектешүүдө эллипсис түрүндөгү сүйлөмдөр арбын колдонулат [Соловьева, 1965: 103-110].

Диалогдун структуралык өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө репликалардын ортосундагы байланышка көп көңүл бурулган [Беркнер, 1959: 3-40, Трофимова, 1964: 15, Шведова, 1960: 354] Мында диалогдогу репликалар бирин-бири толуктаган, синтаксистик жактан бекем байланышкан кубулуш катары иликтөөгө алынган.

Диалогдун мазмундук өзгөчөлүгү боюнча изилдөөлөр семантика, семиотика багытында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу деп айтсак жаңылыш эмес. Диалогго байланыштуу семантикалык аспектиде көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөнү маалым [Афанасьев, 1966: 25, Власова, 1980: 20, Войскунский, 1973: 235-240: Теплицкая, 1975: 314-331].

Диалогдун мазмундук жагына көңүл бурууда анда семантикалык байланыштарга өзгөчө маани берилип, иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Диалогдо кээде структуралык байланыштын болбой калышы мүмкүн, бирок семантикалык байланыштын болбой калышы мүмкүн эмес [Теплицкая, 1975: 314-331].

Бирин-бири алмаштырган айтуучу менен угуучунун айткан сөздөрү семантикалык жактан байланышта болору, бирок **андай байланыштар ар түрдүү мүнөзгө ээ** болору да белгиленген [Долгих, 1966: 5].

Диалогдун табиятын, структуралык-семантикалык багытта изилдөөгө аракет кылган окумуштуулар да болгон. Алар диалогдогу тилдик каражаттар

менен семантикалык өзгөчөлүктөрдү биримдикте кароого аракеттерди жасашкан. Диалогдо, маселен, кандай семантикалык каражаттар катышары, кандай типтеги суроолор жана ага карата кандай семантикада жооптор болору, диалогдо оң жана терс жооптор, эрк билдирүү процесси кандайча уюштурулары, кайталоо, колдоп кетүү сыяктуу жана башка структуралык түзүлүштөр кандай семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ болору ар тараптан анализге алынган [Гаврильев, 1974: 24].

Ошентип, диалогдон диалогго карата семантика-структуралык багыттагы изилдөөлөрдө диалог репликалардын байланышынан курулган, адабий тилдик нормада түзүлгөн көрүнүш катары эсептелет. Экинчиден, диалогдо формалдык (тилдик) жана семантикалык байланыштар болору так айтылат. Натыйжада, диалогдун функционалдык-коммуникативдик табияты, мындай изилдөөлөрдө иликтөөгө алынбаган. Чындыгында, **диалог – тилдик каражаттардын негизинде түзүлгөн коммуникативдик процесстердин туундусу. Ошондуктан диалогдо тилдик каражаттардан сырткары тилдик эмес паралингвистикалык каражаттар маани туюндуруучу кызмат аткарышат**. Бул жагынан караганда, М.М.Бахтиндин [Бахтин, 1979: 175] жана академик В.В.Виноградовдун [Виноградов, 1963: 78] көз караштарын туура деп эсептейбиз.

Диалогдун функционалдык-коммуникативдик табиятын изилдөөдө анда туюндурулган маалыматтын семантикасы жана коммуникативдик максаттары эске алынып, изилденет. Диалогдун маалыматтык негиздери коммуникативдик процесстеги көптөгөн өзгөчөлүктөргө байланыштуу иликтөөгө алына баштаган. Бул багытта бир нече изилдөө иштери бар [Арутюнова, 1972: 57, Арутюнова, 1970: 44-58, Балаян, 1971: 9, Герасимов, Романенко, 1983: 173-217, Тименов, 1969: 224-255, Полищук, Пыж., 1981: 195-200, Полищук, 1970: 34-40, Святогор, 1967: 17, Славгородская, 1981: 67].

Аталган багыттагы изилдөөлөрдө диалогдун коммуникативдик багыты, сүйлөшүп жаткан адамдардын коммуникативдик интенциясы, максат-

мүдөөлөрү, жалпы эле диалогдун максаты, милдеттери, формасы, диалогдун контекст менен байланышы, туюндурулган информациянын мүнөзү, анда тилдик эмес паралингвистикалык каражаттардын ээлеген орду тууралуу маселелер көп кырдуу иликтенген [Святогор, 1967: 17]. Диалогдогу репликанын маалымат туюндуруу өзгөчөлүктөрү, андагы функционалдык багыттар, реплика-суроо, реплика-өтүнүү сыяктуу жана башка репликанын типтери ажыратылып берилген [Бельский, 1953: 87, Войскунский, Шмерлинг, Яглом, 1981: 3-12].

Диалогдо коммуникативдик маанилүү элементтердин ажырымдалып каралышы диалогдун коммуникативдик өзгөчөлүктөрүн ар тараптан изилдөөгө өбөлгө болгон деп ойлойбуз. Аталган багытта Н.Т.Арутюнованын, А.Р.Балаяндын жана Ш.Баллинин эмгектери орчундуу маниге ээ [Арутюнова, 1972: 221, 1970: 63, Балаян, 1971: 11, Балли, 1955: 416].

Диалогдун коммуникативдик багытында кандай информация туюндурулуп жатканы жана ага карата кандай мамиле болуп жатканы адресатка карата информациянын баалуулугу тууралуу маселелер, ошондой эле диалогдо конкреттүү сөз болуп жаткан обьект маанилүү же ошол обьекти боюнча сүйлөшүп жаткандардын ортосундагы мамиле маанилүүбү деген маселелер ар тарабынан иликтенген. Мында сүйлөшүп жаткан адамдардын жүрүм-туруму, кыймыл-аракеттери белгилүү бир тактикалык жүрүш катары эсептелинген [Арутюнова, 1972: 221, 1970: 63, Балаян, 1971: 9].

Диалогду семантика-логикалык матрицалардын жыйындысы катары эсептеген окумуштуулар да бар. Ошентип, окумуштуу А.М.Радаевдин пикири боюнча, диалогдун *диалог – оппозитивдүү диалог* деген түрү бар [Радаев, 1978: 7-19]. Мындай диалогдо айтуучунун репликасына угуучу карама-каршы маанидеги далилдер менен жооп берүү ишке ашат.

Диалогдун прагматикалык табияты да окумуштуулар тарабынан ар түрдүүчө изилденген [Булыгина, Шмелев, 1982: 314-326, Арутюнова, 1980: 356-367]. Диалогдун прагматикалык табияты кеңири коммуникативдик контекст аркылуу аныкталат. Диалогдун прагматикалык өзгөчөлүктөрүн

изилдөөдө окумуштуу Ю.С.Степанов: «Диалогдун негизги прагматикалык багыты башка адамдарга таасир этүү экендигин баса белгилеген» [Степанов, 1981: 325]. Окурмандарга мындай таасир этүү угуучуну толкундатуу, капа кылуу, күлдүрүү же анын көңүлүн башка жакка буруу сыяктуу максатта ишке ашышы ыктымал.

Айрым окумуштуулар **диалогду коммуникативдик жүрүш-туруш** катары карайт да, аны сапаттуу иликтөө үчүн дагы башка көптөгөн факторлорго көңүл буруу зарылдыгын белгилейт [Изаренков, 1973: 7].

Көркөм диалогдо тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган маалымат андан башка да көп түрдүү маалыматтарды туюндурушу мүмкүн. Көркөм диалогдо суроо түрүндөгү репликага жооп түздөн-түз болбошу да мүмкүн. Ошондой болсо да, көркөм чыгармадагы диалогдо каармандардын сүйлөгөн сөздөрүнөн алардын коммуникативдик багытта кызматын, тилектештигин байкоого болот. Бул жагдай сүйлөшүп жаткандардын бирдей максатты көздөгөнүнөн, сүйлөшүп жаткандардын бири-бирин толук түшүнүүгө аракеттенүүсүнөн, биринин сөзүн бири бөлбөй бирине-бири көмөктөшүүсүнөн, бул сүйлөшүү зарылчылыгын биргелешип чечүүгө аракет кылуусунан байкалат.

Көркөм чыгармадагы диалогдо суроо репликасына жооп так болбой, сөздүн багытын башка жакка буруу же сөз болуп жаткан темада, багытта маалымат берүүдөн баш тартуу, унчукпай кутулуу сыяктуу прагматикалык өзгөчөлүктөр да кездешет.

Көркөм чыгармадагы диалогдо каармандардын ортосундагы конфликтти чагылдырууда айтуучунун сөзүнөн угуучу ар кандай кыйкым таап, кыянатчылык кылып, сөз маанилерин атайы бурмалап, башкача маалымат туюндурган учурлар да кезигет.

Диалогдогу психологиялык өзгөчөлүктөрдү изилдөө да ар кандай багытта болгону байкалат [Жинкин, 1955: 22-34, 1966: 5-25, Ломов, 1979: 34-47, 1975: 124-135, 1976: 64-93, Васильева, 1984: 37, Мясинцев, 1960: 110-125]. Окумуштуу А.А.Леонтьев диалогдогу концептуалдык модел тууралуу

изилдөөлөрдү жүргүзгөн [Леонтьев, 1979: 121-132, Назаретян, 1982: 9-18, Рыжов, 1980: 39-46]. Диалог, психологиялык өңүттөн караганда, «субьект-субьект» мамилелеринин ишке ашышы катары каралат да, андагы психологиялык, мазмундук өзгөчөлүктөр диалогдо иликтөөгө алынат [Ломов, 1979., 34-47, 1975: 124-135]. **Диалог субьектилердин тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган жүрүм-турумунун ырааттуулугу** катары эсептелет жана анда ал жүрүм-турумдун психологиялык ички мазмуну изилдөөгө алынат [Рубинштейн, 1959: 178].

Айрым окумуштуулар үчүн **диалог ой жүгүртүүнүн жана образдардын тилдик каражаттар аркылуу туюндурушу** катары кабыл алынып келет [Кучинский, 1980: 20, Лаптева, 1976: 397, Беляева, Самойленко, 1983: 106-120].

Диалогдо ойдун тилдик каражаттар аркылуу туюндурулушу үстөмдүк мүнөзгө ээ. Бирок ошондой болсо да,диалогдун мазмунун ар тараптан аныктап, тактап, конкреттештирип турган тилдик эмес каражаттар да диалогдо олуттуу мааниге ээ экендиги көпчүлүк окумуштуулар тарабынан белгиленген [Горалов, 1980: 104, Госпаров, 1978: 63-112, Вальсинер, Микхин, 1974: 110-117]. Айрым окумуштуулар диалогдо сөзгө караганда сүйлөө органдары жана биздин мимикабыз, денебиз көбүрөөк катышаарын, сүйлөшүү сөз аркылуу маалымат алмашуудан да кеңири көрүнүш, кубулуш экендигин атайы белгилеп жүрүшөт. Диалогдо мимика, көз караш, адамдардын турган туруму, ымдоо-жаңсоосу, жест функциясы, контакт жана аралык сыяктуу тилдик эмес факторлор да мазмун туюндуруучу функцияны аткарары аныкталган [Aberombie, 1972:113].

Диалогдо паралингвистикалык каражат катары интонациянын мазмун туюндуруучу касиет-белгилери окумуштуу Т.М.Николаеванын эмгектеринде иликтөөгө алынган. Диалогдо интонация бир нече маанилерди басым жасап туюндурууда колдонулары, сүйлөшүүнүн темасын, андагы карама-каршы жагдайларды, маанилик өзгөчөлүктөрдү баса белгилеп көрсөтүүдө

пайдаланылары Т.М.Николаева тарабынан ажыратылып түшүндүрүлгөн [Николаева, 1980: 49-54].

И.Н.Сметюк өзүнүн иликтөөлөрүндө диалогдук тексттин түзүлүшүн коммуникативдик аспектиде изилдеген [Сметюк, 1994: 3]. Г.А.Геворкян көркөм чыгармалардагы каармандардын сүйлөөсүндөгү лексика-семантикалык жана синтаксистик-структуралык өзгөчөлүктү жана диалогдун көркөм чыгармадагы ордун изилдөөгө аракет жасаган [Геворкян, 1986: 15].

Окумуштуу Г.А.Денисенко жетекчи менен коллективдин ортосунда болуучу диалогдун ар түрдүү кырдаалын иликтеп, жетекчиде кесиптик, социалдык-психологиялык, коомдук-саясий жана коммуникативдик билимдердин болушу зарылдыгын белгилеген [Денисенко, 1992: 8].

М.Н. Кожина диалог менен монологдун табиятын салыштырып, аталган маселе боюнча бир топ окумуштуулардын (М.Бахтиндин, Г.М.Кучинскийдин ж.б.) көз караштарына, ой-пикирлерине баа берген. [Кожина, 1986: 24] К.В. Муратова орус элинин риторикасындагы диалогдун теориясын изилдеп, улуттук салттын чегинде талаш диалогунун семантикалык концепциясын ар тараптан иликтеген. [Муратова, 1991: 9] Н.А. Комина диалогду коммуникативдик-прагматикалык планда изилдесе [Комина, 1984: 15], изилдөөчү Ц.Д.Йотов диалогдук пикир алышуунун типологиялык мүнөздөмөсүнүн негизги белгилерин, диалогдун негизги типтерин ж.б. касиеттерине иликтеген [Йотов, 1977: 5]. И.Д.Степанова орус адабий тилиндеги диалог менен монологду салыштырып, диалогдун синтаксистик өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурган [Степанова, 1993: 16]. Г.Г.Хисамова диалог менен монологдун карым-катышын, диалогдун функционалдык-коммуникативдик, семантика-структуралык, стилистикалык аспектисин, лингвистикалык өзгөчөлүктөрүн, диалогдогу салттуу көрүнүштөрдү ж.б. изилдеген [Хисамова, 2009, 18].

П.А.Беляева Ф.М.Достоевскийдин романдарындагы диалогдук сүйлөшүүнү типтерге бөлүштүргөн. Ал диалогду төмөндөгүдөй типтерге ажыраткан: информативдик диалог, маалымат алмашуу диалогу, мактоо

диалогу, талаш диалогу, эмоционалдык диалог, артисттик диалог, интеллектуалдык диалог, ишендирүү диалогу, ж.б. [Беляева, 2005: 23].

А.А.Гаркуша көркөм тексттеги диалогдун түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн иликтеп, диалогдун коммуникативдик-семантикалык типологиясына көңүл бурган жана аларды типтерге бөлүштүргөн [Гаркуша, 2014: 9].

1.2. Көркөм диалогдун түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениши

Көркөм диалог маселеси түркологиялык изилдөөлөрдө да иликтенген. Маселен, казак тил илиминде диалог маселелери казак лингвистикасынын негиздөөчүлөрү А.Байтурсунов жана Х.Жутановдордун эмгектеринде биринчилерден болуп иликтөөгө алынган. Ошондой эле диалогдун кээ бир маселелери С.Кегисбаев, М.Балакаев, Т.Кардабаев, Т.Сыдыкова, С.Амиров, Х.Нурмуханов, К.Каримов, А.Джунисбеков, З.Базарбаева, З.Ахметжанова, Е.Есиркенова сыяктуу ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде анализге алынган.

Д.Б.Абдыкаримова казак жана орус тил илиминдеги диалог маселелерин, казак, орус диалогдорундагы репликанын типологиясын жана репликанын типтерин аныктап, бөлүштүргөн [Абдыкаримова, 1999: 6].

Казак окумуштуусу Ж.К.Исаеванын “Диалог в произведениях Ч.Айтматова” деген кандидаттык диссертациясынын авторефератында Ч.Айтматовдун көркөм чыгармаларындагы диалогдун когнитивдик табияты, андагы семантикалык, прагматикалык, лингвопсихологиялык байланыштардын өзгөчөлүктөрү иликтөөгө алынган. Ошондой эле көркөм чыгармадагы каармандардын репликалары типтерге классификацияланган жана көркөм диалог аркылуу Ч. Айтматовдун тилдик инсандыгын аныктоого аракеттер жасалган. Анын ою боюнча, Айтматовдун тилдик-инсандык өзгөчөлүктөрү ал түзгөн көркөм диалогдо ачык байкалат жана Айтматов түзгөн көркөм диалогдон дүйнө тааным боюнча улуттук колоритти,

коммуникативдик-прагматикалык подтексттик интенцияларды жана алардын көп багыттуу көрүнүштөрүн байкоого болот [Исаева, 2007: 4-19].

Ж.К.Исаева Айтматов түзгөн көркөм диалогдун структуралык-семантикалык жактан уюшулушу жана алардын когнитивдик багытта көркөм-эстетикалык таасирлери тууралуу да алгылыктуу ойлорду билдирген. Кыска, так көркөм диалогдун маалыматтык сыйымдуулугу арбындыгы, анда каармандын эмоционалдык дүйнөнүн айкын чагылдыргандыгы Ч.Айтматовдун жеке жазуучулук жана инсандык өзгөчөлүктөрүнө тыгыз байланыш экендиги тилдик-факты материалдын негизинде иликтөөгө алынган.

Казак окумуштуусу А.С.Шыныбекова “Роль невербальных средств в речевом общении” (Шыныбекова, 2010) деген илимий макаласында драмалык чыгармада унчукпоонун көркөм диалогдо аткарган көп түрдүү кызматы тууралуу өзүнүн ой-пикирин билдирген. Анда ремаркалар аркылуу көркөм диалогдо унчукпоонун маани туюндуруучу көп түрдүү өзгөчөлүктөрү бар экендиги, айрым учурда драмалык тексттерде унчукпоо абдан күчтүү прагматикалык, эмоционалдык, экспрессивдик натыйжаны жаратары, анда тилдик эмес факторлор чечүүчү маниге ээ болору илимий-теориялык багытта иликтөөгө алынган [Шыныбекова, 2010: 99].

Көркөм диалог тексттеринде мындай унчукпоо каармандардын көркөм образын түзүүгө да катыштыгы бары, унчукпоо каармандардын жан-дүйнөсүндөгү өзгөчөлүктөрдү көрсөтүүчү бир каражат экендиги да казак драматургу С.Жунусовдун драмалык чыгармаларынын мисалында иликтөөгө алынган [Шыныбекова, 2010: 100].

Өзбек окумуштуусу Н.З.Нормуродова “Выражение языковой личности в художественном диалоге” деген кандидаттык диссертациялык изилдөөсүндө көркөм диалогдо тилдик каражаттар аркылуу каармандардын инсандык табиятынын чагылдырылышы тууралуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Анда тил аркылуу инсандык өзгөчөлүктөрдүн туюндурулушу жана кабыл алынышы, андагы коммуникативдик-прагматикалык,

концептуалдык-когнитивдик факторлор иликтенген. Көркөм диалогдо тил аркылуу инсандыкты туюндуруунун моделдери (семантика-стилистикалык, лингвопрагматикалык, лингвокогнитивдик, тилдик-маданият таануучулук моделдери) жана андагы жеке психологиялык, эмоционалдык, гендердик, курактык, социалдык, илим-билимдик жана маданий өзгөчөлүктөр тууралуу да илимий маалыматтар берилген. Ошондой эле көркөм диалогдо тил аркылуу инсандыкты аныктоонун жалпы адамзаттык жана улуттук маданий баалуулуктары, инсандын интеллектуалдык чөйрөсү аныкталып берилген [Нормуродова, 2012: 7-8].

Бул изилдөө антропоборбордук принципте жүргүзүлгөндүктөн, көркөм диалог тилдик өзгөчөлүктөр аркылуу инсанды аныктоонун бир формасы катары эсептелген. Изилдөөчү Н.Нормуродова көркөм диалогдун типтери:

“ а) көркөм диалогдук текстти узундугу боюнча (кыска диалог, узун диалог);

б) семантикалык жана тематикалык мазмуну боюнча (турмуш-тиричилик диалогу, философиялык диалогдор, диний, социалдык мүнөздөгү диалогдор, пикир алышууну камсыз кылган диалогдор ж.б.);

в) инсан аралык мамилени, таасирди билдирүүсү боюнча (диалог-талаш-тартыш, диалог – уруш-жаңжал, диалог – ынандыруу, диалог – дискуссия, эмоционалдык таасир этүү диалогу ж.б.)” түрлөргө бөлүнөрүн маалымдаган.

Өзбек окумуштуусу Х.К.Усмановдун “Особенности разговорной речи в художественном тексте” деп аталган кандидаттык диссертациясында турмуш-тиричиликте сүйлөшүү стилиндеги диалог жана анын типтүү өзгөчөлүктөрү, турмуш-тиричиликте сүйлөөнүн көркөм текстте колдонулуш өзгөчөлүктөрү ар тараптан иликтөөгө алынган. Каармандардын ортосундагы диалог, монолог, полилогдун табияты, азыркы өзбек прозасында драматизациялоо маселелери, диалогдун структуралык түзүлүшү, репликаларды айырмалап турган негизги каражаттар, диалогдогу кайталоонун конструктивдик өзгөчөлүктөрү өзбек көркөм прозасынын

факты-материалдарынын негизинде анализге алынган [Усманов, 1988: 22-68]. Ошондой эле көркөм текстте турмуш-тиричиликте сүйлөшүү стилиндеги тилдик каражаттардын колдонулуш өзгөчөлүктөрү, андагы стилистикалык, грамматикалык белгилер тууралуу да иликтөөлөр жүргүзүлгөн [Усманов, 1988: 69-139].

Өзбек окумуштуусу Ш.Казаковдун “Семантика-стилистические особенности эмоционально-оценочное лексики драм Хамзы” деген кандидаттык диссертациясында эмоционалдуу-экспрессивдүү стилистикалык боекко ээ болгон сөздөрдүн, терс мааниге ээ болгон экспрессивдик-стилдик боектогу сөздөрдүн, сезимдерди туюндурган кичирейтүү, эркелетүү маанисиндеги сөздөрдүн, эмоционалдык-стилдик боекко ээ болгон фразеологизмдердин көркөм диалогдо колдонулуш өзгөчөлүктөрү, алардын көркөм-эстетикалык функциялары тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн [Казаков, 1990: 25-72].

Өзбек окумуштуусу М.Тухсановдун “Микротекст и система средств выражения его когерентности в узбекской художественной речи” (Тухсанов, 1987) деген кандидаттык диссертациясында көркөм тексттин когеренттүүлүгүн (бүтүндүгүн, байланышын) уюштуруучу тилдик каражаттар, алмаштыруунун жана кайталоонун когеренттик функциялары, тексттин когеренттик моделдери изилдөөгө алынган. Бул диссертациялык изилдөөдөгү материалдар көркөм диалогдун когеренттик табият-өзгөчөлүктөрүнө, кыйыр болсо да, тиешеси бар. Анткени көркөм диалог когеренттик негизде түзүлөрү белгилүү.

Бурят көркөм тексттиндеги диалогдук элементтер Т.М.Дугаржанованын “Лингвостилистический анализ поэтических произведений Д.Дашинимаева” деген кандидаттык диссертациясында иликтөөгө алынган. Аталган эмгектин 1-главасынын 2-параграфында тыным, риторикалык кайрылуу, риторикалык суроо, тике сөз тууралуу маалыматтар берилип, булардын семантикалык, функционалдык өзгөчөлүктөрү (жек көрүү, иренжүү, эргүү ж.б.) конкреттүү тилдик-фактылык материалдардын

негизинде анализге алынган [Дугаржанова, 1988: 101]. Бул изилдөөдөгү аталган маселелер көркөм диалогдун табиятына мүнөздүү белгилерди өзүнө камтып турат.

Кыргыз тил илиминде көркөм диалог маселери академик С.Ж.Мусаев, профессорлор: Б.Ш.Усубалиев, С.Өмүралиева, Т.Аширбаев, Т.С.Маразыков, Ж.Мамытов тарабынан азыноолак болсо да, изилдөөгө алынган.

Дегеле "диалог" термини кыргыз илимий адабияттарында атайы түшүндүрмө берилип, окуу китептерине, терминологиялык сөздүктөргө жазылганы белгилүү. Маселен, "Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү" деген эмгекте "Диалог (гр. – сүйлөшүү, аңгемелешүү) – эки же андан ашык адамдардын өз ара оозеки сүйлөшүүсү, аңгемелешүүсү. Көркөм чыгармадагы диалог – каармандардын речин мүнөздөөнүн эң кеңири түрүнөн. Диалог бардык эле жанрдагы чыгармаларда бар, өзгөчө, ал драмада окуяны өнүктүрүүнүн каражаты катары негизги ролду ойнойт" деп түшүндүрүлгөн [Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. 1994: 29]. Албетте, аталган адабият багытындагы "Терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө" диалогго карата берилген аныктамага тактоолорду киргизүү зарыл. Анткени экиден "ашык адамдардын өз ара оозеки сүйлөшүүсү, аңгемелешүүсү" диалог эмес, полилог болот. Диалог – эки адамдын сүйлөшүүсү.

"Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө":

1. "Диалог – эки же бир нече адамдын бири-бирине карата өз ара сүйлөшкөн сөзү.
2. Адабий чыгармалардагы эки адамдын сүйлөшүшкөнүн көрсөткөн бөлүмү.
3. Сүйлөшүү, аңгемелешүү формасында жазылган адабий чыгарма" катары диалогго түшүндүрмө берилген [Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 2016: 382].

Жогоруда белгиленген сыяктуу "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө" да диалогго карата так аныктама берилбеген. "Бир нече адамдын

бири-бирине карата өз ара сүйлөшкөн сөзү” бул диалог эмес, полилог болот. Биздин оюбузча, терминдик түшүнүктөргө так аныктама берүү зарыл.

Ырас, ошого карабай, жогорудагы сөздүктөрдө диалогго берилген түшүндүрмөлөр жалпысынан диалогдун өзгөчөлүктөрүн чагылдыра алат. Бирок көркөм диалогдун табият-өзгөчөлүктөрү кадыресе турмуштук диалогдордон бир кыйла обочолонуп турары белгилүү.

Көркөм диалог – көркөм чыгармадагы каармандын сүйлөө этикетин, маданиятын, билимин, билим деңгээлин, аң-сезимин, жүрүш-турушун, дүйнө көз карашын, маалыматтуулугун, ж.б. касиеттерин ачып берүүчү каражат. Ошондуктан диалог көркөм текстте каармандардын образын ар тараптан ачып берүүчү, тактоочу, окуяга аралаштыруучу, окуяны өнүктүрүүчү динамикалуу коммуникативдик кызмат аткарат. Каармандардын ой-пикирлери диалог аркылуу берилүү менен, көркөм текстте каармандардын психологиялык, моралдык, этикалык өзгөчөлүктөрү кыйыр түрдө ачылып берилет.

Кыргыз тил илиминде көркөм тексттин лингвистикалык, коммуникативдик, стилистикалык айрым өзгөчөлүктөрү боюнча буга чейин атайы илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн окумуштуулар бар. Маселен, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, ф.и.д., профессор Б.Ш.Усубалиевдин “Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик” деп аталган монографиясында көркөм тексттин дагы бир бөтөнчөлүгү катары анын диалогдук жана көп үндүүлүк касиетин атайы белгилеген. Анда “көркөм чыгарма, анын ичинде көркөм кеп да диалогго кирери” адилет айтылган. Бул окумуштуунун ою боюнча, көркөм чыгарманы диалогсуз элестетүүгө болбойт. Көркөм диалог өзгөчө диалог катары эсептелет [Усубалиев, 1994: 69-70].

Профессор Б.Ш.Усубалиев көркөм текстте диалогдун көп катмарлуу табиятын атап көрсөткөн. Ал көркөм чыгармада төмөндөгүдөй: “Сүрөткердин дүйнө менен диалогу – автордун өзү менен өзүнүн диалогу (автокоммуникация) – көркөм чыгарманын реципиенттер менен диалогу –

реципиенттердин бири-бири менен диалогу” болору тууралуу орус окумуштуусу Л.Н.Соловичтин [Солович, 1985: 337] ойлорун кубаттаган. Профессор Б.Ш.Усубалиевдин пикири боюнча, жазуучу көркөм диалог түзүүдө дүйнөнү жана өзүн-өзү ачып берет. Ошондуктан көркөм чыгармадагы диалог өтө татаал, бири-бирине чырмалышкан, бири экинчисин шарттаган:

1. Автор менен окурмандын диалогу;
2. Автор менен окуянын диалогу;
3. Автор менен автордун диалогу;
4. Автор менен кейипкердин диалогу;
5. Кейипкер менен кейипкердин диалогу сыяктуу түрлөргө, нече топторго бөлүнөт [Усубалиев, 1999: 70-71].

Аталган окумуштуунун “Бүтүндөй бир чыгарма – бул диалог, анткени ал – суроо жана ошол эле маалда жооп да” деген идеяларына кошулбай коюуга болбойт [Усубалиев, 1999: 71].

Өзү жазуучу да, окумуштуу да болгондуктан профессор Б.Ш.Усубалиев көркөм диалог түзүүдө сөздүн кудуретине өзгөчө басым жасаларын туура белгилеген деп ойлойбуз. Диалог түзүүдө “жазуучу ар бир сөздү диалог аркылуу, тагыраак айтканда, кимдир бирөө (өзү менен өзү, өзү менен кейипкер ж.б.) менен талашып-тартышуу аркылуу колдонулат, ошондо гана сөздүн жаны ачылат, ал өзүнүн бүткүл төрт дүйнөсүн төгө алат” деп көркөм диалогдогу негизги өзгөчөлүктөрдү таасын атап көрсөткөн.

Профессор Б.Ш.Усубалиевдин ою боюнча, көркөм чыгармада катышкан ар бир сөз андагы “бардык сөздөр менен өз ара алакада, диалогдо болот... ушул эле маалда өзү да алардан азыктанып турат... ушундан улам сөздөр предметтик жана экспрессивдик жаңы кудурет-күчкө ээ болуп чыга келет... көркөм кепте сөзгө жан киргизген негизги өбөлгөлөрдүн бири – бул диалог” [Усубалиев, 1999: 71]. Албетте, көркөм тексттеги диалогдун татаал табиятын иликтөөдө профессор Б.Ш.Усубалиевдин бул идеяларын эске алуу зарыл деп ойлойбуз. Анткени, биринчиден, бул идеялар көркөм диалогдогу

сөздүн кудуретин, анын диалогдук табиятын ачып түшүндүрүүгө көмөкчү боло алат. Экинчиден, Б.Ш.Усубалиевдин бул идеялары көркөм чыгармада диалогдун көп катмарлуу мүнөзгө ээ болуп тургандыгын айгинелеп бере алат. Ушул эле эмгегинде профессор Б.Ш.Усубалиев “сөздөр ортосундагы диалогду:

1. Бир сөз ортосундагы диалог;
2. Сөздөр ортосундагы диалог;
3. Айтымдар ортосундагы диалог;
4. Бир сөз менен ошол чыгарманын калган бардык сөздөрүнүн

ортосундагы диалог” деген бир нече түрлөргө, типтерге бөлүп караган [Усубалиев, 1999: 71]. Мындан сырткары, чыгарма жаралып бүткөндөн кийин дагы көркөм чыгарманын диалогдорунун экинчи этабы башталары, ал диалог окурмандын автор менен, көркөм чыгарманын өзү менен болгон диалогу экендиги тууралуу да илимий ой-пикирлер айтылган.

Көркөм диалогдун текстик, коммуникативдик маселелери боюнча профессор С.Өмүралиева «Текстин семантикасы жана структурасы» деген аталыштагы докторлук диссертациясында изилдөө иштерин жүргүзгөн. Аталган маселе боюнча ал мындай дейт: «Диалог окуяны да, ситуацияны да толук чагылдыра албайт. Ал көркөм чыгарманын жалпы жумурулугунда өзгөчө бөлүнүп турган бирдик эмес, ал текстин жалпы мазмунунда түз сызык түрүндө өнүгүп келе жаткан тынчтыкты окуяга аралаштыруучу оттенок берет. Диалог же репликалуу кеп кейипкерди окуяга аралаштыруучу, образын тактоочу мүнөзгө ээ болот. Ситуацияны түзүү үчүн кызмат аткарат да, ал текстин жалпы тутумуна автордук-кептик формалар аркылуу сиңирилет. Диалог – накта жашоо-турмушту өзүндөй чагылдыруунун ыкмасы, бирок ошентсе да, окуяны берүүнүн негизги каражаты боло албайт, ал бар болгону турмуштук көрүнүштүн цитациясы болуп эсептелет…. Диалогдун колдонулуу ыкмасы ар кыл, бирде пикир алышуу, бирде кайым айтышуу, бирде кайталоо түрүндө колдонулуп, ар кандай семантикалык оттенокту берет. Диалог эмоционалдуулукту туюндуруу менен чыгарманын

тулкусунда өзгөчөлөнгөн кепти түзөт» [Өмүралиева,1999: 15]. Мында профессор С.Өмүралиева көркөм тексттеги диалогдун негизги өзгөчөлүктөрүн кылдат ачып түшүндүргөн. Чындыгында эле, диалог көркөм тексттин тулкусунда бөлүнүп калган автономдуу бөлүк эмес. Ал – көркөм тексттин тулкусунда органикалуу түрдө катышкан, белгилүү бир коммуникативдик, көркөм-эстетикалык максатты көздөгөн көркөм маалыматты туюндуруунун бир ыкмасы. Диалог көбүнчө турмуштук көрүнүштүн цитациясы, реалдуу картинасы катары автор тарабынан аң-сезимдүү түрдө сунушталган, көркөмдүк максатты көздөгөн көркөм ыкма болуп саналат. Экинчиден, көркөм чыгармада кубануу, кайгыруу, ж.б.у.с. турмуштук көрүнүштөрдү реалдуу чагылдыруу максатында диалогдор атайы колдонулат. Ошондуктан көркөм текстте диалог окуяны андан ары улантуучу ситуациялык каражат гана болбостон, диалог каармандардын жан-дүйнөсүн, образын ар тараптан тактоочу, бышыктоочу сапатка да ээ. Ырас, айрым бир диалогдо ой жаратуучу, ой тутандыруучу касиет-белгилер да болот. Кайсы бир диалогдор көркөм текстте ой-натыйжа чыгаруучу күчкө да эгедер. Айрым диалогдор каармандарды сүрөттөөдө болобу, же көркөм тексттин сюжеттик-композициялык багытын, өзгөртүп-өнүктүрүүдө болобу, идеялык аккумуляция болуп бере алат. Кээ бир диалогдор көркөм чыгармада подтекстти туюндурган чечүүчү маниге ээ болот. Кандай болгон күндө да, диалог көркөм тексттин тулкусунда жумуру бүтүндүктү түзүп турат. Бул окумуштуунун жогорудагы ой-пикири диалогдун көркөм чыгарманын тулкусунда жумурулукту түзүп, мазмун туюндурууга активдүү катышары тууралуу ойлорду чагылдырат. Бул жагынан караганда, профессор С.Өмүралиеванын ой-пикирине кошулбай коюуга болбойт [Омуралиева, 1999: 36].

Ф.и.д., профессор С.Өмүралиеванын “Тексттин семантикасы жана структурасы” (Айтматовдун көркөм чыгармалары боюнча) 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча жазган докторлук диссертациясынын авторефератында көркөм тексттеги диалогдун негизги табиятына илимий

негизде кыскача мүнөздөмө берген. Анда көркөм диалогдун мазмун уюштуруучу, эмоционалдуу, экспрессивдүү маалыматты туюндуруучу касиет-белгилери тууралуу сөз болгон.

Ошондой эле профессор С.Өмүралиева аталган докторлук диссертациялык изилдөөсүндө көркөм чыгармада диалогду колдонуунун ык-амалдары тууралуу да өзүнүн позициясын билдирген. Маселен, аталган маселеге байланыштуу «диалогдун колдонулуу ыкмасы ар кыл, бирде пикир алышуу, бирде кайым айтышуу, бирде кайталоо түрүндө колдонулуп, ар кандай семантикалык оттенокту берет» деген туура ой-пикирин туюндурган. Мында көркөм диалогдун полифункционалдуу табияты тууралуу ойлор айтылган.

Профессор С.Өмүралиева көркөм диалогду өзгөчө сүйлөө көрүнүшү катары түшүнөт. Аны «диалог-эмоционалдуулукту туюндуруу менен чыгарманын тулкусунда өзгөчөлөнгөн кепти түзөт» деген ойлорунан байкоого болот [Өмүралиева, 1999: 15].

Академик С.Ж.Мусаевдин “Тексттин коммуникативдик структурасы” деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча 2000-жылы жактаган докторлук диссертациясында көркөм диалогдун лингвокоммуникативдик, лингвопрагматикалык табияты, стилистикалык өзгөчөлүктөрү тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ошол докторлук диссертациянын мазмуну чагылдырылган анын “Кыргыз тил илиминин маселелери” деген монографиясында тексттин лингвопрагматикалык табиятына иликтөө жүргүзүү учурунда көркөм диалогдун лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү илимий-теориялык мүнөздөгү негизги идеялар маалымдалган. Бул эмгекте “Ой-пикир, аң-сезим, тил аркылуу гана материалдаштырылары, ал эми тил тексттик структурада гана реалдуу колдонулары жана функция аткарары... текстте... адресанттын жеткирейин деген ой-пикири, информациясы да, адресатка таасир этейин деген интенциясы да берилери ... адресант ... текст жана адресат коммуникация процессинин башталыш, ортоңку жана акыркы компоненти катары

органикалык биримдикти уюштуруу менен, алар кеп ишмердигинин маңыз-мазмунун түзөрү”, “ тил текст аркылуу тигил же бул нерсе жөнүндө билдирүү, маалымат берүү (локуция), адамдын психологиясына (ой-пикирине, түшүнүгүнө, ички сезимине, эркине, сезим-туюмуна) жана жүрүм-турумуна таасир этүү (перлокуция)” кызматын аткарары теориялык жактан негизделген [Мусаев, 2010: 544-546].

Жогоруда аталган академик С.Мусаев тарабынан айтылган теориялык жоболор көркөм диалогдун лингвистикалык жана стилистикалык табият өзгөчөлүктөрүн иликтөөдө сөзсүз эске алынуучу жоболор болуп саналат. Анткени көркөм диалогдо жогоруда белгиленген коммуникативдик-прагматикалык өзгөчөлүктөр локуциялык жана перлокуциялык функцияга байланыштуу көрүнүштөр, тилдик жана коммуникативдик система-структуралык карым-катыш, байланыштар көркөм диалогдун өзөгүн түзүп турат.

Ошондой эле, академик С.Ж.Мусаев “Баарлашуунун коммуникативдик-прагматикалык кырдаалы, жагдай-шарты коммуникацияны ишке ашырууда колдонулуучу тилдик каражаттардын системасына жана функциясына түздөн-түз таасир этүүчү негизги фактор” экендигин тексттин уюшулуу, семантика-информативдик мазмун билдирүү багытында негиздеп, түшүндүрүп берген [Мусаев, 2010: 561]. Бул теориялык жободо кандай гана текст болбосун, мейли, көркөм диалог текстти болобу, анда сүйлөшүүнүн коммуникативдик-прагматикалык кырдаалы, жагдай-шарты ал тексттин семантикасын, структурасын жана функциясын уюштурууга түздөн-түз катышары билдирилген. Демек, көркөм диалогдун коммуникативдик-прагматикалык кырдаалына көңүл буруу абдан зарыл болуп саналат.

Академик С.Мусаевдин текст, коммуникация тууралуу лингвистикалык концепциясында коммуникациянын өзү диалогдуу табиятка ээ болору баса белгиленген [Мусаев, 2010: 522-564, 567-603].

Бул окумуштуу текстин бирдиктерин изилдөө учурунда текстти түшүнүү, кабыл алуу маселеси бир нече факторлорго байланыштуу экендигин фактылык материалдардын негизинде далилдеп көрсөткөн. Маселен, академик С.Ж.Мусаевдин пикири боюнча, “Текстти, тексттик айтымды туура түшүнүү, толук кабыл алуу, же туура эмес түшүнүп калуу, же таптакыр эле түшүнбөй калуу мындан башка да жагдайлар менен да, айталы, коммуникативдик кырдаал-шарт, жалпы контекст, лингвистикалык контекст, коммуниканттардын тилдик личность катары жалпы маалыматтуулугу (фондук билими, тезаурусу) менен да байланыштуу...” [Мусаев, 2000: 154].

Албетте, бул идеялардын да биздин изилдөөбүзгө түздөн-түз тиешеси бар. Анткени көркөм диалогдун мазмунун иликтөөдө коммуникативдик кырдаал-шартты, жалпы контекстти, лингвистикалык контекстти, коммуниканттардын тезаурусун эске алуу өтө зарыл.

Филология илимдеринин доктору, профессор Т.Аширбаев “Тилдик каражаттардын стилистикалык табияты” деген монографиясында көркөм диалогдун айрым бир стилистикалык өзгөчөлүктөрүн иликтеген. Бул эмгекте ал сүйлөшүү стилинин белгилерин жаратуучу фонетикалык-стилистикалык каражаттар деген параграфта пауза, логикалык пауза, психологиялык пауза, ритмикалык пауза, кептин темпи, кептин тембри тууралуу иликтөөлөрдү жүргүзгөн да, көркөм тексттин маанилик жана мазмундук өзгөчөлүктөрүнө, андагы логикалык-психологиялык кырдаалдын стилистикалык жактан туюндурулуш механизмдерине конкреттүү материалдардын негизинде анализ жасаган. Маселен, анын ою боюнча, көркөм диалогдогу пауза синтаксистик каражатка кирбейт, ал стилистикалык-коммуникативдик каражат болуп саналат [Аширбаев, 2000: 54].

Ал эми логикалык пауза “Фразалардын чегин ажыратуу... аркылуу айтылуучу ойду угуучуга жеткиликтүү берүү” кызматын аткарат. Профессор Т.Аширбаевдин ою боюнча, логикалык пауза коммуникативдик бирдиктердин ортосундагы семантикалык алака-катышты жана андагы өзгөчөлүктөрдү билдирүү кызматын да аркалайт. Ошондуктан ал “...Кандай

гана стилдеги фраза же текст болбосун, андагы синтагмалардын чеги кыска пауза, фразалардын, татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн чеги орточо пауза, абзацтардын чеги узак пауза менен ажыратылат” деп логикалык паузанын негизги табиятын, коммуникативдик кызматын туура белгилеген [Аширбаев, 2000: 54].

Албетте, профессор Т.Аширбаевдин бул илимий изилдөөсү көркөм чыгармадагы диалогдун логика-коммуникативдик өзгөчөлүктөрүн, андагы ар түрдүү логикалык-семантикалык байланыштардын уюшулуу жол-жоболорун аңдап билүүгө чоң жардам берери бышык.

Ошондой эле профессор Т.Аширбаевдин логикалык пауза тууралуу айткан идеялары көркөм диалогдогу каармандардын мүнөзүн, образын ар тараптан ачып түшүндүрүүгө да илимий жактан көмөкчү боло алат деп ойлойбуз. Маселен, анын ою боюнча, “психологиялык пауза көркөм чыгарманын каармандарынын түрдүү психологиялык мүнөзүн сыпаттоодо керектелет” [Аширбаев, 2000: 55]. Бул айтылган ойлорго таянсак, көркөм диалогдо фоностилистикалык каражаттар коммуникативдик каражаттар катары каармандардын ар түрдүү образын түзүүгө активдүү катышарын байкайбыз. Чындыгында эле, психологиялык пауза каармандардын психологиялык ал-абалын таамай жана сыйымдуу туюндурууда колдонулат. Бул жагынан караганда, профессор Т.Аширбаевдин ойлоруна кошулууга болот.

Профессор Т.Аширбаев сүйлөмдүн темпи тууралуу алгылыктуу ойлорду айтканын атайы белгилөө зарыл. Маселен, сүйлөө темпи “Сөздөрдүн... айтылуу ылдамдык өлчөмүн аныктары”, каармандардын сүйлөө темпи менен автордун баяндамасы кескин айырмаланып турары анын бул изилдөөсүндө адилет маалымдалган [Аширбаев, 2000: 57-58].

Ошондой эле бул окумуштуунун сүйлөө тембри тууралуу байкоолору да көркөм тексттин табиятын иликтөөдө эске алынуучу илимий байкоолор болуп саналат. Маселен, профессор Т.Аширбаев сүйлөө тембри өтө маанилүү фонетика-стилистикалык каражат экендигин, “сүйлөөдө эмоционалдык-

экспрессивдик оттенокторду берүү үчүн үндүн ар түрдүү өзгөрүшү сүйлөө тембри” болорун таасын айткан. Бул идеялар көркөм тексттеги диалогдордо каармандардын сүйлөгөн сөздөрүнүн тембринен алардын бейтарап же тамашалуу же кайгылуу ж.б. маанайда маалымат туюндуруп жаткандыгын билүүгө болорун бизге кыйытып, билдирип турат. Демек, көркөм диалогдо каармандардын сүйлөөсүнүн темпи да, тембри да, тынымы да чоң мааниге ээ деп жыйынтык чыгарсак, жаңылыш эмес.

Профессор Т.Аширбаев аталган эмгегинде эмоционалдуу-экспрессивдүү боектуу сөздөрдүн стилистикалык табиятын ар тараптан иликтеп, көркөм чыгармада мындай каражаттардын активдүү колдонуларын, алар каармандардын ар түрдүү образын, психологиялык маанайын, ички сезимдерин кошо туюндурарын, боектуу лексикалык каражаттар көркөм текстте бир нече кошумча маанилерди билдирерин конкреттүү фактылардын материалдардын негизинде илимий багытта түшүндүргөн [Аширбаев, 2000: 83-84]. Профессор Т.Аширбаев сунуштаган бул илимий көз караш көркөм тексттеги диалогду изилдөөдө илимий база болуп бере алат деп ойлойбуз. Анткени көркөм диалогдо да, каармандардын репликасында да эмоционалдык-экспрессивдик стилдик боектогу сөздөр ал диалогдун негизги мазмундук өзгөчөлүктөрүн аныктап турат.

Профессор Т.Аширбаевдин “Кыргыз тилинин стилистикасы: Морфологиялык жана синтаксистик стилистика” (3-китеп) деп аталган жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китебинде морфологиялык жана синтаксистик каражаттардын стилистикалык табияты тууралуу айткан илимий маалыматтары биздин изилдөө обьектибиз болгон көркөм диалогдун лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоодо илимий-теориялык да жана практикалык да жактан база болуп бере алат. Маселен, “ат атоочтор сүйлөшүүнүн контекстине, сүйлөшүүгө катышуучулардын диалогдорундагы өз ара мамилелерге тыгыз шартташканы” [Аширбаев, 2001: 43], “бөлүкчөлөр көркөм чыгармада... диалогдук кепте өздөрүнүн грамматикалык маанилеринен башка ...”, бир нече “стилистикалык маанилерди кошо

туюндурары”, “сүйлөөчүнүн угуучуга карата мамилеси же сүйлөөчүнүн (автордун) айтмакчы болгон оюн тактаары”[Аширбаев, 2001: 83], “модалдык сөздөр...аркылуу сүйлөөчүнүн (автордун) угуучуга карата айтылуучу ой-пикирине дагы түрдүү кошумча маанилер киргизилери, чыгарманын эстетикалык көрктүүлүгү байытылары” [Аширбаев, 2001: 85], суроолуу сүйлөмдөр “диалогдук кептин негизин түзөрү, анын мааниси аркылуу диалогго катышкан адамдын түрдүү психологиялык абалдары, ар кандай маанидеги жооптору жана суроолору туюндурулары” [Аширбаев, 2001: 100], илептүү сүйлөм “көркөм чыгармада автордун жана персонаждардын турмуштагы чындыкка карата болгон ар кандай ички мамилелерин экспрессивдүүлүк менен баяндаш үчүн ар түрдүү мааниде колдонулары” [Аширбаев, 2001: 102], бир тутумдуу сүйлөмдөр “чыгарманын каармандарынын кебинде активдүү колдонулуп, ал аркылуу сүйлөөчүнүн кыймыл-аракетке болгон баа берүүсү, угуучуга карата болгон түрдүү сезимдери кошо туюндурулары” [Аширбаев, 2001: 106], “диалогдо каармандардын түрдүү сезимдери, психологиялык абалдары чагылдырылары, алардын кептик портрети тартылары, ... толук жана кемтик сүйлөмдөр каармандардын образын жаратуучу тилдик каражаттар катары саналары” [Аширбаев, 2001: 110], каратма сөздөр “диалогдо маалымат берүү функциясынан башка да көркөм милдеттерди аткарары” [Аширбаев, 2001: 122] илимий-теориялык негизде ынанымдуу маалымдалган.

КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, ф.и.д., профессор Т.С.Маразыковдун «Тексттеги интеграция» деген темада 10.02.01. – кыргыз тил адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны алуу үчүн жазган диссертациясында да унчукпоо тибиндеги текст көркөм диалогдун бир түрү катары эсептелерин илимий негизде баяндаган. Анын ою боюнча, «Унчукпоо тибиндеги текст да… сүйлөшүүнүн бир түрү. Анда таарынычка таарыныч менен жооп – реакция кылынат. Мындай типтеги сүйлөшүүдө экстралингвистикалык факторлордун үлүшү көп. Алар бул учурда активдүү роль ойнойт. Демек, кээде унчукпоо да көптөгөн

экстралингвистикалык факторлордун фонунда мазмунга ээ болот. Ошондо аны текст катары кароого болот» [Маразыков, 2005: 132-133]. Профессор Т.С.Маразыковдун бул ой-пикиринде диалогдордун түзүлүшүндө экстралингвистикалык факторлордун кээде үстөмдүк абалга ээ болушу тууралуу ойлор билдирилген. Тагыраак айтканда, айрым диалогдор унчукпоо тибинде болору кыргыз тил илиминде биринчи жолу белгиленген. Ошондой эле унчукпоо тибиндеги диалогдордун «негативдүү» жагдайлары (сес көрсөтүү, коркутуу, кыял көрсөтүү, кек сактоо, бааланyу, кемсинтүү, басынтуу, теңине албоо, эсине келтирүү, өзүн көрсөтүү, бой көтөрүүчүлүк, текеберлик ж.б.) жана анын позитивдүү негиздери (айттырбай билүү, эскертпей түшүнүү, алдын ала туя билүү, түшүнүүчүлүк менен кабыл алуу, белгилүү нерсени майдалап деталдаштырбоо, адресаттын аброюн сыйлап, сыр билгилик, дилгирлик, ийкемдүүлүк кылуу ж.б.)болору, мындай типтеги тексттер стилдик факторлорго бекем көз каранды экендиги, унчукпоо кадимкидей жандуу, динамикалуу процесс катары анын чеги, норма-талабы, орду жана белгилүү бир функцияда болору тууралуу профессор Т.С.Маразыков бул изилдөөсүндө ар тараптан иликтөөгө алган [Маразыков, 2005: 133-140].

Профессор Т.С.Маразыковдун 2020-жылы жарык көргөн “Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери” деген монографиясында көркөм текстке лингвокоммуникативдик, лингвостилистикалык, лингвокогнитивдик багытта иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Анын ою боюнча, “Көркөм текстти иликтегенде чыгармадагы көркөм каармандардын образын бири-бири менен эриш-аркак байланышта, диалектикалык карым-катнашта кароо, каармандардын жан-дүйнөсүнө аналитикалык (ажырым) ой жүгүртүү...” өтө зарыл [Маразыков, 2020: 132-224, 290]. Мындан каармандардын бири-бири менен кандай мамиледе, кандай мааниде сүйлөшүп жаткандыгы чечүүчү маниге ээ экенин байкайбыз. Демек, көркөм текстти иликтөөдө каармандардын диалогу анда негизги мазмун түзүүчү функцияны аткарат.

Ф.и.к., доцент С.Иманалиев “Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр” деген эмгегинде диалогдо сырдык сөздүн аткарган кызматы тууралуу азыноолак маалыматтарды сунуштаган. Анын ою боюнча, “Сырдык сөздөр көркөм чыгармадагы окуянын шартына байланыштуу келип чыккан диалогдук кепте өтө эле кеңири колдонулат да, адабий чыгарманын стилине өзүнчө бир кайталангыс көркөмдүктү, ачыктыкты жана жандуулукту берип турат” [Иманалиев, 1969: 76]. Окумуштуунун бул ойлорунан диалогдун модалдык негиздери, адамдын ички сезимдерин туюндурууда көркөм диалогдун көп кырдуу табияты тууралуу өзгөчөлүктөр байкалат.

Окумуштуу, ф.и.д., профессор Ж.Мамытов “Көркөм чыгарманын тили” деген эмгегинин “автордук баяндоо жана каармандардын кеби” деген бөлүмүндө тарыхый чыгармаларда автордук баяндоо менен каармандын кебинин ортосундагы карым-катнаш, алардын биримдиги жана бүтүндүгү тууралуу өзүнүн ой-пикирин ортого салган. Анын ою боюнча, тарыхый чыгармада каармандын репликалары сүрөттөлүп жаткан доордун сүйлөө өзгөчөлүктөрүнө төп келиши зарыл. Репликада ошол доорго тиешелүү экспрессивдүү тилдик нормалар, сүйлөшүүнүн элдик оозеки түстүү боектору, макал-лакаптар, элдик таамай салыштыруулар, эпитеттер, афоризмдер колдонулушу максатка ылайык келет. Бир сөз менен айтканда, профессор Ж.Мамытов көркөм тексттеги диалог “доор менен үндөшүп”, “мезгилге таандык тил менен” жазылышы керектигин туура белгилеген [Мамытов, 1990: 72-73].

Ф.и.д., профессор Ж.Элчиев “Азыркы кыргыз тили. Семантика” деген эмгегинде суроолуу сүйлөмдүн маанилик түрлөрүнө карата изилдөөлөрдү жүргүзүп, диалогдуу сүйлөмдөрдүн табиятына токтолгон. Анда дилогдун тутумундагы суроолуу сүйлөмдөр туңгуюк мааниде, өкүнүү, кабатыр болуу, нааразы болуу, тактоо, кекетүү, эскертүү, таарыныч, эки анжы, таңгыч, какшык, шектенүү ж.б. мааниде болору лингвосемантикалык жактан иликтөөгө алынган [Элчиев, 2015: 89-107]. Ф.и.д., профессор Ж.Элчиев сунуштаган мындай изилдөө жана талдоого алынган тилдик факты-

материалдар көркөм диалогдогу суроонун семантика-структуралык өзгөчөлүктөрүн ар тараптан таанып билүүгө көмөкчү болору шексиз.

I бөлүм боюнча корутунду

1. Көркөм чыгармадагы диалогдордун табияты, дегеле диалогдун урунттуу өзгөчөлүктөрү дүйнөлүк лингвистикада байыркы мезгилден бери эле ар тараптан изилденип, иликтенип келе жатат.

2. Диалогдун логикалык, структуралык, семантикалыкөзгөчөлүктөрү, анын негизги белгилери байыркы грек ойчулу Аристотелдин “Риторикасында” кылдат изилдөөгө алынган.

3. Орус тил илиминде окумуштуулар М.М.Бахтин, А.А.Леонтьев, Л.В. Выготский, Л.В. Щерба, В.В.Винокур, Л.П.Якубинский ж.б. илимий эмгектеринде диалогдун коммуникативдик, стилистикалык, нормативдик, когнитивдик, прагматикалык, логикалык, психологиялык, тематикалык, социалдык, структуралык, көркөм-эстетикалык табият-өзгөчөлүктөрү диалогдун коммуникативдик моделдери, типтери ар тараптан изилдөөгө алынган.

4. Түркологияда көркөм диалогдун негизги табияты, анын көркөм чыгармада аткарган функциялары (С.Шыныбекова), көркөм диалогдогу репликалардын типтери, түрлөрү (Д.Б.Абдыкаримова, Х.К.Усманов), көркөм диалогдо тил аркылуу инсандык өзгөчөлүктөрдүн туюндурулушу, андагы коммуникативдик, прагматикалык, концептуалдык, когнитивдик факторлор, көркөм диалогдун семантика-стилистикалык, лингвопрагматикалык, тилдик маданият таануучулук моделдери (Н.З.Нормуродова), көркөм диалогдун көркөм-эстетикалык функциялары (Ш.Казаков), когеренттик табияты (М.Тухсанов), мындай диалогдун семантикалык, функционалдык өзгөчөлүктөрү (М.Т.Дугаржанова) ж.б.маселелер изилдөөгө алынган.

5. Кыргыз тил илиминде көркөм диалогдун лингвостилистикалык (Б.Ш.Усубалиев), семантика-структуралык (С.Өмүралиева), коммуникативдик-прагматикалык (С.Ж.Мусаев), структура-стилистикалык (Т.Аширбаев), тексттик, интеграциялык, экстралингвистикалык,

лингвопсихологиялык (Т.С.Маразыков), тилдик-структуралык (С.Иманалиев, Ж.Элчиев), социалдык, көркөм-эстетикалык (Ж.Мамытов) өзгөчөлүктөрү конкреттүү тилдик-факты материалдардын негизинде иликтөөгө алынган.

II бөлүм. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору

2.1. Изилдөөнүн негизги материалдары жана булактары

Изилдөө ишибиздин диапазонунун кенен экендигине иштин кийинки бөлүмдөрүнүн дээрлик ар бир параграфында көркөм тексттеги диалогдордун лингвостилистикалык, лингвокоммуникативдик өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн прозалык чыгармалардагы тилдик, паралингвистикалык, экстралингвистикалык каражаттардын иликтөөгө алынышын, бул изилдөөнүн негизги материалы катары алардын тандалышын башкы аргумент катары келтирүүгө болот.

Көркөм чыгармадагы диалогдордун коммуникативдик табиятын иликтөөдө экстралингвистикалык факторлордун таасири, алардын маани туюндуруудагы мүмкүнчүлүктөрү кылдат иликтөөгө алынып, негизги коммуникативдик багыт тилдик каражаттар аркылуу ишке аша тургандыгы белгиленди. Оң же терс мааниде колдонулган тилдик каражаттар диалогдо катышкан экстралингвистикалык факторлор менен семантикалык жактан биримдикти түзүп турары, андай семантикалык биримдик каармандардын эмоционалдык реакциясынан билинери, тилдик каражаттар менен экстралингвистикалык негизде туюндурулган каармандардын эмоционалдык реакциясы бири-бири менен диалектикалык карым-катнашты түзүп турары, ошондой эле көркөм диалогдун коммуникативдик өзгөчөлүктөрүн аныктоодо каармандардын инсандык табияты, турмушка болгон мамилеси жана сүйлөп жаткан сөзгө, угуучуга карата карым-катнашы, алардын билим-деңгээли, кызыкчылыктары негизги көрсөткүчтөрдөн болуп саналары көрсөтүлдү.

Көркөм тексттеги диалогдор коммуникативдик шарт-кырдаалдардын өзгөрүшүнө байланыштуу кубулуп өзгөрүп турары мисалга алынган диалогдордун негизинде туюндурулду. Көркөм тексттеги коммуникативдик кырдаалдык жагдайлар диалогдун маанисин кылдат түшүнүүгө көмөкчү

болору, көркөм чыгармадагы диалогдордо коммуникативдик кырдаал өзгөргөндө, анда колдонулган тилдик каражаттардын маанилери да өзгөрүүгө учурары, ошондуктан көркөм диалогдогу кырдаалдык жагдайга маани берип, иликтөө абдан зарыл маселелерден экендиги илимий негизде түшүндүрүлдү.

Көркөм диалогдогу текстте реплика негизги коммуникативдик бирдик болуп саналары, диалог репликалар аркылуу башталары, улантылары, жыйынтыкталары иште анализге алынды. Көркөм диалогдо жооп иретинде айтылган репликалар, диалогдун андан ары уланышына негиз болгон, багыт берген репликалар жана негизги таасирдүү ролду ойногон репликалардын,же тескерисинче, диалогдун андан ары уланышына бөгөт болгон репликалардын болушумисалга алынган диалогдордун негизинде көрсөтүлдү.

Көркөм чыгармадагы диалог өзүнүн түзүлүшү, мазмуну, прагматика-стилистикалык табияты боюнча кадыресе турмуш-тиричиликтик диалогдорунан көп жагынан айырмаланат.Көркөм диалогдун маанисин толук түшүнүү жана диалогду чыгармада бүтүндүктүн бөлүгү катары таанып билүүчүн диалогдун контексттик, лингвистикалык, экстралингвистикалык жана коммуникативдик өзгөчөлүктөрү системалуу түрдө иликтенди. Көркөм диалогдогу логика-семантикалык өзгөчөлүктөр жана коммуникативдик, прагматикалык максат мүдөөлөр ошол социалдык өзгөчөлүктөргө ылайык ишке ашары факты-материалдардын негизинде аныкталды. Мисалга алынган диалогдордун негизинде диалог түзүү мыйзам-ченемдери иште ар тараптан көрсөтүлдү. Маселен:

1. Көркөм диалог өзүнө тиешелүү коммуникативдик, прагматикалык максаттарга ылайык түзүлөт. Ал максат диалогдо лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлор аркылуу туюндурулат.

2. Диалогдо мезгилдик ал-абалдын мүнөздүү белгилери,негизги социалдык өзгөчөлүктөрүберилет. Аны диалогдо туюндурулган жалпы мазмундан байкайбыз. Демек, көркөм диалог мазмундук, социалдык ал-абалга байланыштуу түзүлөт.

3. Диалог психологиялык атмосфераны кыйыр түрдө билдире алат. Көркөм диалог конкреттүү ошол кырдаалдын психологиялык атмосферасына байланыштуу түзүлөт.

4. Көркөм диалогдо ички карама-каршылыктарды көркөм чагылдыруу негизги көркөм-эстетикалык максат болуп саналат. Мына ушул жагдай көрүнүш конкреттүү каармандардын көркөм образы аркылуу деталдаштырылып, конкреттештирилип баяндалат. Демек, көркөм чыгармада диалогдор автордук көркөм-эстетикалык мүдөөгө байланыштуу түзүлөт.

5. Көркөм чыгармада сүрөттөлүп жаткан көркөм турмуш жана анын ар түрдүү жагдайлары диалог аркылуу көп багыттуу сүрөттөлөт. Бул жагынан караганда, көркөм диалогду татаал жана көп кырдуу кубулуш катары кабыл алсак болот.

Диалогдо автордук баяндоо чыгарманын тематикалык, маанилик жана мазмундук өзгөчөлүктөрүн толук кабыл алууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, көркөм диалогго чейинки жалпы контексттик абал автордук баяндама тарабынан билдирилип, ошонун негизинде андан кийин улануучу диалогдун түпкү максаты, андагы бүтүндөй өзгөчөлүктөр окурман үчүн түшүнүктүү болору бул изилдөөдө аныкталды. Көркөм диалогдо тематикалык биримдикти түзүү үчүн автордук баяндамадагы маалыматтар менен диалогдогу репликалар бири-бирине үндөш, семантикалык жактан бирин-бири улап, курап турган мазмундук карым-катнашта боло тургандыгы мисалга алынган диалогдордун негизинде иште ачып көрсөтүлдү.

Көркөм чыгармадагы диалогдун көлөмү да ар түрдүү, бир-эки репликадан же бир нече репликалардан куралышы мүмкүн. Мындай жагдай экстралингвистикалык факторлор менен коштолгон өзгөчө коммуникативдик кырдаалга, чыгарманын жалпы мазмунуна байланыштуу болору, диалог курууда автордун стили дагы анын көлөмүнө, мазмундук өзгөчөлүктөрүнө өз таасирин тийгизери, айрым жазуучулар кыска, так диалогдорду, айрымдары узак диалогдор аркылуу каармандардын ортосундагы мамиле-катышты, өзгөчөлүктөрдү көркөм сүрөттөп берери, көркөм чыгармадагы диалогдун

көлөмү анда сүрөттөлүп жаткан конфликтин, көтөрүлгөн көркөм поэтикалуу идеянын мүнөзүнө жана өзгөчөлүктөрүнө жараша болору так аныкталып көрсөтүлдү.

Кээде көркөм диалогдо сөзгө караганда тилдик эмес каражаттар, паралингвистикалык каражаттар, ымдоо-жаңсоолор, мимика, пантомимикалык кыймыл-аракеттер мазмун туюндурууга катышып, каармандардын ортосундагы психологиялык, эмоционалдык чыңалуу абалын туюндурары жана сөз болуп жаткан темага, шарт-кырдаалга ылайык колдонулуп, диалогдун көлөмүнө да таасир этери конкреттүү фактылык материалдардын коштоосунда далилденди.

Каармандардын көркөм образын терең жана ар тараптуу сүрөттөп ачып берүү максатында автордук ремаркалар, экстралингвистикалык факторлор коммуникативдик кызмат аткарат. Ремаркада диалогдо айтылган нерселерге кошумча маани киргизе турган мимика, жест, ар кандай ымдоо-жаңсоолор, каармандардын турган турпаты, сүйлөшүп жаткандагы каармандардын сырткы жүрүм-туруму, кылык-жоругу сыяктуу жана башка паралингвистикалык көрүнүштөр тууралуу түшүндүрмөлөрдү берет. Бул өз кезегинде каармандардын ички дүйнөсүн ар тараптан сүрөттөп, көркөм диалогдогу көркөм маалыматты мазмундук жактан толуктап, байытып берет. Ишибизде паралингвистикалык, экстралингвистикалык маанилерди билдирген автордук ремаркалар көркөм-эстетикалык маалымат туюндуруу максатын көздөөрү факты-материалдардын негизинде аныкталды.

Көркөм текстеги диалогдордо колдонулган лексикалык каражаттардын стилистикалык өзгөчөлүктөрү диалогдордун мисалында талданып, жыйынтыгында турмушту көркөм, реалдуу туюндуруу максатында автор каармандардын сүйлөшүүсүндө адабий тилдик нормадан четтеп, диалектизмдер, говорлор, вульгаризмдер, кесиптик сөздөр жана башка тилдик каражаттарды атайы колдонору, анын негизинде каармандардын жекече сүйлөө манерасы түзүлөрү айтылды.

Этиш сөздөрдүн көркөм диалогдо аткарган коммуникативдик функциясы ар түрдүү, ар багыттуу экендиги жана каармандын кыймыл-аракетин туюндуруу аркылуу этиш сөздөр алардын ички жан-дүйнөсүндөгү, ой-санаасындагы бүдөмүк, туңгуюк ал-абалды, психологиялык чыңалууну, адамдын моралдык жактан чарчап-чаалыгуусун, психологиялык кагылышууларды туюндургандыгы Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романынан алынган диалогдордун мисалында ачылып берилди.

Каармандардын мимикасын, пантомимикасын туюндурган тактооч сөздөр көркөм тексттеги диалогдордо баяндоону ар тараптан деталдаштыруучу кызматтарды аркалап, каармандардын ортосундагы ой-пикирдин келишпестигин, көз караштардын, мүнөздөрдүн кагылышын туюндурары, семантика-стилистикалык жактан көп түрдүү маанилерге ээ экендиги иште баяндалды.

Адаттан тыш синтаксистик конструкциялар аркылуу көркөм диалогдо каармандардын адамдык дараметин, ичинде катылып жаткан көп сырдуу түйүндү, ички дүйнөсүн, жеке сүйлөө өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, көп багыттуу семантикалык өзгөчөлүктөрдү, турмуштук кырдаалдын кыйчалыш татаал абалын, оор моралдык психологиялык ал-абалды туюндурары Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестинен алынган көркөм диалогдун мисалында анализге алынды.

Диалогдун жалпы мазмунунан, анда колдонулган тематикалык каражаттардын, синтаксистик конструкциялардын маанилик өзгөчөлүктөрүнөн, андагы интонациянын табиятынан каармандардын жан-дүйнөсү, интеллектуалдык акыл-парасаты, таалим-тарбиясы, нарк-насили, кулк-мүнөзү, турмуштук-көз карашы чагылдырылып турары, каармандардын репликасындагы кемтик, эллипсистүү бир тутумдуу, кыска сүйлөмдөрдүн колдонулушу алардын ички жан-дүйнөсүндөгү кыйчалыш абалды, толкундоону, турмуштук кырдаалдын көп түрдүү жагдай-шарттарын кырдалын ар тараптан чагылдырып, диалогдун өзгөчө формасы, модели жаралары, көркөм чыгармадагы диалогдордо сүйлөмдүн аягына чыкпай

бүтүп калышы да белгилүү бир көркөм-эстетикалык максаттарды көздөрү, мындай бүтпөй калган сүйлөм конструкциясы каармандардын ар түрдүү ички психологиялык абалын, өтө толкунданып кубангандыгын, же өтө коркуп алапайын таппай калган учурун билдирери мисалдар менен көрсөтүлүп берилди. Сырткы диалог менен ички диалогдун берилиши каармандардын мүнөзүн, мамиле-катышын, карама-каршылыгын туюндуруу максатын көздөйт. Бул маселелер да көркөм диалогдордун мисалында талдоого алынды, анализделди.

Иликтөөлөр көрсөткөндөй, көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын эмоционалдуу сүйлөө өзгөчөлүктөрү стилистикалык өзгөчө мааниде колдонулган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык каражаттар аркылуу көп кырдуу баяндалат. Көркөм чыгармалардагы диалогдордо каармандардын жекече сүйлөө өзгөчөлүктөрү стабилдүү жана убактылуу, өзгөрүлмөлүү болуп, анда ар кандай эмоционалдык кырдаалдар туюндурулат. Көркөм диалогдордо каармандардын сүйлөгөн сөзүнүн өзгөчөлүктөрү автор тарабынан сүрөттөлүп жаткан көркөм чындыктын бир көрүнүшү болуп саналат. Маселен, көркөм диалогдордо жай же ыкчам сүйлөө ылдамдыгы (темпи) маани туюндуруучу касиетке ээ болуп, белгилүү бир көркөм-эстетикалык максаттарды көздөйт.

Көркөм диалог адамдын ой жүгүртүү процессине таасирин тийгизет. Көркөм текстте диалог аркылуу айтуучунун акыл-парасатын, интеллектуалдык деңгээлин, индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн байкоого болот. Адамдардын ой санаасы, ички мүдөөсү, кызыкчылыктары жана умтулуулары көркөм текстте диалог аркылуу көп кырдуу туюндурулат.

Жыйынтыктап айтканда, көркөм чыгармадагы диалогдор тарбия берүү, турмушка жол көрсөтүү, инсанды калыптандыруу сыяктуу жүктү аркалап, турмушту ар тараптуу сүрөттөп, чагылдырып көрсөтүү максатында көркөм-эстетикалык багытта атайы колдонула тургандыгы аныкталды.

2.2. Изилдөөнүн негизги аспектилери жана методдору

Диалог түшүнүгүнүн колдонуу чөйрөсү кенен. Сүйлөшүүдө, пикир алышууда диалог, сөзсүз, болот. Анда фонетикалык, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, стилистикалык бирдиктердин ойду туюндуруу мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүү.

1. Көркөм диалогдун **текст түзүүчүлүк аспектиси** көркөм текстте коммуникативдик бирдиктерди уюштуруп, чыгарманын мазмунун кыйыр туюндурууга катышын белгилейт.

2. Көркөм диалогдун **стилистикалык аспектиси** анын стилистикалык кызматын, көркөм текстте диалогдун коннотативдик, коммуникативдик табиятын билдирип айкындайт.

3. Көркөм диалогдун **лексика-стилистикалык аспекти** мындай диалогдордо семантика-коммуникативдик, лингвостилистикалык, жана көркөм образ түзүү максатында сөздөрдү ар кыл колдонуу өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

4. Көркөм диалогдун **көркөм-эстетикалык аспекти** диалогдо лингвоэстетикалык максаттардын ишке ашыш жагдайларын билдирет.

Изилдөөнүн максатына жана милдетине жараша иште лингвистикалык баяндоо, анализ, компоненттик анализ, синтез, интерпретациялоо, салыштырма метод, антиномия (каршы атоо) ыкмасы, зарылдыгына жараша структуралык, трансформациялык **методдордун** айрым элементтери колдонулду.

III бөлүм. Көркөм тексттеги диалогдордун лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрү

3.1. Көркөм диалогдордун жалпы табияты

Диалог – эки адамдын ортосундагы пикир алышуу же маалымат алмашуу. Аталган термин грек тилинен алынган. «Диалог (от греческого dialog – беседа, разговор двоих) – разновидность (тип) речи, при которой происходит обмен взаимообусловленными высказываниями – репликами (при зрительном и слуховом восприятии собеседника)» [Исаева, 2007: 7]. Диалогдун алгачкы мааниси – «сүйлөшүү, аңгемелешүү» дегенди туюндурат. Демек, диалог – эки адамдын ортосундагы пикир алышуу, маалымат алмашуу, сүйлөшүү. Жогорудагы пикирлерге таянсак, диалогдо эки жак катышат, биринчи жак (сүйлөөчү жак же сүйлөөчү тарап) - активдүү, экинчи жак (угуучу жак же угуучу тарап) – салыштырмалуу пассивдүү. Бирок угуучу тарапты толугу менен пассивдүү болот деп айтуу орунсуз. Себеби угуучу тарап сүйлөөчү тарапка шартка, кырдаалга жараша суроо берип, кайра айтуучунун суроолоруна жооп бериши да мүмкүн. Бул учурда айтылган ойго ынануу, ынанбоо, макул болуу, макул болбоо деген сыяктуу ой-пикирлер жаралбай койбойт. Ошонун негизинде диалогдо учурашуу, таанышуу, мамиле түзүү, аңгемелешүү, сырдашуу, азилдешүү, ар кандай маалымат алмашуу, чырдашуу, чатакташуу, кемсинтүү сыяктуу ж.б. процесстер да болот. Диалог аркылуу белгилүү бир эмоционалдык-экспрессивдик кырдаал, моралык-психологиялык маанай түзүлөт, ушу сыяктуу тилдик эмес факторлорго ылайык диалогдо тилдик каражаттар тандалып колдонулат. Диалогдун маанисине жараша андагы адамдардын жүрүм-турумунда, тулку-боюнда ар кандай өзгөрүүлөр болот.

Диалог көркөм чыгармаларда көпчүлүк учурда жазуу түрүндө болот. Ал эми турмуш тиричилик чөйрөсүндө диалог оозеки түрдө адамдардын бири-бири менен ар кандай мааниде пикир алмашуусун ишке ашырып турат.

Негизинен, диалог белгилүү бир коммуникативдик максатты көздөп, аны ишке ашырат. Бул жагынан караганда, диалог функционалдык

стилдердин бардык түрлөрүнө мүнөздүү. Бирок ар бир функционалдык стилде диалогдун коммуникативдик максаты, аткарган милдети, колдонулуш өзгөчөлүктөрү, логика-прагматикалык табияты ар башкача болот.

Бизди кызыктырган маселе – көркөм стилдеги диалогдордун лингвостилистикалык табиятын аныктоо. Ошондуктан аталган багытта иликтөөлөрдү жүргүзүү маанилүү деп эсептейбиз. Көркөм текстте каармандардын маалымат алмашуусу диалог аркылуу билдирилет. Кандай гана көркөм чыгарма болбосун, анда каармандардын өз ара пикир алмашуусу тилдик жана тилдик эмес факторлордун негизинде автордун чеберчилигине жараша диалог түрүндө туюндурулат да, каармандардын ар кандай көз карашы, типтүү жана жеке мүнөзү, көркөм портрети ачылып берилет.

Көркөм чыгармада каармандардын ортосундагы аңгемелешүү, талаш-тартыш, чатакташуу, араздашуу, маектешүү, азилдешүү сыяктуу ж.б. коммуникативдик жагдайлар диалог аркылуу берилип, көркөм текстте баяндалып жаткан окуя андан ары өнүгөт, чиеленет, чечмеленет. Ошондуктан буга чейин жүргүзүлгөн көптөгөн лингвостилистикалык изилдөөлөрдө диалог көркөм тексттин композициялык-сюжеттик структурасынын негизги компоненти катары жана көркөм коммуникациянын базалык формасы катары ар тараптан иликтенип келе жатат [Апресян, 1986: 208-223, Арутюнова, 1981: 356-365, Богданов, 1989: 25-37, Винокур, 1984: 31-46, Колшанский, 1979: 51-62, Почепцов, 1984: 27, Сидоров, 1986: 54, Сусов, 1988: 7-13]. Бул багытта окумуштуу Г.В.Колшанскийдин изилдөөлөрү чоң мааниге ээ [Колшанский, 1979: 51-62].

Көркөм чыгармада диалог коммуникативдик фрагменттин бөлүгү катары эсептелип жүрөт. Көркөм текстте сөз маанилери аркылуу ич ара бири-бири менен байланышып чырмалышкан диалогдук биримдиктер болот. Алар көркөм текстте коммуникативдик ишмердикти ишке ашырышат [Винокур, 1988: 12].

Бул өңүттөн караганда, диалогду коммуникативдик бирдик катары кабыл алууга болот. Көркөм текстти интерпретациялоодо ушул маселени

эске алуу зарыл. Аталган багытта бир нече илимий изилдөө иштери жүргүзүлгөнү маалым [Зимняя, 1985: 39, Кайзер, 1990: 79, Апресян, 1986: 203-223, Мучник, 1985: 254, Долгих, 1966-5-22].

Бир нече изилдөөлөрдө диалогдогу коммуникативдик маанилүү элементтер ажырымдалып каралып келген. Бул жагдай диалогдун коммуникативдик өзгөчөлүктөрүн ар тараптан иликтөөгө көмөкчү болгон деп айтууга болот. Бул маселе боюнча Н.Т.Арутюнованын, А.Р.Балаяндын жана Ш.Баллинин эмгектери да чоң мааниге ээ [Арутюнова, 1972: 221, 1970: 63, Балаян, 1971: 11, Балли, 1955: 416].

Көркөм тексттеги диалогдун мазмунун иликтөөдө диалогдо катышкан репликалардагы синтаксистик, лексикалык, семантикалык, тематикалык, коммуникативдик байланыштарга көңүл буруу зарыл. Анткени диалогдогу негизги мазмун аталган байланыштардын негизинде көркөм туюндурулат.

Көркөм диалогдун структуралык өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө андагы репликалардын ортосундагы байланышка көңүл буруу зарылдыгын эскерткен окумуштууларга кошулбай коюуга болбойт [Беркнер, 1959: 3-40, Трофимова, 1964: 15, Шведова, 1960: 354]. Бул эмгектерде диалогдогу репликалар бирин-бири толуктаган, синтаксистик жактан бекем байланышкан кубулуш экени белгиленген.

Диалогдун функционалдык-коммуникативдик табиятын изилдөөдө анда туюндурулган маалыматтын семантикасы жана коммуникативдик максаттары эске алынышы зарыл. Диалогдун маалыматтык негиздери коммуникативдик процесстеги көптөгөн өзгөчөлүктөргө байланыштуу изилденери белгилүү [Арутюнова, 1972: 57, 1970: 44-58, Балаян, 1971: 9, Герасимов, Романенко, 1983: 173-217, Тименов, 1969: 224-255, Полищук, Пыж, 1981: 195-200, Полищук, 1970: 34-40, Святогор, 1967: 17, Славгородская, 1981: 67].

Коммуникациянын инсанга, субьектиге байланышта изилдөөгө алынышы бардык жактан колдоого арзыйт [Есперсен, 1958: 14, Якобсон, 1975: 193-230].

Мисалы:

«...Исхактын *чаар ирецги сур тартып, көзү заардуу жылтылдады:*

-Мен ким элем? Иштин талуу жери мен белем? Ырас айттыңыз, мен ким элем, элдин өзү дөөлөт кондурган чымыны, элдин сунган найзасынын учу гана эмес белем?! - деди катуулап. - Менден бак талашып, тууган болуп койнума кирип, жылан болуп мойнума оролдуңуз, жол болуп алдыма созулуп, капкан болуп бутумдан чалдыңыз. Ойлоп багыңыз, сиз мени гана аксатпай, эзил журтту аксатып таштадыңыз! Өрттөй шатыраган кол кайда?! Капкалуу шаарлар кайда?! Абдырахман нестейди. Эмне дейт?»[Касымбеков, 1978:408].

Көркөм диалогдо тилдик каражаттар менен экстралингвистикалык факторлор эриш-аркак колдонулуп, белгилүү бир синтаксистик, лексикалык, семантикалык, тематикалык, коммуникативдик байланыштарды түзүшөт. Маселен, жогорудагы диалогдо «чаар ирецги сур тартып, көзү заардуу жылтылдады» деген паралингвистикалык каражат Исхактын бул репликадагы тилдик каражаттардын семантикалык, тематикалык бекем байланышта болушун шарттай алды. «Мен ким элем?» деген сүйлөмдүн интонациясында «өкүнүү», «нааразы болуу», «маанайы пастык», «үмүтсүздүк» маанисиндеги интонация коштолуп тургандыгы байкалат. Сүйлөмдө туюндурулган маанайы чөгүү интонациясы «Ирецги сур тартуу», «көзү заардуу жылтылдады» деген паралингвистикалык көркөм каражаттардын маанисине окшош. Бирдей терс маанини, терс эмоцияны туюндуруп турат. Дилогдо «ырас айттыңыз» деген киринди сөз кубануу, маселени туура эсептеп колдоо, шыктануу маанисин туюндурбайт. Тескерисинче, «ырас айттыңыз» дегенде башта туюндурулган нааразылык, ачуу, ыза мааниси андан ары улантылганы ачык билдирилип турат. «Мен ким элем, элдин өзү дөөлөт кондурган чымыны, элдин сунган найзасынын учу гана эмес белем?!» деген сүйлөм түзүлүшү, анда туюндурган маанилер, интонация, ыргак ызанын семантикалык оттенокторун туюндурганы менен обочолонот. Ошондуктан «белем» деген өткөн чактагы

этиш колдонду. Буга кошумча «катуулап» деген паралингвистикалык каражат сүйлөмдөгү нааразылыктын семантикалык өзгөчөлүктөрүн дагы айкындап билдирди.

Репликанын кийинки бөлүгүндө антонимдик катыштагы синтаксистик конструкциялардын колдонулушу Исхактын Абдырахманга карата терс мамилесин, андагы бүтүндөй өзгөчөлүктөрдү көрсөтүп турат. «Бак талашып, тууган болуп койнума кирип, жылан болуп мойнума оролдуңуз, жол болуп алдыма созулуп, капкан болуп бутумдан чалдыңыз» деген антонимдик синтаксистик конструкция аркылуу Исхак менен Абдырахман бир кезде абдан жакын адамдар экендиги, кийинчерээк Абдырахман душмандык, кыянатчылык кылгандыгы, баштагы ийги мамилеге балта чабылып, андай кыянатчылык тымызын, акырындык менен билдирилбей жасалгандыгы байкалып турат. Бул душмандык жашыруун жана ырайымсыз экендиги «жылан» деген көркөм деталь аркылуу кыйыр түрдө билдирилген. Кыянатчылыктын аеосуз мүнөзү «капкан» деген көркөм деталь аркылуу дагы күчөтүлүп туюндурулган.

Репликанын андан кийинки бөлүгүндө Исхак менен Абдырахмандын ортосундагы тирешүүнүн, жаңжалдын масштабы, анын кедерги натыйжалары тууралуу көркөм маалыматтар берилди. Мында «Журтту аксатып таштадыңыз! Өрттөй шатыраган кол кайда?! Капкалуу шаарлар кайда?!» деген сүйлөмдөр негизги маниге ээ. Анда Абдырахмандын кыянатчылыгы бүтүндөй элге кедергисин тийгизгендиги баяндалган. Бул көрүнүш Исхактын «иреңи сур тартып, көзүнөн заары чыккан» ачуусуна себепчи болду деп ойлойбуз. Иликтөөгө алынган тилдик, лексикалык, синтаксистик, семантикалык каражаттар жана репликада колдонулган экстралингвистикалык көрүнүштөр, паралингвистикалык каражаттар тематикалык жактан бирдиктүү, семантикалык жактан бири-бирине тыгыз байланыштуу. Ошондуктан бул репликада коммуникативдик байланыш ишке ашып, көркөм информация, ырааттуу, ар тараптуу туюндурулду.

Диалогдун коммуникативдик өзгөчөлүктөрү А.Р.Балаян, Л.Г.Чахоян тарабынан изилденгени белгилүү. Алар диалогдун айрым бөлүктөрү бири-бири менен маанилик жактан багыныңкы абалда болорун, диалогдук биримдиктин бөлүктөрү бири-бирин аныктоочу, бири-бирин түшүндүрүүчү жана бири-бирине себеп-натыйжалык карым-катнашта боло тургандыгын белгилешкен. Бул көрүнүштөр диалогдун коммуникативдик табиятын чагылдырып турат [Балаян, 1971: 23, Чахоян, 1980: 122].

Маселен, жогорудагы Исхактын репликасы бири-бирине маанилик жактан багыныңкы абалдагы бири-бирин аныктоочу, түшүндүрүүчү, бири-бирине себеп-натыйжалык карым-катнашта болгон семантикалык бөлүктөрдөн куралган. Мисалы, «көзү заардуу жылтылдады» деген паралингвистикалык каражат аркылуу туюндурулган маниге репликанын кийинки бардык бөлүктөрү көз каранды. Анткени репликадагы «Исхактын ирени сур тартып, көзү заардуу болуусу» - бул натыйжаны туюндурган паралингвистикалык каражат. Анын себептери – «Мен ким элем,элдин өзү дөөлөт кондурган чымыны, элдин сунган найзасынын учу гана эмес белем?!» деген Исхактын нааразылыгын жана «тууган болуп койнуна кирип, жылан болуп мойнума оролуп, жол болуп алдына созулуп, капкан болуп бутунан чалган» Абдырахмандын кыянатчылыгы, душмандыгы, эрегиштен элдин азап чегиши, Абдырахмандын нестейип, эч нерсе айта албай, күнөөсүн мойнуна алып отуруп калышы. Ошентип, бул семантикалык бөлүктөрдүн репликада себеп-натыйжалык карым-катнашта болушу алардын бири-бирин аныктап түшүндүрүүчү бөлүктөрдөн түзүлгөнүнөн айкын байкалып турат.

Окумуштуулар А.Р.Балаян, Л.Г.Чахоян диалогдун коммуникативдик табиятын иликтөөдө анын 3 элементи болору (<u>айтуучу</u> (адресант), <u>угуучу</u> (адресат) жана <u>маалымат</u> (билдирүү)), анда адресант активдүү мүнөзгө ээ болуп, айтылуучу маалыматтын булагы, башаты болору туура белгиленген [Чахоян, 1979: 11, Балаян, 1971: 9].

Мисалы, жогоруда иликтенген көркөм диалогдо адресант – Исхак, адресат – Абдырахман, ал эми туюндурулган маалымат – Исхактын нааразычылыгы.

Коммуникативдик процесс көп кырдуу мүнөзгө ээ болгондуктан анда тилдик жана тилдик эмес каражаттар эриш-аркак колдонулат. Көркөм чыгармадагы диалогдун коммуникативдик табиятын иликтөөдө экстралингвистикалык факторлордун таасирин, алардын маани туюндуруудагы мүмкүнчүлүктөрүн кылдат иликтөө зарыл. Ошондой болсо да, вербалдык коммуникацияда негизги жүк, негизги коммуникативдик багыт тилдик каражаттар аркылуу ишке ашат.

3.2. Көркөм диалогдо репликалардын лингвостилистикалык мүмкүнчүлүктөрү

Көркөм диалогдогу текстте реплика негизги коммуникативдик бирдик болуп саналат. Анткени **диалог репликалар аркылуу башталат, улантылат жана жыйынтыкталат.** Ошондуктан көркөм диалогдо жооп иретинде айтылган репликалар, диалогдун андан ары уланышына негиз болгон, багыт берген репликалар жана көркөм диалогдордо негизги таасирдүү ролду ойногон репликалар болот. Же тескерисинче, диалогдун андан ары уланышына бөгөт болгон репликалар да кездешет.

Маселен, жогоруда мисалга алынган диалогдук көркөм текстте Казый менен Нүзүптүн диалогунда ***диалогду баштоочу реплика*** – «Аталыктардын вазифасы жүда зор болгон. Аталык таксыз падишах, таажысыз өкүмдар…– деген казыйдын репликасы. Бул репликада көркөм диалогдун «Аталык, аталыктын учурдагы зарылдыгы» тууралуу негизги темасы айтылды. Диалогдун кийинки репликалары ушул теманын ар түрдүү багытын ар кандай өңүттө улап баяндады, жыйынтыктады. Демек, көркөм диалог репликалар аркылуу башталат жана жыйынтыкталат.

Мисалга алынган ***диалогдун*** андан ары ***уланышына негиз болгон реплика*** катары казыйдын аталык туралуу репликасы болуп саналат. Ал эми бул диалогдо ***негизги таасирдүү ролду ойногон реплика*** катары – «Сенин

оюңча ордого аталык зарыл. Ушундайбы, казый?» деген Нүзүптүн репликасын эсептөөгө болот. Анткени ушуга чейинки репликалар негизги маниге ээ болгон аталыктын зарылдыгы тууралуу репликага карата даярдыкты билдирет.

Бул диалогдо ***репликалардын уланышына бөгөт болгон жагдай*** Нүзүптүн «андан наркысын айттырбай колунун учун биртке көтөрүп казыйды токтотуп коюшу» – эсептелет. Мында диалогдогу репликанын уланышына паралингвистикалык каражаттар аркылуу бөгөт коюу көрүнүшүнө күбө болобуз.

Ошондой болсо да, Нүзүптүн бул кыймыл-аракетинен анын чыныгы бийлик ээси экендигин байкайбыз. «Колунун учун биртке көтөрүү» деген туюнтмада *бийликти сездирүү, өзүнүн таасирин билдирүү* сыяктуу кошумча маалыматтар бар деп ойлойбуз. Ошондой эле бул кыймыл-аракеттен Нүзүптүн майтарылбас мүнөзүн, эч кимден кайра тартпаган көк жал касиетин кыйыр туйсак болот. Демек, көркөм диалогдо репликанын семантикалык, коммуникативдик байланышы, биринчиден, сөздүн нугун иретке салып, теске келтирип турса, экинчиден, ал репликада каармандардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү кошо көркөм сүрөттөлөт.

Диалогдун коммуникативдик маңызы айтуучуга (адресантка) карата реплика айтуу болуп саналат. Диалогдо айтуучунун (адресанттын) позициясы болот жана ага карата угуучунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү да болот.

Ырас, көркөм чыгармадагы диалогдо угуучуну пассивдүү көркөм элемент катары кабыл алууга болбойт. Анткени угуучу да көркөм текстте активдүү роль ойнойт. Бул маселе тууралуу окумуштуулардын ар түрдүү ой-пикирлери бар [Земская, 1988: 5-44, Сейдалиев, 1989: 98-108, Сухих, 1988: 22-29, Шуголь, 1990: 7].

Илимий багытта көркөм диалог маселесин изилдөөдө суроо багыты жооп багытына караганда көбүрөөк изилденгени маалым [Голубева-Монаткина, 1960: 377, Плеханова, 1983: 13]. Анткени көркөм диалогдо суроо багытына, каармандардын суроо берүү өзгөчөлүктөрүнө, ошол аркылуу

алардын көркөм образын ачып түшүндүрүүгө көбүрөөк басым жасалганы байкалат.

Көркөм текст чыгармачылыктын ар түрдүү, көп багыттуу өзгөчөлүктөрүн өз боюна сиңирген стандарттуу эмес, кайталангыс мүнөзгө ээ болгон тексттердин катарына кирет. Андагы көркөм диалогдор дагы дал ошондой стандарттуу эмес белги-касиеттерге ээ. Ошондуктан диалог жалаң эле суроо-жооп түрүндө болбостон, айрым учурда кайсы бир фактыны туюндуруу, же кандайдыр бир шарт-талаптарды билдирүү өңүтүндө да болушу мүмкүн [Голубева-Монаткина, 1960: 131].

Мисалы:

«...– Шады! Токтот! Окуба жашырын болсо!

– Куп, аталык... – деп Шады ынак кымырылып калды. Шерали далдырады. Нүзүп ачуудан кычыктары кызара түшкөн көздөрүн Абдусатар Калпаны атып тиктеп, жука эрди титиреп:

– Жашырынбы! Куйтуңдайсың, түлкүнүн куйругу! – деди өзүн токтото албай. – Билем сенин түтүк кагазыңдын ичиндегини!..

Абдусатар Калпа апкаарып калды. Ал далайды көргөн киши эле. Ордо сылыктыгын тепсеген мындай өктөмдүктү эч жерден көргөн эмес болчу. Хан атагы бар го акыры, бирдеме деп жазылтып коебу деп, Шералини карады. Хандын кирпиги гана кыймылдайт, сөз түгүл элтейип оозу кургап отурган эле. Ошол жерде бир гана Шады ынактын көзү тымызын чагылыша калып, жылуу учурап турду. Абдусатар Калпа чыйралды:

–Таксыр! Мен бар болгону буйрук аткарып жүргөн кулмун...

Нүзүп биртке жумшара калды...» [Касымбеков, 1978: 95].

Мисалга алынган бул көркөм диалогдо «Шады! Токтот! Окуба жашырын болсо!» – деген Нүзүптүн адресант катары негизги көз карашы туюндурулду. Бул – негизги реплика. Мына ушул негизги репликадагы маниге жараша кийинки репликаларда жооптордун түзүлүшү шартталды. Албетте, диалогдогу репликалар өзүнөн мурдагы жана кийинки репликалар менен шартташып турушу өзгөчө маанилүү [Винокур, 1953: 16]. Мисалга

алынган бул көркөм диалогдун негизги мазмуну – бийликтин өктөмдүгү, ордодогу чексиз бийликтин Нүзүптүн колуна топтолушу жана анын тасирдүү фигурага айланышы. Мына ушул жалпы контексттик мазмун бул көркөм диалогдун түзүлүшүнө да жана андагы маанилик катмарлардын жайгашыш абалына да өз таасирин тийгизе алды.

Аталган көркөм диалогдо айтуучу катары Нүзүп өзүнүн өктөм позициясын туюндуруп, ошол коммуникативдик кырдаалга күчтүү таасирин тийгизди. Ошондуктан «Шады ынак кымырылып токтоду», «Шерали далдырады», «Абдусатар калпа апкаарыды», «Шерали хандын кирпиги гана кыймылдады», «сөз айтуу түгүл элтейип Нүзүптүн оозун карап отуруп калды». Ошентип, көркөм диалогдо айтуучунун көз карашына, ой-тилегине карата реплика айтуу, жооп кылуу ишке ашты. Бирок мындай реплика-жооп бир нече өзгөчөлүктөрдү өз ичине камтып турат. Мисалы, «кымырылып» деген туюнтмада «нааразылык», «жактырбоо», «жек көрүү», «ичинен тымызын каршылык көрсөтүү» сыяктуу маанилер жана маанилик катмарлар бар деп ойлойбуз. Ал эми «далдырады» деген туюнтмада «коркуу», «үркүү», «алаппайын таппай калуу», «сестенүү» сыяктуу маанилер кездешет. «Апкаарып» деген туюнтмадан “таң калуу”, “сестенүү”, “күтүүсүздүк”, "иренжүү” сыяктуу маанилерди туя алабыз. Бул жагынан караганда, Нүзүптүн репликасына адресаттардын аргасыздан жасаган реакция-жоопторун байкоого болот. Ушул сыяктуу коммуникативдик өзгөчөлүктөрдөн кийин айтылган «Таксыр! Мен бар болгону буйрук аткарып жүргөн кулмун…» деген сүйлөм аргасыз жоопту, репликаны айкын далилдеп турат.

3.3. Көркөм диалогдо каармандын типтүү, жеке өзгөчөлүктөрүн туюндурган тилдик каражаттардын стилистикалык кызматы

Көркөм тексттеги диалогдо автор тарабынан маалыматтык-эстетикалык максатта колдонулган тилдик каражаттар, көркөм сөз каражаттары бирдиктүү көркөм системаны түзүп турат. Анда көркөм чыгарманын негизин түзгөн тилдик каражаттар, коммуникативдик-композициялык ыкмалар бири-бирине шартташ абалда колдонулат. Көркөм тексттеги диалогдун олутуулугу, маанилүүлүгү жазуучу тарабынан көркөм чагылдырылган турмуштук көрүнүштүн масштабына, көркөм ой-чабыттын кенендигине, ой-пикирдин актуалдуулугуна, негизги көркөм-эстетикалык идеянын, көтөрүлгөн маселенин маанилүүлүгүнө жана жазуучунун көркөм чеберчилигине байланыштуу болот. Көркөм диалогдун коммуникативдик мындай өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу көркөм диалогдо тилдик каражаттарды колдонуу ишке ашат. Ар бир жазуучу өзүнүн билим деңгээлине, жазуучулук чеберчилигине, талантына жараша көркөм диалог түзүп, анда ар кандай деңгээлде тилдик каражаттарды колдонот. Жалпысынан алып караганда, турмушту реалдуу, көркөм чагылдыруу максатында көркөм чыгармалардагы диалогдор турмуш-тиричиликте оозеки сүйлөшүү моделине ылайык түзүлөт [Винокур,1974: 29]. Мисалы:

«… Сыртта көчө оттору жанды, китеп окуучулардын бир даары тарай баштады, кыз болсо дале отурат. Исабеков күтө берди. Бир маалда кыз кетүүгө даярдана баштаганын байкап, Исабеков шашып-бушуп конспекттерин сумкасына салды да, гезитке оролгон алманы алган бойдон озунуп сыртка чыкты. Көчөнүн өйүзүнө өтпөдү, тарсылдаган жүрөгүн бастата албай чыга бериште туруп калды. Таңдайы кургап, суусаганын сезди. Аңгыча таш тепкичтерден кыз туфлисинин тыкылдаган шыбырты угулду да, фонарлардын күңүрт жарыгында жеңил, элпек баскан кыска пальточон кыздын суйкайган сулуу турпаты көрүндү.

Алманы көкүрөгүнө кыса кармап Исабеков күч менен кызды карай кадам шилтеди. Кыз унчукпай жандап өтүп кетти.

– Сизге мүмкүнбү?– деп Исабеков апкаарый үн катты.

– Ыя? – деп кыз аярлай калып, аста кылчайды. – Мага бирдеме дедиңизби?

Оңтойсуз тунжуроо баса түштү.

–Мен сизге…алма апкелдим эле, – деп Исабеков араң унчукту.

– Алма? Алма болсо эмне экен? Мени өмүрүмдө алма көрө элек дедиңизби?

– Жок…мен бул алманы алыстан таап…

– Тапсаңыз кантейин? Деги мага эмне демекчисиз, түшүнбөйм, – деп кыз чыйрыга сүйлөндү да, шарт бурулуп, тырс-тырс басып жөнөп кетти.

Кыз өзүнүн кызыл алмасын чанып кетип баратты.

Исабеков колундагы кымбатын суна кармаган калыбында эсеңгиреп кыздын артынан карап туруп калды. Кызыл алманын тегерегине кыялы менен курган ажайып дүйнөсү заматта бырын-чырын талкаланды.

Исабеков ошентип шылкыя басып үйүнө жөнөдү. Бир маалда кере кулачтап туруп, алманы караңгы түнгө урду. Алма көрүнбөгөн дубалга былч тийди…

Кийин далай эле кыз менен тааныш болду, бирок бир да бирөөнө кызыл алма тартуулагысы келбеди. Кыздар деле кызыл алма каалагандар эмес эле…» [Айтматов, 2018: 177].

Мисалга алынган көркөм диалогдо автор тарабынан маалыматтык-эстетикалык максатта атайы колдонулган негизги көркөм сөз каражаты бар. Ал – кызыл алма. Кызыл алма – бул чыгарманын негизинде өзөк концепциясын түзүүгө өбөлгө болгон тилдик каражат, негизги көркөм каражат. Ошондой эле, бул «кызыл алма» предметтик түшүнүктөрдүн символикалуу, өтмө мааниде Исабековдун махабатын, бейтааныш кызга болгон сонуркоосун, жактыруусун кыйыр түрдө баяндап турат. Ошентип, кызыл алма кадыресе предметтик түшүнүк катары эмес, көркөм-эстетикалык символ катары, подтексттик негизги идея катары колдонулду. Ушул жагынан караганда, кызыл алма бул көркөм диалогдо көркөм системаны түзүп турат.

Мындай көркөм системаны жана кызыл алманын махабаттын символу экендигин туюндурган идеяны Исабековго карата колдонулган «күтө берди», «шашып-бушуп», «озунуп сыртка чыкты», «тарсылдаган жүрөгүн бастата албай», «таңдайы кургап суусаганын сезди», «күч менен кызды карай кадам шилтеди», «апкаарый үн катты», «араң унчукту», «эсеңгиреп кыздын артынан карап турду», «шылкыя басып үйүнө жөнөдү» деген туюнтмалар кыйыр маалымдап турат. Диалогдогу тилдик каражаттар аталган каармандын психологиялык ал-абалын, маанайындагы карама-каршы көрүнүштөрдү, ой чабытындагы тынымсыз дүрбөлөңдү туюндурат. Бул психологиялык ал-абал Исабековдун кызга даап сүйлөй албаган чечкинсиздигин, кызды чындап жактырып калган аруу сезимин кылдат чагылдыра алган. Маселен, ал алгач үмүттөндү. Бул жагдайды «күтө берди» деген туюнтмадан байкайбыз. «Күтө берди» дегенде үмүттөнүү мааниси үстөмдүк абалга ээ. Андан соң, толкунданып аракет кылды. «Шашып-бушуп конспекттерин сумкасына салды да, гезитке оролгон алманы алган бойдон озунуп сыртка чыкты» жана «тарсылдаган жүрөгүн бастата албай» турду. Бул туюнтмалар анын катуу толкунданганын билдирип турат. «Кыздын суйкайган сулуу турпаты көрүндү» деген каражат Исабековдун кызды акмалап карап баратканын кошо билдирет. Бул көрүнүштөн анын сезимге өтө берилип турган психологиялык абалын байкайбыз.

Ушул жагдайга байланыштуу Исабековдун бул көркөм диалогдун башында – «Сизге мүмкүнбү?» деген репликасы анчалык ишенимдүү эмес, апкаарып толкунданган тондо, батына албай бүжүрөп турган абалда айтылды. Ушул өзгөчөлүктү атайы белгилеп көрсөтүү максатында автор «апкаарып үн катты» деп, ремаркада өзгөчө белгилеген. «Айтпады» – «үн катты». «Үн катты» деген туюнтмада “толкундоо”, “апкаарып калуу”, “өзүн-өзү токтото албоо”, “ээ-жаа бербеген сезимин ооздуктай албай кыйналуу”, “ошондуктан чечкинсиз абалга туш болуу”, “ичинен буркан-шаркан түшүү” сыяктуу бир нече маанилер бар. Мындай карама-каршылыктуу

психологиялык абал «оңтойсуз тунжуроо баса түштү» деген автордук ремаркада дагы конкреттештирилип туюндурулду.

Кызга даап сүйлөй албай турган Исабековдун психологиялык ал-абалы анын «Мен сизге… алма апкелдим эле» деген үзүл-кесил, шыр айтылбаган, ишенимсиз сүйлөөсү менен дагы конкреттештирилип билдирилген. Ошондуктан автор «араң унчукту» деген туюнтманы атайын колдонгон.

Кыздын тыкылдап, жооп айткан репликасына Исабековдун толкунданып жооп бере албай бушайман болгон абалы, анын «Жок…мен бул алманы алыстан таап…» деген толук бүтпөгөн, толук маанигe ээ эмес сүйлөмүнөн дагы даана билинип турат. Бул толук бүтпөгөн сүйлөм Исабековдун ички дүйнөсүндөгү будуң-чаңды, кызга даай албай апкаарыган толкундоону дагы тереңдетип билдирип турат. Мында кырдаалда белгилүү бир жоопту талап кылуучу (суроолуу, илептүү) сүйлөмдөр, ар кандай кайталоолор, кайчы суроолор, эллипсис түрүндөгү сүйлөмдөр, паралингвистикалык каражаттар (мимика, пантомимика, ымдоо-жаңсоо ж.б.) көп колдонулат [Русская разговорная речь. 1978: 15]. Бул көрүнүш көркөм диалогдун лингвостилистикалык дагы бир өзгөчөлүгү болуп саналат.

Аталган көркөм каражаттар, Исабековдун кыз менен болгон үзүл-кесил диалогу автордун каармандардын дүйнөсүнө психологиялык анализ жүргүзүү максатын да көздөйт. Бул жагынан караганда, «Кызыл алма» повестиндеги бул диалог жалпы мазмундук жактан олуттуу. Анда чыныгы махабатка кабылган Исабековдун ички жан-дүйнөсүндөгү көрүнүштөр турмуштук чындыктын масштабында, фонунда реалдуу көркөм баяндалган. Демек, көркөм чыгармада диалог түзүү жана ал диалогго көркөм-эстетикалык маани-мазмун сиңире алуу жазуучунун көркөм чеберчилигине байланыштуу.

3.4. Көркөм диалогдордун прагматика-стилистикалык өзгөчөлүктөрү

Көркөм чыгармадагы диалогдор бири-бири менен бүтүндүктүн бөлүгү катары шартташ, максатташ болот. Мына ошондуктан көркөм чыгармадагы диалогдорду иликтөөдө системалуу жана комплекстүү анализ жасоо зарыл. Тагыраак айтканда, көркөм диалогдун тилдик жагдайларын эле иликтөө жетишсиз. Диалогдогу тилдик жагдайлар менен андагы коммуникативдик, көркөм-эстетикалык, прагматикалык, экстралингвистикалык факторлорду бирдиктүү, комплекстүү, анализге алуу зарыл.

Көркөм диалогдун прагматикалык табияты да олуттуу маниге ээ. [Булыгина, Шмелев, 1982: 314-326., П.Д.Арутюнова., 1980., 356-367-бб.]

Көркөм диалогдун прагматикалык табияты коммуникативдик кеңири контекст аркылуу аныкталат. Диалогдун прагматикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө окумуштуу Ю.С.Степанов: «Диалогдун негизги прагматикалык багыты башка адамдарга таасир этүү» экендигин баса белгилеген [Степанов, 1981, 325]. Окурмандарга мындай таасир этүү угуучуну толкундантуу, капа кылуу, күлдүрүү же анын көңүлүн башка жакка буруу сыяктуу максатта ишке ашышы мүмкүн.

Айрым окумуштуулар диалогду коммуникативдик жүрүш-туруш катары карайт да, аны сапаттуу иликтөөдө дагы башка көптөгөн факторлорго көңүл буруу зарылдыгын белгилешет [Изаренков, 1973: 7].

Ырас, аталган багытта да көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Маселен, айрым окумуштуулар көркөм диалогду *драмалык диалог* жана *прозалык диалог* деп экиге бөлүп иликтеп жүрүшөт [Балаян, 1971: 42-58]. Көркөм диалогду мындай түргө бөлүштүрүүнүн да белгилүү бир жүйөөсү бар сыяктанат. Биздин байкоолорубуз боюнча, аталган диалогдун эки түрүнүн семантика-прагматикалык, логика-коммуникативдик айырмачылыктары бар.

Кандай болгондо да, **көркөм чыгармадагы диалог өзүнүн түзүлүшү, мазмуну, прагматика-стилистикалык табияты боюнча кадыресе**

турмуш-тиричиликтик диалогдордон көп жагынан айырмаланат. Мисалы:

«… Насирдин-хан онтоп жиберди. Ошол учурда караулбашы кайра жулунуп кирип келди:

–Таксыр! Эл шаардын дарбазасын ачып… Болотхан… – деди аптыга. Насирдин-хан атырылды:

– Жап оозуңду, шүмшүк! – деп атма орус пистолуна колун сермей.

–Кайдагы хан?! Селсаяк дебейсиңби? Уруу дебейсиңби?

Караулбашы тике карады:

– Асте кылыңыз, таксыр! Күч кимде болсо, оомат кимде болсо, хан ошол!

Насирдин-хан шалдырай түштү. Караулбашынын көзүнөн жаны ачыганда ээсине асылып капканы турган иттин заарын сезди.

–Гм…– деп онтоп жиберди ал, эси эңгиреп, турган ордунда тегеренип, темтеңдеп, - ыя? Казына эмне болот? Ыя?..

Эшик ага ыйлактап колтуктап алды:

– О, жараткан! Жан болуп береби казына?!» [Касымбеков, 1978: 434].

Бул – Кокон ордосун Болот хандын басып алган учурдагы эпизоддон бир көрүнүш. Мисалга алынган **көркөм диалогдун маанисин толук түшүнүү үчүн жана бул диалогду чыгармада бүтүндүктүн бөлүгү катары таанып билүү үчүн диалогдогу контексттик, лингвистикалык, экстралингвистикалык жана коммуникативдик өзгөчөлүктөрдү системалуу иликтөө зарыл.** Маселен, «Насирдин-хан онтоп жиберди», «караулбашы тике карады», «Насирдин-хан шалдырай түштү», «Караулбашынын көзүнөн жаны ачыганда ээсине асылып капканы турган иттин заарын сезди», «эшик ага ыйлактап колтуктап алды» деген туюнтмада бул диалог өтө опурталдуу, экстремалдуу кырдаалда болуп жатканын, бийликти кулатуу аракети үстөмдүк абалга ээ болуп баратканын, бул каршылашуунун аягы эптеп жан аргасын издеп качуу багытына бурулганын билдирип турат. Хандын «онтоп жибериши», «ачууга алдырып атырылышы»

жана ханга каршы караулбашынын «тике карашы», «Асте кылыңыз, таксыр күч кимде болсо, оомат кимде болсо, хан ошол!» деп анын орой жооп берип турушу ошол турмуштук кырдаалдын өтө чыңалган абалын билдирип турат.

Мына ушул экстралингвистикалык экстремалдуу кырдаалга маанилик жактан үндөш «Кайдагы хан? Селсаяк дебейсиңби! Ууру дебейсиңби?» деген сыяктуу лингвистикалык каражаттар колдонулган. Ошондой эле Насирдин-хандын жан далбас урган аргасыз абалы, анын сүйлөгөн сөздөрүндөгү коммуникативдик белгилерден ачык байкалып турат. Андагы негизги коммуникативдик багыт – «ызырынуу», «урушуу», «өкүнүү» маанилерин туюндуруу. Мына ушул экстралингвистикалык каражаттар коммуникативдик, семантикалык, прагматикалык факторлор Кокон хандыгындагы бийлик кулатуу көрүнүшүн, андагы бүтүндөй өзгөчөлүктөрдү, карама-каршылыктарды көркөм чагылдырууга жана мындай турмуштук көрүнүштү ар тараптан терең таанып билүүгө өбөлгө түзүп турат деп ойлойбуз.

Көркөм чыгармадагы диалогдо лингвистикалык факторлор прагматика-стилистикалык, социалдык, психологиялык, логика-семантикалык жана коммуникативдик, экстралингвистикалык факторлор менен системалуу мүнөздө тыгыз карым-катнашта болот. Аталган факторлорду бири-биринен ажырым кароого болбойт. Анткени бул факторлор бири-бирине эриш-аркак абалда тыгыз байланышып турат. Көркөм диалогдогу прагматика-стилистикалык жагдайлар андагы психологиялык, концептуалдык моделдик өзгөчөлүктөргө тыгыз байланыштуу. Диалогдун психологиялык өзгөчөлүктөрү да ар тараптуу изилдөөгө алынган [Жинкин, 1955: 22-34, 1966: 5-25, Ломов, 1979: 34-47, 1975: 124-135, 1975: 124-135, 1976: 64-93, Васильева, 1984: 37, Мясинцев, 1960: 110-125, Леонтьев, 1979: 121-132, Назаретян, 1982: 9-18, Рыжов, 1980: 39-46, Рубинштейн, 1959: 178, Якубинский, 1923: 96-194, Ананьев, 1977: 377, Святогор, 1967: 20].

Көркөм диалогдо субьектилердин тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган жүрүм-туруму жана ал жүрүм-турумдун психологиялык ички мазмуну да чоң маани-маңызга ээ.

Мисалы: *«… 1844-жылдын жазы…*

Диванхана. Шерали хан. Бир топ кишилер тегеректеп турушат. Баарында өң жок. Шералини бир ишке көндүрө алышпай турушкан сыяктуу. Баары аны карашат. Баары жикилдешет. Шады ынак. Казый. Жакында өзү шайх-уль-ислам деп мартабасын көтөрүп, колун берип мюриди болгон кожо. Шерали баягы Шерали эмес. Сакалы, муруту сыпаа чертилген, жүзү агарып, денеси толо баштап, кейпине сөөлөт кирип, көзү тирилип, кишини көтөрүңкү тиктеп калган. Ал чекесин чүрүштүргөн бойдон былк этпей ой басып отурду.

– Өзүңүз ойлонуп көрүңүз, о аллаяр… Биз кимбиз, биз сиздин алал ниет кулуңузбуз, сиздин ыкыбалыңыз жүрсүн дейбиз, сиздин даңкыңыз жогору болсун дейбиз… Өзүңүз көрүп турасыз, тыштан душман көбөйүп кетти, амир али тынчыбайт, вилаеттериңизди башкарып жаткан бектериңиздин кабагы салыңкы күндөн күнгө…Себеби эмне? Нүзүп! Тыштан өчөшүү, ичтен нааразылык күчөп кетти Нүзүпкө. Андан калса, ушу сиздин өзүңүзгө да түбүндө ниети түз эмес мунун! Сизге карагысы келбейт, а уулуңуз Мала бекти, байкайсызбы, дайыма жанына тартып, жол таанытып, э-э бул туз ургурдун көңүлү алыста, бирдемеге даярдап жүрөт. Хан көтөрүп алгысы бар Мала бекти, бир күнү сизди тындым кылып…

Шерали унчукпады. Анын көзү жылт деп бет маңдайындагы илинип турган чокойго улам түшүп турду. Эч айрылбай байкап турган Шады ынак:

– О, аллаяр…– деди түтөгөндөй. – Ана…Кылган иши ушу…Сиздин бир кудай сүйүп бак берген хан башыңызды пас кылганы…улук даражаңызды кемиткени, тепсегени…

Шерали жалт карады. Жүзүнөн ич толгоо, суроо көрүндү. Баарын кыдырата тиктеди. Баары бир кабак. Баары бир ооз. Баары баштарын төмөн ийип, бирок катаал түр менен, талап менен көңүлүн сурап турушат.

Ушундайбы?.. Анын көңүлү оой баштады. Нүзүп шылдың кылып чокоюн маңдайына илип таштаган турбайбы! Тизгинин тартып алган турбайбы! Эрди кымтыла баштады. Анын ичиндеги болуп жаткан кымкуутту жазбай көрүп турган аярлар:

– О, аллаяр! Ордоңуз көң чокой атыкты! – дешип, дагы көкүтүп эсине салышты.

– Ал! – деди Шерали катуу арданып кетип. Дуу-дуу» [Касымбеков, 1978: 105].

Мисалга алынган көркөм диалогдо «1844-жылдын жазы», «Диванхана», «Шерали хан» деген атама сүйлөмдөр бул диалогдун мезгилдик жана мейкиндик кырдаалын тактап көрсөттү. Аталган кырдаал кыргыз элинин тарыхындагы олуттуу маниге ээ болгон Кокон хандыгынын мезгилиндеги кырдаал болуп саналат. Ушул жагдай ошол доордогу социалдык, психологиялык абалды да айкын көз алдыга элестетип турат. **Көркөм диалогдогу логика-семантикалык өзгөчөлүктөр жана коммуникативдик, прагматикалык максат мүдөөлөр ошол социалдык кырдаал өзгөчөлүктөргө ылайык ишке ашат.** Бул көркөм диалогдогу негизги коммуникативдик-прагматикалык максат – Шералини Нүзүпкө каршы тукуруп, Нүзүптүн көзүн тазалоо. Мына ушул коммуникативдик, прагматикалык максат «бир топ кишилер тегеректеп турушат», «баарында өң жок», «баары аны карашат», «баары жикилдешет», «Шерали баягы Шерали эмес…», «көзү тирилип кишини көтөрүңкү тиктеп калган» деген сыяктуу экстралингвистикалык факторлор аркылуу жана «Шералинин бир ишке көндүрө алышпай турган сыяктуу», «вилаеттериңиздерди башкарып жаткан бектериңиздин кабагы салыңкы күндөн-күнгө…», «тыштан өчөшүү, ичтен нааразылык күчөп кетти Нүзүпкө», «өзүңүзгө да түбүндө ниети түз эмес мунун», «хан көтөрүп алгысы бар Мала-бекти», «бир күнү сизди тындым кылып» деген тилдик туюнтмалар аркылуу туюндурулуп башталат. Аталган лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлор, стилистика-прагматикалык жагдайлар хан ордодогу тымызын эрегишти, жашырын

бийлик талашуу максатын социалдык өзгөчөлүк катары көркөм баяндап турат. Мында бири-бирине тукуруу, бирин-бири жамандоо, бирин-бири көрө албоо, эрегишүү, бийлик талашуунун негизинде бир-бирине кастык кылуу, душмандык кылуу, эки жүздүүлүк, митайымдык, арамзалык көрүнүштөр ордодогу Шады ынак, казый, кожо сыяктуу адамдарга көнүмүш адат болуп калгандыгы байкалып турат. Баары жикилдешип, Нүзүптү каралап, жарым эс Шерали хандын аялуу жерине басым жасап, аны кыянат ишке макул кылдырып отурушат. Бул көркөм диалогдогу негизги мотив Шерали хандын психологиялык өзгөчөлүктөрүн терең иликтей алган Шады ынак тарабынан хан намысына тийүү тактикасы менен толук такталып баяндама андан ары улантылат. Шерали хандын намысына тие турган, илинип турган чокойдун тегерегинде болгон сөздөр жогоруда белгиленген Нүзүптүн көзүн тазалоо боюнча коммуникативдик, прагматикалык максаттын акырындап ишке аша баштаганын билдирет. Мындай логика-семантикалык багыт «Шерали унчукпады. Анын көзү жылт деп бет маңдайындагы чокойго улам түшүп турду» деген экстралингвистикалык көрүнүштөн улам кайра күч алып улантылды. Аны «Ана... Кылган иши ушу… Сиздин бир кудай сүйүп бак берген хан башыңызды пас кылганы… улук даражаңызды кемиткени, тепсегени…» деген Шады ынактын репликасындагы сөздүн маанилери дагы деталдаштырылып турат. Мында «хан башыңызды пас кылганы… улук даражаңызды кемиткени, тепсегени…» деген туюнтмалар негизги семантикалык жүктү көтөрүп, көп нерсени аңдабаган, билимсиз, түркөй Шерали хандын жан-дүйнөсүнө бүлүк сала алды. Бул көрүнүш «Шерали жалт карады», «жүзүнөн ичи толо суроо көрдү», «анын көңүлү оой баштады» деген экстралингвистикалык каражаттар аркылуу автордук ремаркада туюндурулган. Ошондой эле «Нүзүп шылдың кылып чокоюн маңдайына илип таштаган турбайбы!»деген Шералинин ой жүгүртүүсү ошого байланыштуу «эрдинин кымтыла башташы», «ичинде кымгууттун пайда болушу» анын психологиялык абалындагы будуң-чаңды билдирип турат. Ордодо далай саясий оюндарды жүргүзүп, алчы-таасын жеген Шады ынак,

казый, кожо сыяктуу митайым адамдар «Ордоңуз көң чокой атыкты» деген негизги маанидеги сүйлөмдү атайын диалогдун аягында айтышты да, башта мерчемделген өздөрүнүн коммуникативдик, прагматикалык максатына жете алышты. Биз муну «Ал! – деди Шерали катуу арданып кетип» деген туюнтмадан байкайбыз. Шералинин «Ал» дегени анын Нүзүпкө карата каршы чыгышын билдирет. Ошондой эле «Ал!» деген туюнтма Шералинин тегерегинде көкүтүп турган, бузуку адамдардын сөзүнө кирип, акыл токтотпой, эмоцияга берилгендигин, Нүзүпкө каршы жасаган бул иш-аракети акыры өзүнүн да түбүнө жетерин аңдабаган анын түркөйлүгүн да билдирет.

Жогоруда көрүнүп тургандай, ордонун ичиндеги саясий жаңжал, эрөөл, андагы социалдык-психологиялык, логика-семантикалык, коммуникативдик, прагматикалык жана экстралингвистикалык факторлор аркылуу ар тарабынан көркөм сүрөттөлүп берилди. Мында **диалог ойду туюндуруунун бир формасы, ыкмасы** катары колдонулган. Бул көркөм диалогдо прагматика-стилистикалык, социалдык-психологиялык, лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорду бири-биринен ажырым кароого болбойт. Анткени бул факторлордун баары биригип келип, XIX кылымдагы Кокон хандыгынын реалдуу турмушунун көркөм элесин образдуу чагылдырып турат.

Мында диалог түзүү мыйзам-ченемдери айкын байкалат. Маселен,

1. Бул көркөм диалог өзүнө тиешелүү коммуникативдик, прагматикалык максаттарга ылайык түзүлгөн. Ал максат диалогдун башында лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлор аркылуу туюндурулган.

2. Аталган диалогдо мезгилдик ал-абалдын мүнөздүү белгилери ачык көрүнүп турат. Анда хандык жеке бийлик негизги социалдык өзгөчөлүк катары көркөм сүрөттөлгөн. Бирок ал бийликтин толук кандуу эмес экендиги, хан болуп турган Шералинин андай чексиз бийликти башкарып кетүүгө жөндөмсүз экендиги, Шады ынак, казый, кожо сыяктуу шылуундардын ханга таасир этип, ханды жолдон чыгарууга аракет

кылуусунан байкалып турат. Аны бул диалогдо туюндурулган жалпы мазмундан байкайбыз. Демек, бул көркөм диалог мазмундук, социалдык ал-абалга байланыштуу түзүлгөн деп эсептесек болот.

3. Сөз болуп жаткан көркөм диалог, жалпысынан, психологиялык эки атмосфераны кыйыр түрдө билдирип турат. Биринчиден, хан ордодо ханды тукуруу процесси болуп жатышы жалпы эле Кокон хандыгындагы бийлик өкүлдөрүнүн ортосундагы ынтымактын, биримдиктин жоктугун жалпы психологиялык атмосфералык кырдаал катары көрсөтүп турат. Экинчиден, бул диалогдо Шерали хандын жетик эмес жан дүйнөсү жана ошого байланыштуу Шады ынак, казый, кожо сыяктуу бузукулардын жеке мүдөөнү көздөгөн конкреттүү душмандык психологиялык атмосферасы көркөм чагылдырылган. Ошентип, бул көркөм диалог конкреттүү ошол **кырдаалдын психологиялык атмосферасына байланыштуу** түзүлгөн.

4. Бул көркөм диалогдо Кокон хандыгындагы ички карама-каршылыктарды көркөм чагылдыруу негизги көркөм-эстетикалык максат болуп саналат. Мына ушул жагдай көрүнүш конкреттүү Шерали, Шады ынак сыяктуу каармандардын көркөм образы аркылуу деталдаштырылып, конкреттештирилип баяндалган. Натыйжада, хан ордодо бийлик талаштын негизинде кан төгүү процессинин бүтүндөй өзгөчөлүктөрү элестүү жана көркөм сүрөттөлдү. Демек, **көркөм чыгармада диалогдор автордук көркөм-эстетикалык мүдөөгө байланыштуу түзүлөт**.

Жогоруда көркөм чыгармада диалогду түзүүнүн ички мыйзам-ченемдери тууралуу сөз болду. Мындагы негизги коммуникативдик максат сүрөттөлүп жаткан турмуш-чындыгын ар тараптуу, көп кырдуу чагылдыруу болуп саналат. Тагыраак айтканда, **көркөм чыгармада сүрөттөлүп жаткан көркөм турмуш жана анын ар түрдүү жагдайлары диалог аркылуу көп багыттуу сүрөттөлөт.** Бул жагынан караганда, диалогду татаал жана көп кырдуу кубулуш катары кабыл алган окумуштуулардын ой-пикирине кошулууга болот [Касевич, 1988: 300].

3.5. Көркөм тексттеги диалогдун тематикалык өзгөчөлүктөрүн туюндурууда автордук баяндамалардын, репликалардын орду

Көркөм тексттеги диалог бирдиктүү тематикалык структурага ээ. Диалогдун темасын аныктоо боюнча ар түрдүү көз караштар бар. Аталган багытта да бир нече изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Маселен, диалогдун темасы диалогдо эмне же ким жөнүндө сөз болгону эсептелет. Тактап айтканда, диалогдогу негизги референт диалогдун темасы болот. Диалогдо эмне жөнүндө сөз болсо, ал – диалогдун темасы [Лабов, 1975: 96-181, Хаймс, 1975: 61, Волошинов, 1975: 336-362].

Ырас, **диалог теориясы боюнча диалогдук фрагментти аныктоодо «сүйлөө кырдаалынын биримдиги, микротеманын болушу, турмуш чындыгынын баяндалышы жана ошого жараша тилдик каражаттардын колдонулушу негизги белгилер** болуп саналат» [Плеханова, 1983: 8].

Ошентип, **диалогдо белгилүү бир темадагы маалымат ар тарабынан талкууга алынып, сөз болот. Ошондуктан айрым учурда көркөм диалог тематикалык бир нече бөлүктөргө бөлүнүшү мүмкүн**. Маселен, жогорудагы Шерали ханды Нүзүпкө каршы тукурган көркөм диалогдо бирдиктүү тематикалык-структура белгилүү болуп турат. Мында негизги тема – Шералинин Нүзүпкө каршы коюу, ошонун негизинде Нүзүптүн көзүн тазалоо. Диалогдогу бардык иш-аракеттер, колдонулган тилдик каражаттар мына ушул теманы ар тарабынан ишке ашыруу максатын көздөйт. Аталган жалпы тема бөлүк-бөлүк түрүндө баяндалып берилген. Алгач диалогдун башында Нүзүпкө каршы негативдүү идеялар лингвистикалык жана лингвистикалык эмес каражаттар аркылуу билдирилген. Бул көрүнүш «Шерали ханды бир топ кишилер тегеректеп турду», «баары жикилдешет», «Шерали ханды былк этпей ой басып турду», «нараазылык күчөп кетти Нүзүпкө» деген тилдик эмес каражаттардан жана «сиздин өзүңүзгө да ниети түз эмес», «сизди бир күнү тындым кылат» деген тилдик каражаттардан байкалып турат. Мында Нүзүпкө каршы үгүттөө көрүнүшү башталды.

Аталган тема чокойдун тегерегинде башка өңүттө, башка бир кырынан улантылып, акыры Шералини бузуку ойго көндүрүү менен аяктайт. Демек, **көркөм диалогдогу тематикалык структура бөлүк-бөлүк түрүндө ишке ашат** десек жаңылышпайбыз. Ырас, айрым окумуштуулар көркөм чыгармадагы диалогдо маалыматтар порция-порция түрүндө туюндуруларын мурда эле белгилеген [Бахтин, 1986: 2]. Мындай маалыматтык порциялар айтуучу менен угуучунун ортосундагы мамилени, жалпы эле сүйлөшүүдөгү кырдаалды аныктоого да мүмкүнчүлүк түзөт.

Көркөм чыгармада диалогдун коммуникативдик табиятын аныктоодо автордук баяндоо менен каармандардын сүйлөөсүн, алардын карым-катнашын, бири-бирине тийгизген таасирин, көркөм диалогдорду түзүүдө катышкан паралингвистикалык каражаттардын аткарган кызматын системалуу түрдө иликтөө зарыл. Анткени бул маселелер дагы көркөм диалогдун тематикалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот.

Көркөм чыгармадагы диалогдо автордук баяндоо чыгарманынтематикалык, маанилик жана мазмундук өзгөчөлүктөрүн толук кабыл алууга көптөгөн **мүмкүнчүлүктөрдү түзөт**. Ошондуктан көркөм диалогго чейинки жалпы контексттик абал автордук баяндама тарабынан билдирилет. Ошонун негизинде андан кийин улануучу диалогдун түпкү максаты, андагы бүтүндөй өзгөчөлүктөр окурман үчүн түшүнүктүү болот. Эгерде жогоруда иликтөөгө алган көркөм диалогдо Шерали хан жашаган доор жана андагы мейкиндик, социалдык абал тууралуу автордук баяндама болбосо, Шералини азгыруу диалогу толук кандуу маниге ээ болмок эмес. Чындыгында эле, көркөм чыгармада каарман өзүнүн мезгили, мейкиндиги, социалдык чөйрөсү жана андагы бүтүндөй өзгөчөлүктөрү менен толук кандуу каарманга айланат. Маселен, Шерали хан ордодо бийликтин таасирине кабылганы «Шерали баягы Шерали эмес», «жүзү агарып, денеси толо баштаган», «көзү тирилип кишини көтөрүңкү тиктеп калган» деген автордук баяндоо бир кезде жылкы багып, ашка жетпеген, шүмүрөйгөн

Шералинин өзгөрүлгөн көркөм портретин көз алдыга келтирип сүрөттөп берди. Мында «жүзү агарып, денеси толо баштаган» деген паралингвистикалык каражат анын жаны жай алып, бийликтин урматын көрүп, ашка тоюп, каада күтө баштаганын билдирет. Ал эми «кишини көтөрүңкү тиктеп калган» деген паралингвистикалык каражат анын бийликтин даамын сезип, тирилип, эсире баштагандыгын кыйыр туюндурат. Мына ушул Шерали хандагы психологиялык өзгөрүүлөр анын бийликтин таасирине кабылганын байкатат. Мындай маанилүү көркөм маалымат автордук баяндамада туюндурулган.

Көркөм диалогдо тематикалык биримдикти түзүүчүн автордук баяндамадагы маалыматтар менен диалогдогу репликалар бири-бирине үндөш, семантикалык жактан бирин-бири улап, курап турган мазмундук карым-катнашта болот. Маселен, иликтөөгө алынып жаткан жогорку көркөм диалогдо автордук баяндоодо билдирилген коммуникативдик максат, багыт диалогдогу репликаларда конкреттештирилип туюндурулган. Репликадагы «нааразылык», «душман», «ички нааразылык», «ниети түз эмес», «сизге карагысы келбейт», «туз ургур», «тындым кылуу» деген сыяктуу тилдик каражаттар, «баары эле бир кабак», «баары бир ооз», «баштарын төмөн ийип, катаал түр менен, талап менен көңүлүн сурап турушат» деген паралингвистикалык көрүнүштөр башта автордук баяндамада туюндурулган Нүзүпкө каршы үгүттөө процессин конкреттештирип турган каражаттар болуп саналат.

Диалогдогу «– О, аллаяр…» деген кайрылууда ынандыруу да, ошол эле мезгилде кайрылуу да, көндүрүү да, өз оюн таңуулоо да бар деп ойлойбуз. Мындай маанилик өзгөчөлүктү «түтөгөндөй» деген паралингвистикалык каражат айгинелеп турат. Анткени «түтөгөндөй» деген туюнтманын маанисинде «чындап жан тартуу, чын ыкласынан мамиле кылуу», «кетирилип жаткан жаңылыштыкты оңдоого жандалбас уруу», «Шерали ханды бир чоң кырсыктан, алааматтан сактап калууга аракет кылуу» сыяктуу сырткы көрүнүштөр, иш-аракеттер камтылып тургандай сезилет.

Ошондуктан Шады ынактын мындай паралингвистикалык кыймыл-аракетине, мамилесине Шерали хан ынанып калды. Бул процессте «түтөгөндөй» деген паралингвистикалык каражат Шералини жолдон чыгарууга күчтүү таасирин тийгизди. Илимий адабияттардагы билдирүүлөргө караганда, көркөм диалог тилдик каражаттардын негизинде түзүлгөн коммуникативдик процесстердин туундусу. Бирок ошондой болсо да, анда тилдик каражаттардан сырткары тилдик эмес паралингвистикалык каражаттар маани туюндуруучу активдүүкызмат аткарат. Биз аталган маселе боюнча, М.М.Бахтиндин [Бахтин, 1979: 175] жана академик В.В.Виноградовдун [Виноградов, 1963: 78] көз караштарын кубаттайбыз.

Ошентип, **көркөм чыгармадагы диалогду автордук баяндоо, каармандардын сүйлөгөн сөздөрү жана анда катышкан паралингвистикалык каражаттар менен бирдиктүү кароо өтө зарыл**. Бул көрүнүштөр бирин-бири аныктап, ачып, түшүндүрүп турат. Ошондой эле бул жагдай диалогдор аркылуу көз караштардын карама-каршылыгын күчөтүп, тереңдетип көркөм сүрөттөөгө мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Ошентип, көркөм диалог адамдын ой жүгүртүүсүнө күчтүү таасир эте алат [Брушлинский, 1979: Славская, 1968]

Көркөм диалогдо табигыйлык, коммуникативдик максаттын ачыктыгы, баяндоонун шыр, ыкчам түзүлүшү, ушуга байланыштуу белгисиздик, маалыматтын деталдаштырылышы, көп ойлонуп отурууга убакыттын аздыгы сыяктуу көрүнүштөр мүнөздүү. Мына ушул белгилер көркөм диалогдордо белгилүү бир темада сүйлөшүүнүн эркин, табигый мүнөзүн, өзгөчөлүктөрүн жаратат. Бул көрүнүш турмушту реалдуу сүрөттөөгө көмөкчү болот. Мисалы:

«… Ителгинин көзүндөй саргыч чекир көзү кадала тиктеп корс этти:

– Отур.

Эдигей столдун бери түбүндө турган табуреткага отурду…

– Андай болсо ишке киришели. Сени Кутыбаевдин эң жакын досу дешет го?

– Андай болсо ажеп эмес…

– Андай болсо ажеп эмес. Макул дейли, түшүнүктүү. – Анан берер суроосуна болор жоопко алдын ала ырахаттанганы айнектей тунарып чекирее түшкөн көзүнөн көрүнүп, күрсүнө айтты: - Ии, жан достум, жазып атырыбыз дечи?

– Эмне жазып атырыбыз? – Эдигей кысына түштү.

– Ошону мен билгим келет.

– Сен эмне тууралуу экенин түшүнбөдүм.

– Кантип эле? ЫЯ? Ойлонуп көрчү?

– Эмнени сурап атырысыз?

– Куттыбаев эмнени жазып жүрөт?

– Билбейм.

– Кантип билбейсиң? Баары билет, сен эле билбейсиңби?

– Бирдеме жазып жүргөнүн билем. Бирок эмне жазганын мен кайдан билейин. Аны менен ишим эмне? Жазгысы келсе, жаза берсин. Кимдин иши бар?

– Кимдин иши бар дегениң кандай? – деп ителги көз силкинип алды да, октой тешип өтчү чечекейин кадады. – Демек, каалаган киши жаза берсин дечи? Муну сага ошол үйрөттү беле?

– Ал мага эчтеме үйрөткөн эмес. Ителги көз анын жообун кулагынын сыртынан кетирди» [Айтматов, 2017: 321].

Мисалга алынган бул көркөм диалог, сыртынан караганда, табигый, шыр, ыкчам түзүлгөн. Бул көрүнүш диалогдун жалпы интонациясынан, анын ишке ашыш ык-жолунан байкалып турат. Ошондой эле мисалга алынган диалогдо белгисиздиктен белгилүүгө карай бет алган маалымат туюндуруу жолу да кезигет. Аны «Ии, жан достум жазып атырыбыз дечи», «Эмне жазып атырыбыз? Эдигей кысыла түштү» деген диалогдун бөлүгүнөн байкайбыз. Бул жагдай сүйлөшүүнүн кадыресе жайбаракат абалда эмес, күчтүү эмоционалдык чыңалууда болуп жаткандыгын кыйыр туюндурат. Адатта, жөн-жай позитивдүү мааниде сүйлөшүүдө белгисиздик, туңгуюк абал көп

кездешпейт. Бул көркөм диалогдо белгисиздик абалдын кездешиши диалогдун мазмундук өзгөчөлүгүн айкын көрсөтүп турат. Мындай чыңалуу каармандардын суроо-жоопторунан белгилүү болуп турат. Диалогдо суроо-жооп циклинин табияты боюнча да кызыктуу изилдөөлөр бар [Жинкин, 1955: 22-34, Лимантов, 1975: Орлова, 1968: Ломов, 1977: 64-92]. Анткени көркөм диалогдо суроо-жооп чоң маниге ээ. Суроо-жооптун табиятына жараша көркөм диалогдор бир нече түрлөргө, типтерге классификацияланган [Балаян, 1971: 325-331].

Жогоруда илдиктөөгө алынган көркөм диалогдогу сүйлөшүү бул кадыресе сүйлөшүү эмес, бул – сурак диалогу. Психологиялык өзгөчөлүктөр боюнча сурак диалогунда тергөөчү суроо репликалары менен диалогдун түзүлүшүн, уланышын аныктап турат. Мисалга алынган бул сурак диалогу ак ниет, мыйзам чегинде аткарылчу сурак эмес экендиги да «Эдигей кысына түштү» деген паралингвистикалык каражат аркылуу белгилүү болду. «Кысына түшүү» деген туюнтмада «сестенүү», «тынчсыздануу», «сактануу», «ой-санаага батуу», «кыжаалат болуу» сыяктуу бир нече кошумча маанилер кездешет. Эдигейдин мындай психологиялык кырдаалга туш болушуна тергөөчүнүн «ителгинин көзүндөй саргыч чекир көзү», «кадала карашы», анын «корс этип», «орой» кайрылышы себепчи болду. Бул көркөм диалогдо «ителги көз» деген туюнтмага өзгөчө маани берилген. «Ителги көз» – бул контекстте эч кимге жакшылык кылбаган, кошоматчылыктын, таш боордуктун, кара өзгөйлүктүн, мерездиктин, өзүмчүлдүктүн көркөм символу.

Мына ошондуктан мындай кыянатчыл тергөөчүнүн Эдигейден белгисиз нерселерди сурап турушу кооптонууну жаратпай койбойт. «Ителги көз» тергөөчүнүн «– Кантип билбейсиң? Баары билет, сен эле билбейсиңби?» деген суроосу Эдигейге карата ишенбөөчүлүктү, шектенүүнү, өзүнүн Абуталипке карата кыянат максаттарына байланыштуу маалыматтарды издеп, шимшилөөнү да билдирет. Тергөөчүнүн бул кыянат максаттары «Демек, каалаган киши жаза берсин дечи?», «Муну сага ошол үйрөттү беле» деген репликасынан дагы айкын болуп турат.

Жогоруда көрүнүп тургандай, **мыкты жазылган көркөм диалогдо, сыртынан караганда, сүйлөшүү эркин, табигый жүрүп жаткандай көрүнгөнү менен анын ички маңызында абдан көп маанилик агындар, мазмундук мааниге ээ болгон бир нече көркөм-эстетикалык каражаттар, кыйыр туюндурулган көркөм символдор туюндурулган болот.** Мындай диалогдор үстүрт караганда, көп ойлонуп отурууга убакыттын аздыгын билдирген сыяктуу шыр, ыкчам түзүлүшкө, эркин айтылышка ээ. Бул жагдай көркөм чыгармадагы диалогдун көп жактуу, көп түрдүү мүнөзүн жаратат. Мындай көркөм диалог адамдын турмуш-тиричиликте оозеки сүйлөшүүсүн көз алдыга элестетүү максатын да көздөйт. Тагыраак айтканда, реалдуу турмуштун өзүндөй оозеки сүйлөп жаткан кырдаалды көз алдыга элестетет. Бул көрүнүш чыныгы табигый диалогдун аналогун түзөт, уюштурат. Ошол себептерге байланыштуу көркөм чыгармадагы диалогдо кырдаал-шарттын кескин өзгөрүшү, белгисиздик, ыкчамдык, мунун тескерисинче, жайбаракаттык, унчукпоону билдирген, көпкө созулган тынымдын болушу сыяктуу белгилер да кездешет. Мына ушул белгилер көркөм диалогдун турмушка жакын, эркин, табигый мүнөзүн жаратат. Бул көрүнүш турмушту реалдуу сүрөттөөгө көмөк көрсөтө алат деп ойлойбуз.

3.6. Көркөм тексттеги диалогдун коммуникативдик түзүлүшү жана анда паралингвистикалык, шарт-кырдаалдык бөтөнчөлүктөр

Көркөм чыгармадагы диалог каармандардын сүйлөшүүсүнүн негизги формасы болуп саналат. Көркөм чыгармадагы диалогдордо сүйлөшүп жаткан эки адамдар катышат.Алардын ортосунда белгилүү бир мамиле болот.Ошентип, айтуучу угуучуга, угуучу кайра айтуучуга улам алмашылып турат.Көркөм диалогдо бир тема талкууга алынып,анда кандайдыр бир кызыкчылык, максат, белгилүү бир психологиялык өзгөчөлүктөр (психологиялык карама-каршылыктар же психологиялык окшоштуктар болушу ыктымал) туюндурулат жана белгилүү бир кырдаал өкүм сүрөт. Бул көрүнүштөр көркөм чыгармадагы диалогдун коммуникативдик сырткы түзүлүшүн айгинелеп турат.

Көркөм чыгармадагы диалогдо айтуучу менен бирге угуучу да активдүү роль ойнойт [Земская, 1988: 5-44, Сейдалиев, 1989: 98-108, Сухих, 1988: 22-29, Шуголь, 1990: 7]. Суроо-жооп моделиндеги диалогдор бир кыйла функционалдык-семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ. Суроо түрүндөгү жана жооп түрүндөгү репликалар бири-бирине бекем карым-катнашта болот [Орлова, 1968: 5]. Көркөм диалогдо тил, ой жүгүртүү, кырдаал, инсан, адамдын дүйнө таанымы сыяктуу маселелер эриш-аркак, бири-бирине карым-катышта изилдөөгө алынышы зарыл [Бурдина, 1988: 33-40, Девкин, 1985: 3-12, Комиссаров, 1985: 129-138, Сулименко, 1988: 57, Томахин, 1988: 82-86, Колшанский, 1979: 54-94].

Ошондой эле көркөм чыгармадагы диалог өтө татаал коммуникативдик процесстин бир бөлүгү болуп саналат. Анда сүйлөшүп жаткан адамдын шык-жөндөмү, жеке сапаттарына жараша сүйлөшүүсү ишке ашат. Сүйлөшүп жаткан адамдар өз ара мамилеге, шарт-кырдаалга, сүйлөшүүнүн темасына байланыштуу сүйлөшүүдөгү негизги максатты, көз карашты аңдап түшүнүшөт жана алар диалогдо кыска, так туюндурулат. **Көркөм диалогдо катышкан каармандардын акыл-эс өзгөчөлүктөрү, кулк-мүнөзү, темпераменти, дүйнө көз карашы, турмуш кызыкчылыктары сыяктуу экстралингвистикалык факторлор көркөм диалогдун мазмунуна ар кандай өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизип турат.**

Көркөм тексттеги диалогдордо каармандардын сүйлөө мүнөздөмөсүн иликтөө да өзгөчө маниге ээ. Анткени **каармандардын сүйлөөсү аркылуу алардын социалдык тибин, ар кандай өзгөчөлүктөрүн аныктоого болот** [Розен, 1960:]. Чындыгында эле, каармандардын сүйлөөсү аркылуу алардын социалдык абалын, кесиптик, улуттук, аймактык өзгөчөлүктөрүн аныктай алабыз. Каармандардын сүйлөө мүнөзүндөгү жеке көрүнүштөр алардын жалпы сүйлөө адатын чагылдырат.

Мисалы:

«... Аңгыча болгон жок, Базарбай өзү келди алагүү болуп кызып алган, аны ээрчип жан-жөкөрлөрү кошо келди.

– Сен эмне мурдуңду асманга көтөрөсүң? Адам экен деп чакырып атабыз, эмне эле кейкейесиң? Же, эмне, элден артыкмын деп жүрөсүңбү?– Базарбай ай-кою жок эле омуроолоп кирди.

– Айтпадымбы, убактым жок, – дагы да токтоо жооп берди Бостон, сүйлөшкүсү келбегенин атайылап эле көрсөтүп, тарелкадан борщту кашык менен шашпай сузуп ичип кирди; башка учур болсо, бир ууртагандан кийин мындай тамакты зордосо да ууртамак эмес.

– Менин сенде жумушум бар, – деди да Базарбай, зөөкүрлөнө Бостондун маңдайына отуруп алды.

– Экөөбүздүн ортобузда эмне иш болмок эле? – деди Бостон.

– Экөөбүз сүйлөшө турган кеп бар, эсеби маселен, башкасын айтпасак да, баягы бөлтүрүктөрдү сөз кылсак болбойбу ыя? – деп Базарбай кабагын бүркөп, башын чайкап койду.

– Алар жөнүндө сүйлөшүп бүтпөдүк беле, аны кайра козгоонунэмне кажаты бар?

– Менимче кажаты бар.

– Менимче кажаты жок. Мага жолтоо болбо. Мен тамагымды ичем да кетем.

– Кайда шашасың, ит? - Базарбай ыргып туруп, жини кайнаганда бузула түшкөн иреңин жакындатып, Бостонго ийилди, - Кайда шашасың сволуч? Биз али карышкырлар туурасында сүйлөшө элекпиз» [Айтматов, 1988: 315].

Көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын сүйлөгөн сөзү аркылуу анын жеке мүнөзү, адамдык сапаттары ачып туюндурулат. Мисалы, жогорудагы көркөм диалогдо Базарбайдын «эмне мурдуңду асманга көтөрөсүң?», «эмне эле кейкеесиң?» «же эмне элден артыкмын деп жүрөсүңбү?» деген сөздөрү «адамды сыйлабоо», ачык карама-каршылык көрсөтүү, адамга жөнү жок асылуу, ошол жай турмуштук кырдаалда жаңжал чыгарууга аракет кылуу, оройлук, ичи тардык жана көралбастык сыяктуу маанилерди туюндуруп турат. Өзгөчө, «мурдуңду асманга көтөрөсүң», «кейкеесиң» деген туюнтмалар мында өзгөчө маанилик жүктү көтөрүп,

жаңжал, уруш чыгаруунун башаты, баштоочусу катары коммуникативдик кызмат өтөй алды. Бул «мурдуңду асманга көтөрөсүң» деген сөздө «жек көрүү», «ачууланyy», «жөнү жок асылуу», «кекетүү-мокотуу», «опузалоо», «күчкө салуу», «басынтуу», «кемсинтүү» сыяктуу стилистикалык боекчолор бар. Ошондуктан алар ушул сөздөрдү айтып жаткан каармандын, Базарбайдын ички жан-дүйнөсү тууралуу кыйыр маалымат берип, анын адамдык портретин, жеке мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн айкындап турат. Бирге жашап, бирге иштеп жаткан Бостон сыяктуу кесиптешине мынтип кемсинтип, келекелеп асылуу анын адамдык нарк-насилинин кем экендигин билдирет. Экинчиден, бул сөздөр Базарбайдын Бостонго карата көралбастык, ичи тардык мамилесин, анын Бостонду жек көрүүсүн, дайыма Бостонго душмандык аракеттерди жасоосун билдирип турат. Бул жагынан караганда, автор Базарбайдын репликасы, сүйлөгөн сөзү аркылуу анын ким экендигин ачып түшүндүрүүгө аракет жасаган.

Иликтөөгө алынып жаткан көркөм диалогдо репликадагы сөздөр менен ошол сүйлөшүү учурдагы кырдаал карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул диалог кадыресе тамактануу учурундагы жай турмуштук кырдаалда болуп жатат. Экинчиден, бул жай кырдаалдын өзгөрүлүп кетүүсүнө мүмкүнчүлүк бербеген жагдайлар да байкалат. Аны Базарбайдын уруш чыгарууга аракет жасап, омуроолоп асылуусуна карата Бостондун токтоо, жай гана жоопторунан, реакцияларынан байкасак болот. Бул көрүнүш «дагы да токтоо жооп берди», «борщту сузуп ичип кирди» деген экстралингвистикалык каражаттар аркылуу билдирилди. Бостондун токтоолугу, жай, шашпаган кыймыл-аракети жай-баракат турмуштук-кырдаалдын өзгөрүп кетүүсүнө тоскоолдук кылып тургандыгын билдирет. Кырдаалдын кескин өзгөрүп кетүүсүнө жол бербөө Бостон үчүн дагы оңойго турбагандыгы «башка учур болсо, бир ууртагандан кийин мындай тамакты зордосо да, ууртамак эмес» деген туюнтмадан белгилүү болуп турат.

Демек, бул көркөм диалогдо бир тарап (Базарбай) жаңжал чыгарууга аракет көрүп жатат, экинчи тарап (Бостон) андай жаңжал чыгарууга жол

бербөө амалын жасап жатат. Бул жагынан караганда, диалогдо катышып жаткан коммуниканттар эки түрдүү коммуникативдик максатты ишке ашырып жатышат. Мына ошондуктан сүйлөшүүнүн турмуштук жай кырдаалы кескин өзгөрүүгө учураган жок. Эгерде экинчи тарап (Бостон) да жаңжал чыгарууну коштосо, анда сүйлөшүүнүн бул кырдаалы кескин өзгөрүүгө учурамак.

Көркөм диалогдо коммуникативдик шарт-кырдаалга байланыштуу мазмундук жактан диалогдор:диалог-талаш-тартыш, диалог-жашыруун түшүндүрүү, диалог-эмоционалдык конфликт, диалог-унисон (диалог-унисон көз карашы окшош адамдардын бири-бири менен мектешүүсү) деген түрлөргө бөлүнөт [Соловьева, 1965: 103-110].

Жогоруда иликтөөгө алынып жаткан көркөм диалогдо каармандардын ортосундагы конфликт «ай-кою жок эле омуроолоп кирди», «зөөкүрлөнө Бостондун маңдайына отуруп алды», «кабагын бүркөп башын чайкап койду» деген терс маанини, терс мамилени билдирген Базарбайга тиешелүү паралингвистикалык каражаттар аркылуу эмоционалдуу туюндурулган. Ошондой эле бул конфликтин терең мүнөзү каармандардын ортосунда айтылган сөздөр антонимдик мааниде колдонулган «–Менимче, кажаты бар», «–Менимче, кажаты жок» деген сүйлөмдөрдөн да кыйыр белгилүү болуп турат. Мында эки түрдүү көз караштагы, эки түрдүү мүнөздөгү адамдардын ортосундагы кагылышуу болуп жаткандыгы көркөм маалымат катары туюндурулуп отурат. Ошондуктан бул көркөм диалог эки каармандын жөн салды эле сүйлөшүүсү эмес, бул диалог – эки башка типтеги мүнөздөрдүн, көз караштардын кагылышуусу. Бири-бирине бардык жагынан төп келбеген эки түрдүү адамдын иш-аракетин чагылдырып тургандыгы менен аталган көркөм диалог айырмаланат. Мында эки каармандын көркөм образы алардын сүйлөгөн сөзү, бири-бирине болгон мамилеси аркылуу туюндурулуп жатат. Ал эми Базарбайдын адамга карата «ит» деген сөздү колдонушу, «Биз али карышкырлар тууралуу сүйлөшө элекпиз» деген өзүнүн оюн башка бирөөгө

таңуулашы, анын ыпылас жан-дүйнөсүн, билимсиз жана маданиятсыздыгын билдирип турган негизги белгилерден болуп саналат.

Көркөм диалогдун түзүлүшү жана анын ишке ашышы, диалогдо сүйлөшүп жаткан адамдардын сөздөрүнөн улам кырдаалга жараша жаралат [Щерба, 1915: 35]. Ошентип, жогоруда көрүнүп тургандай, **көркөм чыгармадагы диалогдордо сүйлөшүп жаткан адамдардын адамдык жеке сапаттары, турмуштук ар кандай көз караштары, каармандардын акыл-эс, кулк-мүнөз өзгөчөлүктөрү экстралингвистикалык факторлордун коштоосунда көркөм туюндурулат** жана **бул көрүнүштөр көркөм диалогдун мазмунуна ар кандай өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизип турат.**

3.7.Көркөм диалогдо паралингвистикалык, экстралингвистикалык маанилерди туюндурган автордук ремаркалардын өзгөчөлүктөрү

Көркөм диалогдо паралингвистикалык, экстралингвистикалык маанилерди билдирген автордук ремаркалар көркөм-эстетикалык маалымат туюндурууга активдүү катышышат. Чындыгында эле, көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын сырткы турпаты менен ички табияты алар сүйлөгөн сөздөр, жасалган иш-аракеттер, автордук ремаркалар аркылуу көркөм-эстетикалык маалымат катары туюндурулат. Бул учурда каармандардын көркөм образын терең жана ар тараптуу сүрөттөп ачып берүү максатында автордук ремаркалар, экстралингвистикалык факторлор таасирдүү коммуникативдик кызмат аткарат. Автор ремаркада диалогдо айтылган нерселерге кошумча маани киргизе турган мимика, жест, ар кандай ымдоо-жаңсоолор, каармандардын турган турпаты, сүйлөшүп жаткандагы каармандардын сырткы жүрүм-туруму, кылык-жоругу сыяктуу жана башкапаралингвистикалык көрүнүштөр тууралуу түшүндүрмөлөрдү берет. Бул өз кезегинде каармандардын ички дүйнөсүн ар тараптан сүрөттөп, көркөм диалогдогу көркөм маалыматты мазмундук жактан толуктап, байытып бере алат. **Көркөм диалогдогу автордук ремарканын негизги коммуникативдик максаты каармандардын сүйлөгөн сөздөрүнө карата**

кошумча мүнөздөмөлөрдү берүү болуп саналат. **Автордук ремаркада каармандардын эмоционалдык дүйнөсү, темпераменти, кызыкчылыктары, каалоолору, ден соолугу, таарынычы, кубанычы, өтүнүчү, нааразычылыгы, ыраазычылыгысыяктуу жана башка каармандардын ички дүйнөсүнө, сырткы турум-турпатына тиешелүү маселелер,** анын **сүйлөө өзгөчөлүктөрү, басым, интонация, тон, ыргактарды колдонуу абалдары** жана башкалар **туюндурулат**. Ошондуктан көркөм диалогдо паралингвистикалык, экстралингвистикалык каражаттар олуттуу маниге ээ.

Көркөм чыгармадагы диалогдордо кароого, көз карашка байланыштуу экстралингвистикалык каражаттар өзгөчө маалымат туюндурууга жөндөмдүү. Алар туюндурган жалпы мааниси боюнча мейкиндикти, локалдык структураны билдирген сөздөр, тилдик каражаттар, тактоочтук каражаттар менен конкреттештирилет. Кароого, көз карашка байланыштуу экстралингвистикалык каражаттар көркөм сүрөттөлүп жаткан турмуштук кырдаалдын визуалдык абалын, картинасын чагылдырып турушкандыгы менен айырмаланат. Ошентип, көрүүгө байланыштуу тилдик каражаттар көркөм диалогдо колдонулган сөздөрдүн семантикалык оттенокторун тактоочу, толуктоочу, ар тараптан мүнөздөп көрсөтүүчү кызмат аткарат.

Каармандардын кантип тиктешкени алардын психологиялык абалын эле туюндурбастан, ошол эле учурда андагы жалпы психологиялык атмосфераны, кырдаалды кошо сүрөттөө мүмкүнчүлүгүнө ээ. Демек, **көркөм диалогдо айтылган сөздөргө гана эмес, анда катышкан каармандардын белгиленген көз караштарына да кылдат маани берүү зарыл. Анткени** белгиленген **көз караштарда да жашыруун, көмүскө көркөм маалыматтар камтылган болот.** Мисалы:

«*…Султанмурат бек терин жеңи менен аарчыды.*

Исхак:

–Эс аласызбы, ава? – деди суз. – Бул дүйнөнүн көйүнөн чарчадыңызбы?..

Көлтөйгөн Султанмурат бек мурдун тартты. Же баш ийкерин билбей, кирпиги араң ирмелип кыңырылды. Эшик ага Момун тура келип, ага кымкап тон жапты.

– Ийниңиз кубанып чыксын, бек ага… – деди Исхак, бир ууртун тартып жымыйып, суук тиктеп, Султанмурат бек аны байкаган жок, жетине албай, каңырыгы түтөп:

– Ыракмат… Бул дүйнөнүн жыргалын көр… – деп, андан ары эмне кыларын, эмне дээрин билбей, «Ичер суум бар окшойт?!» деп, тирүү калышына ишеним сызылып келип, эти ысып кетти.

Исхак башын чайкады: «Тигини! Жыргалдан башка самаары, тилери жок булардын?! Карачы, өкүмдар болуу өз жыргалын көздөө деп билишет!» деп иреңи түктөйдү.

Султанмурат бек ордунан кубанып турду. Улам-улам таазим кылып коштошуп, ушул жерден чыкканча шашып, күдүңдөп жөнөп калды. Эрдин бек кымтып, мелтейип тиктеп, Исхак башын ийкеди:

– Узатып койгула…

Бул өлүмгө кыйган буйрук болуучу. «Күндүн көзүн көргөн суукка тоңбойт, хандын көзүн көргөн арам өлбөйт» дечү эле го? Абдылла бек кыя тиктеп калды.

Исхак:

– Чириген жыгач, – деп, колунун учун терс шилтеп койду, – устун болбойт, отунга да жарабайт…

Султанмурат бек эртеңки күнкү таңды көргөн жок.» [Касымбеков, 1978: 439].

Көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын көз караштары ошого ылайык кыймыл-аракеттери да, кылык-жоруктары да чоң мааниге ээ. Анткени көз карашка байланыштуу мындай тилдик каражаттар бир нече кошумча маанилерди туюндуруп, каармандардын ар кандай жан дүйнө абалдарын чагылдыра алат. Маселен, жогорудагы Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан мисалга алынган көркөм

диалогдо чыккынчылык кылган Султанмурат бектин мамилесине карата Исхактын көз караш кыймылы аркылуу бир нече көркөм маалыматтар туюндурулган. Бул көркөм диалогдун жалпы мазмунуна кайрылсак, Султанмурат бекке жакшы сүйлөп, ага тон кийгизип, сыртынан урмат көрсөтүп, жашоосуна үмүт жандырып, бирок ичинен өлүм жазасына буйруу чечими чыгарылган катаал турмуштук көрүнүш көркөм сүрөттөлгөн. Исхактын сырты менен ичи дал келбеген мындай карама-каршылыктуу чечими сүйлөгөн сөзү менен ойлогон оюнун дал келбестигинен байкалат. Ошондуктан бул көркөм диалогдо «Эс алдыңызбы, аба?», «Бу дүйнөнүн көйүнөн чарчадыңызбы?», «ийниңиз кубанып чыксын бек ага…» деген сылык-сыпаа, сыртынан караганда, урмат-сый көрсөтүлүп жаткандай маанайды туюндурган сүйлөмдөр колдонулган. Бирок мындай жылуу-жумшак сөздөр тегин айтылган эмес. Аны «Исхак бир ууртун тартып жымыйып, суук тиктеди» деген автордук ремаркадан байкайбыз. Исхактын репликасы менен автордук ремарканын бири-бирине дал келбей кайчы маанини туюндурушу айтылган сөз менен жасала турган иштин эки кайчы абалда экендигин билдирет. «Бир ууртун тартып жымыйып, суук тиктөө» деген туюнтмада Султанмурат бекке карата терс эмоция, терс маани, «элдешкис кастык», «жек көрүү», «нааразылык» билдирилген. «Суук тиктөө» деген фразеологизмде Султанмурат бекке Исхактын «ачуулануу», «эч жакшылык каалабай, анын көзүн тазалоого бет алуу» сыяктуу ички жан дүйнө абалы эле билдирилбестен, Кокон хандыгы мезгилиндеги бийлик өкүлдөрүнүн бири-бирине карата кырчылдаган душмандык, мыкаачылык мамилелерин чагылдырган жалпы эле турмуштук, психологиялык атмосферанын көп түрдүүөзгөчөлүктөрү көркөм баяндалып берилген.

Исхактын ички дүйнөсүндөгү кара мүртөз, катаал чечимдеринин жаралганын аңдабаган, жашоого үмүтү жанып, кубанып алган Султанмурат бектин коштошуп, күдүңдөп бара жатканын Исхак «эрдин бек кымтып, мелтейип тиктеген» деген туюнтмадан «катаалдык», «бийлик үчүн эч кимди аябоо», «өзүнө каршылык көрсөткөн чыккынчы адамдарды өз жолунан

тазалоо», «ушул максаттар үчүн кан төгүүгө белсенүү» сыяктуу маанилик өзгөчөлүктөрдү байкасак болот. Экстралингвистикалык көрүнүш катары каармандардын көз карашы аркылуу туюндурулган ушул сыяктуу көркөм маалыматтар чыгармада көркөм туюндурулуп жаткан турмуштук кырдаалдын визуалдык абалын, картинасын кеңири чагылдырып турат. Бул көркөм диалогдогу каармандардын көз караш кыймыл-аракетинен XIX кылымдагы Кокон хандыгы доорунун мүнөздүүөзгөчөлүктөрүн таанып билүүгө болот. Бул жагдайлардан бийлик үчүн, мансап үчүн бири-бирин өлтүргөн кыянатчыл, душмандык психологиялык атмосфераны да байкоо кыйын эмес. «Суук тиктеди», «мелтейип тиктеди» деген көркөм деталдар ошол доордогу адамдардын кастыкка, душмандыкка биротоло сугарылган ички жан дүйнөсүн, кан төгүүдөн кайра тартпаган мыкаачылык, психологиялык ал-абалын кыйыр түрдө көркөм баяндап турат деп ойлойбуз. Ошондуктан каармандардын ушул сыяктуу көз караш кыймыл-аракеттери көркөм диалогдо көп багыттуу семантикалык оттенокторду туюндурат. Демек, бул фактыларга караганда, көркөм диалогдо паралингвистикалык, экстралингвистикалык маанилерди билдирген автордук ремаркалар көркөм-эстетикалык маалымат туюндуруу максатын көздөөрүн байкоого болот.

Көркөм диалогдо унчукпоо көп түрдүү көркөм маалыматтарды туюндура алат. Мындай көрүнүш автордук ремаркалар аркылуу ар тараптан деталдаштырылат. Илимий маалыматтарга караганда, “...кээде унчукпоо да көптөгөн экстралингвистикалык факторлордун фонунда мазмунга ээ болот. Ошондо аны текст катары кароого болот» [Маразыков, 2005: 132-133]. Көркөм диалог тексттеринде мындай унчукпоо каармандардын көркөм образын түзүүгө да катыштыгы бар экени маалым. Ошондой эле, унчукпоо каармандардын жан-дүйнөсүндөгү өзгөчөлүктөрдү көрсөтүүчү бир каражат да болуп саналат [Шыныбекова, 2010: 100]. **Көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын унчукпоосу да белгилүү бир көркөм-эстетикалык максаттарды көздөйт.** Каармандардын андай унчукпоосу дайыма ымдоо-жаңсоолор, көз караш, кабак-каш кыймыл-аракеттери

аркылуу деталдаштырылып берилет. Каармандардын мындай эмоциясы, ички абалы имплициттүү түрдө билдирилет. Тагыраак айтканда, каармандардын ар түрдүү эмоционалдык абалдары жашыруун, кыйыр туюндурулат. Мындай кыйытуу маанилерин туюндурууда сөздү толук айтпай, каймана айтуу ыкмалары колдонулат. Мисалы:

«*…Анын үстүнө чоң үйгө кирсем бөлмөлөрдүн баарысы тең жаркырап, таптаза, ар буюм баягы апам бардагыдай, ал түгүл андан да иреттүү, орду-ордунда, карападагы гүлдөргө суу куюлуп, китеп текчелердин чаңы сүрүлүү. Айтору бардыгы жай-жайында, көңүлүң ачылат үйгө кирсең. Мен Ажике жеңеме атайлап рахмат айткым келип, бирок кыргыздарга антсең тууган ичинде жакшылыкты эсептешкендей көрүп таарынарын ойлоп, болгону жеңеме эзиле карап, ичим жылыгандан жылый берди.*

Бирок ошондон көп өтпөй үчөөбүздүн ортобузда мен түшүнбөгөн кызык окуялар башталып, акыр аягы чыр-чатак менен бүтсө болобу. Кептин баары Ажике жеңем самоор коюп бизге түшкү чай берем дегенден башталды окшойт.

Жеңем самоор коем деп балпактай кетти да, бирок керектүү идиштерди таппайт, же ширеңкесин таппайт. Экөөбүз эптеп жүрүп самоор тапсак, эми отуну кайда, суусу кайда болуп убарабыз. Шкафтар, сандыктар бая апам бардагыдан өзгөрүп, тамак-аштын турган орду таптакыр алмашып кетиптир. Биз антип убара болуп жатсак, атамдын негедир сиркеси суу көтөрбөй, уламдан улам түнөрө берди. Утуру ордунан тура кетип, этек-жеңин кагып-силкип, Ажике жеңемдин басып-турганынабы, сүйлөгөн сөзүнөбү, же кылган ишинеби, айтору, баарына эле итатайы тутулат. Мен атамдын мындай жеңил кыялын өмүрүмдө көргөн эмесмин. Кирин жууп, ашын жасап жүргөн жеңеме мынчалык эмне үтүрөңдөйт деген ойдо мен ого бетер жактырбай, улам алайып карап калып жаттым аны. Бирок анткенимди эсепке да алган жок, барган сайын кыжыры кайнап туттугуп,экөөбүздү тең, өзгөчө Ажике жеңемди көрөйүн деген көзү жок атамдын. Бир оокумда Ажике жеңем чай издеп шкафтан-

шкафты аңтарып калды. Же каргыш тийген чайы табылбайт, же жеңем издегенин койбойт. Кебетесине карасам, ушул үйгө далайдан бери кирген сыягы жок жеңемдин. Менин эсиме Мунабия тык дей түштү. Жеңем эмей эле ошол жасап жүрсө керек бул үйдөгү оокатты. Же балким, андай эмеспи…

– Чайыңызды кайда койчу элеңиз?! – дедим Ажике жеңеме ачуум келе түшүп. Жеңем суроомо жооп бербестен суурмалардын улам бирин чаңызгытып аңтара берди. Баарынан кызыгы анын да атамдан бетер ачуусу келип, өңү кара көк тартып алыптыр. Улам ылдый түшкөн жоолугун улам кулагынан арта салып, бир нерселерди кыжырданып күңкүлдөйт. Кебетеси дал атамдын өзүнө акарат кылып жаткандай.

– Чайыңызга ыраазымын, келин бала! Тим эле койчу! – деп жиберди бир маалда атам анын ошол күңкүлдөгөнүнө чыдабай. Мен шаштым кете түштү. Карыя киши да ушунча орой сүйлөчүбү жарыктык. Жеңем бечарада эмне күнөө? Чай кайнатып бергени жаткан жазыгыбы?

Адегенде ушундай ойлогон мен жеңемди мына азыр булкуна туруп үйүн көздөй жөнөйт экен деп чочугам. Бирок ал эмнегедир антпеди. Антмек түгүл мурдагыдан бир өзгөргөн түрү жок.Эч нерсе укпаган кишиче издеген чайын издеп, баягыдай эле кыжырданып тилденет. Анткен сайын атамдын каары бетине чыгып, акыры жеңемди үйдөн кууп чыкчудай туталанды.

– Мага чай бербей, уу берчи! Уу бер! – деди ал боюн токтото албай калчылдап. Жеңем болсо, деле атамдан бир сөз укпаган киши. Мен ошого укмуштай таңыркадым. Бул эмне деген окуя?Кимисине болушуп, кимисине эмне сөз айтаарымды билбейм. Жеңеме жан тартайын десем, анын дал өзүндө бир сыр бардай. Болбосо, атамдын тигинтип кыйкырганына бир кайрылып жооп кылбайт беле. Балким, жеңемде бир ажайып күнөө барбы дейм. Бирок ал эмне деген күнөө болмок? Айтору, улам барган сайын экөөнүн ортосуна кирише албай четте калдым. Баарыдан ичим күйгөнү атам менин бүгүнкү келгениме, жанында турганыма эч бир көңүл бурбай мени келдиби, жокпу дебей кандайдыр жашырын турмушу менен, мага белгисиз өз

санаасы менен алек болсо, ошол себептен келининен эч уялбай араздашып, ага кыйкырып орой сүйлөп, мындайча айтканда, Ажике жеңемдин жакшылыгына жамандык менен жооп кылып жатканы болду.

Эмне себептен мындай болот? Эмне себептен илгертен «Жоош Узак» аталган бир мүнөздүү, тынч киши минтип бир жылга айланбай кыялы кескин өзгөрүп, адам таанылыс абалга келет? Мен чын эле эч нерсе түшүнө албай капа болуп турдум эле, аңгыча атамдын биротоло каны бузулду бейм, эмне кылып, эмне коюп жатканын өзү билбей, калч-калч этип тура калды да жеңем жаңы эле сырттан алып келген самоорду кайнаган суу-пуусу менен кошо көтөрүп туруп эшиктен нары шилтеп жиберди.

– Мен чай ичпейм. Мага баарыңар чогулуп келип уу бергиле! Уу керек мага! – деди анан эки-үч сапар каргылдана кыйкырып. Андан соң төркүүйгөөттү да эшикти тарс жаап алды.Жеңемдин өңүөзгөргөн да жок, кыймылы да шашылбады. Сырт кейпине караганда, ал эрке баласы чатак салып тайраңдап жаткан эне сыяктуу, адепсиз жубарымбектин качан басылаарын күтүп турган сыяктуу [Акматов, 1987: 51].

К.Акматовдун «Мунабия» чыгармасындагы мисалга алынган бул көркөм диалогдо Жанузактын ичиндегисин айта албай туталанган унчукпоосу автордук ремаркаларда бир кыйла кеңири баяндалган. Асылбек инисинин аялы Ажике келини анын жеке турмушуна кийлигишип, тынчтык бербеген жоругун жактырбай, баласына ички сырын ачык айта албай, кыжаалат болуп, туттугуп турган учуру атайы тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган. Маселен, «Биз антип убара болуп жатсак…*кагып-силкип», «айтору баарына эле итатайы тутулат*» деген көркөм деталдар Жанузак карыянын өз тагдырын өзү чече албай, өз жашоосун өзү каалагандай түзө албай жаткан кыжаалат абалын чагылдырып турат. «Сиркеси суу көтөрбөй», «этек жеңин кагып-силкүү» деген фразеологизмдер адамдын ички жан дүйнөсүндөгү тынч эмес абалды, анын кандайдыр бир нерсеге карата тынчсызданууусун, кооптонуп, кабатырлануусун билдирет. Бул контексте Ажике келининин үйгө келип, кагынып-силкинип, идиш издегени,

жеңесинин керээзи орундалбай жатканына Жанузакты күнөөлөп, күңкүлдөп, ачуусу келип, кара-көк тартып сөз айтканы, Жанузактын жеке турмушуна кийлигишип, анын ачуусун келтирип, тынчын алып жүргөндүгү «итатайы тутулуу» деген фразеологизм аркылуу көркөм туюндурулган. Дал ушундай мамилеге каршы Жанузактын реакциясын билдирген «түтүрөңдөйт» деген туюнтма да бекеринен бул көркөм диалогдо колдонулган эмес.

Адамдын ички сезимдерин эсепке алуу оюна келбеген Ажике келининин кебелбеген кыймыл-аракети Жанузактын эмоционалдык чыңалуусун жогорку деңгээлге жеткирген. Ал «барган сайын кыжыры кайнап, туттугуп, экөөбүздү тең, өзгөчө Ажике жеңемди көрөйүн деген көзү жок атамдын» деген туюнтмалар аркылуу деталдаштырылып сүрөттөлгөн. «Кыжыры кайнап туттугуу», «көрөйүн деген көзү жок» деген фразеологизмдер жогоруда белгиленген «ачууланyy», «туттугуу», «кыжаалат болуу», «итатайы тутулуу» сыяктуу маанилерди андан ары күчөтүп туруучу касиетке ээ.

Жогорудагы иликтөөлөрдөн көрүнүп тургандай, өзүнүн табияты боюнча жоош, токтоо, көтөрүмдүү Жанузактын туттугуп унчукпоосу бул көркөм диалогдо Жанузак менен Мунабиянын махабатынын канчалык терең экендигин көркөм подтексттик маалымат катары көркөм чагылдыруумаксатын көздөйт. Жанузактын туттугуп унчукпоосу анын сырдуу махабатына башкалардын кийлигишүүсүнө каршы реакциясы да болуп саналат. Ал мындай реакциясын сөз айтпай мимикасы, пантомимикасы аркылуу улуу менен Ажике келинине билдирүүгө аракет кылган. Мындай аракет эч кандай натыйжа бербегендиктен «–Чайыңызга ыраазымын, келин бала! Тим эле койчу!» деп сыпайы, жайынча сөз айтып таасир этүүгө дагы да болсо аракет жасайт. Ал эми Ажике келини анын бул сөзүн кулагынын сыртынан кетиргенде Жанузактын эмоционалдык чыңалуусу жогорку чекке жеткени «атамдын каары бетине чыгып, акыры жеңемди үйдөн кууп чыкчудай туталанды» деген эмоционалдуу, экспрессивдүү туюнтмалар менен белгиленген. Мындагы «каары бетине чыгуу», «туталануу» деген көркөм

деталдарда «ызага мууну», «өзүн адам катары эсептебеген келин баласына жаалы келип ачуулануу», «аргасы түгөнүү», «нааразылык» сыяктуу стилистикалык боекчолор, катмарланган семантикалык өзгөчөлүктөр бар.

Жанузактын «–Мага чай бербей, уу берчи! Уу бер!» деп «токтоно албай калчылдашы», «айткан сөзгө түшүнбөй жана түшүнгүсү да келбей, кичүү адамдардын анын жеке турмушун тебелеп-тепсеп жаткан мамилесине жаны ачып түңүлүүсүн», «бирөөнүн ички ишине кийлигишкен алардын маданиятсыздыгына түп көтөрө каршы болуусун», «ыйман-ызаттан ныпым калбаган, кашкөй Ажике келининин бул жоруктарына бүт дүйнөсү менен нааразы болуусун» билдирет. «–Мага чай бербей, уу берчи! Уу бер!» деген туюнтмада каймана айтылган көркөм идеялар арбын. Бул көрүнүш «беттегенимден кайтпайм», «менин ички иштериме кийлигишпегиле», «мага эмне үчүн мындай мамиле кыласыңар», «мен силердин акылыңарга, жол көрсөткөнүңөргө муктаж эмесмин», «мени өз жайыма койгулачы» деген Жанузактын ачуу кыйкырыгын, ички чаңырыгын көркөм чагылдырып турат.

Бул иликтөөлөр көрсөткөндөй, **көркөм чыгармадагы диалогдо каармандардын унчукпоосу да көркөм-эстетикалык максатта колдонулат. Андай унчукпоо каармандардын ички дүйнөсүндөгү көп түрдүү эмоционалдык, психологиялык кырдаалдарды көркөм иликтөөнүн бир жолуда болуп саналат.** Чындыгында, унчукпоо экстралингвистикалык көрүнүшкө жатат. Андагы бүтүндөй өзгөчөлүктөр көркөм диалогдо автордук ремаркалар аркылуу ар тарабынан деталдаштырылып, семантика-коммуникативдик жактан иретке келтирилип турат. Бул көрүнүш дагы көркөм диалогдо автордук ремаркалардын бир өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

3.8.Көркөм тексттеги диалогдордо колдонулган лексикалык каражаттардын стилистикалык кызматы

Көркөм тексттеги диалогдордо каармандардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүнө, алар колдонгон лексика-фразеологиялык каражаттарга өзгөчө басым коюу зарыл. Кээде көркөм-эстетикалык, идеялык максаттарга байланыштуу каармандардын сүйлөшүүсүндө адабий тилдик нормадан четтөөгө жол берилет. Турмушту реалдуу, көркөм туюндуруу ыкмасы катары диалектизмдер, говорлор, вульгаризмдер, профессионалдык терминдер жана башка тилдик каражаттар автор тарабынан атайы колдонулуп, натыйжада, көркөм диалогдо каармандардын жекече сүйлөө манерасы түзүлөт. Мисалы:

«…– О, мүнүшкөр Сарыбай турбайсыңбы! Кел, кел… Отур, отур… Сарыбай күлгөн болду.

– Келчү эмес элең… –Теңирберди капыстан келген мейманына бутакта илинип турган карала эчки талпакты салып кадырлап отургузуп, өзү как жерге чөк түштү, кыйгач тийген күндүн көзү чалып өткөн жердин табына карынын тизеси жылып жаны сүйүп кетти. – О, Сарым… келчү эмес элең, жол болсун?..

Сарыбай сейрек сары сакалдуу, көзүнүн үстү кабырчыктаган, эти жука киши эле. Кебези тайыз кашкары чапанды саймалуу сары кең чалбарга шымданып койгон. Бутунда тумшугу чукчуйган көн өтүк. Колунда күмүш камчы.

– Бекерчилик, Теңирберди аке. Кырааным түлөп отурат…

– Бекерчи болсоң, мына жакында таруум баш алат, келип тарууу корушсаңчы! – деп Теңирберди абышка тамаша сөз жиберип, кызыл ээк оозун ачып кыкылдап күлүп калды. – Бүркүтүңдү үксөйтүп тыттын башына кондуруп койсоң болду, ошондо эле чымчык атпай бу чөлкөмгө жолобой калат!

Сарыбай күлүп, ал дагы тамашага жараша жооп кылды:

– А бүркүтүмдүн тырмак акысы кандай болор экен, Теңирберди аке?

–Теңшерик!

–О! жылда эле, Теңирберди аке, бүркүтүмдү тытыңыздын башына кондуруп берип мейнетиңизге теңшерик боло берем го!

– Ошент.

– Ха-ха-ха! Анда ат тердетпей үйдө жатып жан бага берет турбаймынбы!

Күлүп калышты. Күлкүдөн соң, Теңирберди үрпөйгөн кара каштарын ылдый салып:

– Түзүк, Сарым… – деди. – Оңой бекен жан бакмак. Арпа эми дүмбүл болду. Эки-үч тутам жулуп алпарып балдарга куйкалап берип алдап турсамбы деп келдим эле. Күндө көрүп турбасаң да болбойт, мал кыйратып кетеби деп чоочуйсуң. Тиги кара адырдан нары айыл, өзүң билген таштуу башат конушта. Э, минтпесе да болор эмес, балдарга биртике азык болуп калсын деп…

–А эми, Теңирберди аке, тирилик да. Дан багуу жанга тынч чарба экен, секиндеп бүтүрө берсе…» [Касымбеков, 1978: 15].

Мисалга алынган бул көркөм диалогдо турмушту реалдуу сүрөттөөчүн көркөм-эстетикалык максатта автор айрым бир архаизмдерди, кесиптик сөздөрдү, адабий тилдик нормага жатпаган диалектизмдерди атайын колдонгон учурун байкайбыз. Мисалы, бул диалогдо, «чалбар», «көн өтүк», «тырмак акы» деген архаизм сөздөр «Сынган кылыч» романында көркөм сүрөттөлүп жаткан XIX кылымдагы Кокон хандыгынын турмуш шартын реалдуу сүрөттөө максатында колдонулган. Аталган сөздөрдө тарыхый турмуштук көрүнүштөр, эски түшүнүк-туюмдар билдирилген. Маселен, «чалбар», «көн өтүк» – ошол кезде кийиле турган кийимдин аталышы. Ал эми «тырмак акы» да XIX кылымдагы турмуштук көрүнүшкө таандык түшүнүк-туюм. Бул сөздөр көркөм сүрөттөлүп жаткан турмуштук көрүнүштөрдү ар түрдүүлөп, деталдаштырып туюндурууга көп жагынан көмөк көрсөтө алды. Ушул түшүнүктөр, буюмдар, кийимдер аркылуу XIX кылымдагы элдин жашоосун, турмуштук ал-абалын, максат-мүдөөлөрүн аңдап, таанып билүүгө болот деп ойлойбуз. Ошондуктан бул көркөм

диалогдо аталган архаизм сөздөр көркөм-эстетикалык максатта атайы колдонулган.

Ошондой эле бул көркөм диалогдо адабий тилдик нормага жатпаган «аке», «секин», «тирилик», «мейинет», «дүмбүл» деген диалекти сөздөр да, турмуш-тиричиликте оозеки сүйлөшүү стилине мүнөздүү интонациялар да турмушту реалдуу сүрөттөө максатында колдонулган. Маселен, «– О, Сарым… келчү эмес элең, жол болсун?..», «А Теңирберди аке, тирилик да», «Ха-ха-ха», «Түзүк, Сарым…» деген репликаларда турмуш тиричиликте оозеки сүйлөшүү стилине мүнөздүү интонация ачык байкалат. Бул көрүнүш турмуш тиричиликте сүйлөшүү чөйрөсүн акыл сезиминде ассосациялап кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Турмуштук интонациядан карапайым турмуштун илеби келип турат.

Көркөм чыгармалардагы диалогдордо каармандардын сүйлөөзгөчөлүктөрү сүрөттөлүп жаткан доордун, коомдун өзгөчөлүктөрүн кошо туюндурган мүмкүнчүлүктөргө ээ. Мындай жеке сүйлөөзгөчөлүктөрдү иликтөө абдан маанилүү. Анткени ал аркылуу каармандардын жеке мүнөзүн, кызыкчылыктарын, кесибин ж.б. өзгөчөлүктөрүн ар тараптан таанып-билүүгө болот.

Көркөм чыгармадагы диалогдордо кесиптик сөздөрдүн колдонулушуда белгилүү бир коммуникативдик, прагматикалык максаттарды көздөйт. Маселен, бул көркөм диалогдо мүнүшкөр менен дыйкан сүйлөшүп жатат. Бул эки кесиптин ээси өздөрүнүн кесиптик өзгөчөлүктөрүнө жараша ой жүгүртүп, дүйнөнү кесиптик өңүттөн карап турганы алар колдонгон кесиптик сөздөрдөн даана байкалат. Мүнүшкөр Сарыбайга таандык «мүнүшкөр», «кырааным түлөп отурат», «бүркүтүмдүүксөйтүп», «бүркүтүмдүн тырмак акысы», «бүркүтүмдү тытыңыздын башына кондуруп» деген кесиптик туюнтмалар анын ой жүгүртүү, дүйнө кабылдоо өзгөчөлүгүн да кошо туюндуруп турат. Бул Сарыбайдын турмушту мүнүшкөрлүк өнөрүнө байланышта карап түшүнүүсүнөн, элестетүүсүнөн билинет.

Ал эми дан багар Теңирбердиге тиешелүү «таруум баш алат», «таруу корушсаңчы», «тыт», «чымчык», «арпа дүмбүл болду», «азык», «дан багуу» деген туюнтмаларда дыйканга таандык ой жүгүртүү, дүйнөнү мейкиндик абалда кабыл алуу (тиги кара адыр), нары айыл (өзүң билген Башат конушта), мээнеткечтик, жаратмандык (жакында таруум баш алат) белги-касиеттер кыйыр маалымдалып турат.

Ошентип, жогоруда иликтөөгө алынган көркөм диалогдо турмушту реалдуу сүрөттөө максатында каармандардын жекече сүйлөө манерасы аркылуу алардын кесиптик иш-аракеттери, ошого байланыштуу калыптанган дүйнө көз карашы, турмуштук позициялары көркөм сүрөттөлгөн.

Чыгарманын автору турмушту реалдуу сүрөттөө максатында көркөм тексттеги диалогдо каармандардын сүйлөшүүсүн трансформациялайт. Тактап айтканда, мында көркөм диалогду көркөм чыгармада сүрөттөлүп жаткан ошол турмуштук шарт-кырдаалга, мезгилдик жана мейкиндик өзгөчөлүктөргө далма-дал, шай келтирүү максаты көздөлөт.

3.9. Көркөм тексттеги диалогдордо колдонулган морфологиялык каражаттардын стилистикалык кызматы

Көркөм диалогдордо каармандардын кыймыл-аракетин туюндурган этиштер ар кандай мааниде колдонулат. Алар автордук ремаркалар менен бирдикте каармандардын сүйлөгөн сөзүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн туюндурушат. Мисалы:

«…Абил бийдин кылыйган көздөрү Мадылдын кыржыйган далыларына, канга калдырап каткан бөз көйнөккө көчтү. Бирде азаптуу далылар, боз тумандын жылчыгынан чыга калгансып Домбу хантагасынын чычаланын учундай кызыл көздөр, бирде канга каткан бөз көйнөк, бирде кыжырлуу түйүлгөн кесирлүү чеке… улам алмашылып, Абил бийдин көз алдында түш болуп ойноду.

– Айланайын, эл агасы, жеңеме камчы үйрүдү! Итими атып кетти!

– Кутурган экен! – Абил бий ичине толгон заарды ушуну менен чыгарды да, бирпас унчукпай отуруп, анан: – Эми эмне кылайын дейсиң, Мадылым? – ... деп жумшак сурады:

– Эмне кылам, айланайын, эл агасы?

– Алы жетпеген акыретчи.

Мадыл бул эки жактуу жоопко баамы жете бербей, Абил бийди жалт тиктеди. Абил бийдин көздөрү сыр тартып жылтырап, уурту жымыйып турган эле. Мадыл эчтеме биле албады. Абил бий сол колун акырын Мадылдын далысына койду. Шордуу далысына кут конгондой сезип, Мадылдын бүткөн бою жымырап кетти. Ал эреркеп, өксөп жиберди.

– Кандай кылам, айланайын агасы?

– Эңкейгенге эңкейгин чеке жерге тийгенче, какайганга какайган төбөң көккө тийгенче деген. Өчүңдү ал, Мадылым. Бул дүйнөдө алы жетпеген акыретке коюп көңүл соороток. Ыя, акыретке дейре эмне бар эмне жок, колдон келсе, карыш жылдырбай акыңды, өчүңдү ушерде алып калганга не жетсин?

– Айланайын…айланайын…эл агасы… – деп энтикти, Мадыл жалдырады. – Өчүмдү алып бер, кудай жалгагыр! Кара башым тартуу. Кара мейнетим менен да болсо, жакшылыгыңызды аткарамын! Менден кайтпаса, кудайдан кайтар.

– Өзүң аласың.

Мадыл таң калып, оозун ачып тиктеп калды. Абил бийдин иреңинде эч өзгөрүү жок эле.

– Мадылым, мүнүшкөр тууганыңдын колунан мынтык көргөндөй болдум беле?

– Бар… – деди Мадыл шашылып. – Бар, бүркүттүн кызыгы менен жүрүп, Сары акем мынтыгын көп урунган эмес. Жапжаңы бойдон турат!

Мынтыкка бий колко салып калды бейм? Ал эле болсо, жарасы жеңил! Тура чуркап барып, апкелип беришке даяр болуп, Мадыл делбиреп турду.

– Мынтык атып көргөнсүңбү?

– Жок, мага пайдасы деле жок! Көңүлүңдөн айлансын бир мынтык! Азыр апкелем, эл агасы!

Абил бий кабагын бүркөй тигинин колун кагып тынчтандырып сүйлөдү:

– Чындап ыйласа, сокур көздөн жаш чыгат. Атып көрбөсөң, эми атып көрөсүң. Кулак сал. Ошол мынтыкты октоп алып, жолун тосуп жатасың…

Мадыл нес боло түштү:

– Кимдин?..

– Менден жакшы билесиң… – Абил бий Мадылдын көзүн тиктеди.

– Чочуба, жаман! Бүлөсө, майга өтпөгөн кызыталак! Мен сени эркек деп айтып отурам! Уктуңбу, мынтыкты октоп алып жолун тосуп далдада жатасың…

Мадыл шалдырап отурду.

– Капилеттен мынтык тарс деп, алдындагы беги жалп этип аттан түшүп калса, өлүм кимди коркутпайт, артындагы жигиттери жайылып качып берет, алар кайра эсине келгенче изиңди суутуп кетпей сенде жан жокпу… Кулагыңа кеп кирдиби? Калганын мага кой. Бороон жүрсө да, сага жел тийбейт. Катыныңа да айтпа, эч кимге көрүнбө. Уктуңбу? Калганын мага кой…

Мадыл эми түшүндү, сынап жатпасын дегендей Абил бийдин жүзүн мелтиреп тиктеди. Абил бий анын дилин окуп, акырын башын ийкеп койду. Мадыл шишик эрдин бек тиштеп, кекке суусап, көзүнүн жашы кургап кетти:

– Сайдым башымды!

– Келтеги аз келгенсип бирөөнүн катынына камчы үйрүсө, көрбөйсүңбү, эшиктеги итти атып кетсе, анын кутурганы ошо. Ыя, өзүң ойлоп карачы, ушунусу менен ал кургур өзүн өзү өлүмгө кескени го! – деп көкүтүп, кайрап, дем берип күлгөн болуп койду. – Ошент. Кайратың болсо, өчүңдү ушул дүйнөдө эле алып кал, Мадылым…

Мадыл обдулуп:

– Сайдым…Көрдүм ошондон… – деп, күбүрөп, тура баштады эле, Абил бий колун асте жаңсап, кайра отургузуп койду. Абил бийдин кабагы чытылды. Мадылдын оюн окугусу келгендей мелтиреп тиктеди:

– Сага эң акыркы айтарым: дан багарларга жакын жерден тоскондой бол. Уктуңбу?

Мадылдын акылы жетпеди. Абил бий томсоруп турган. Жүзүндө эч ырайым жок эле. Мадыл жалтанып кетти, көзүн ала качып, жер тиктеп баш ийкеди.

– Сөз ушул. Данбагарларга жакын жерден гана тос! – деди Абил бий эскертип. Эмне үчүн экенин сен ойлонбо. Сен ойлоно турган иш эмес. Эй, сөз эки болбосун. Сени Домбу өлтүрсө, мен кууйм, мен өлтүрсөм, ким кууйт? Ушуну билип кой. Жөнө эми.

– Кайыр… – Мадыл шашыла таазим кылып чыгып кетти» [Касымбеков, 1978: 242].

Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан алынган бул **көркөм диалогдо каармандардын кыймыл-аракетин туюндурган этиш сөздөр көркөм чыгармада кылдат психологиялык анализ жүргүзүү максатында колдонулгандыгы** байкалат. Маселен, Домбудан токмок жеген Мадылдын нааразы кебетесин көргөндө Абил бий бул жагдайды өзүнүн пайдасына чечүү максатын көздөп, ойго батып турду. Бул процесс «бир пас унчукпай отуруп» деген этиш сөздөр менен туюндурулду. «Унчукпай отуруу» деген этиш сөздөрдүн маанисинде «кырдаалды толук иликтөө», «бул жаңжалды шашпай иреттеп түшүнүү», «көптөн бери Домбудан өч алуу, көзүн тазалоо оюн ишке ашыруу боюнча ойго батуу», «бул купуя оюн, максатын Мадыл аркылуу ишке ашырууга белсенүү» деген сыяктуу маанилер коштолгону байкалат.

Бул ойлорду «Абил бийдин кылыйган көздөрү Мадылдын кыржыйган далыларына, канга калдырап каткан бөз көйнөккө көчтү» деген туюнтмалар тастыктай алат. Анткени «кылыйган көз» деген туюнтмада жакшылыктын жышааны болбойт. Анда “кыянат”, “арамза ойлор”, “бирөөнө жамандык

кылуунун нугу” камтылган. Бул көркөм диалогдун кийинки бөлүгүндө Абил бийдин «бирпас унчукпай отурушунун» негизги себептери ар тарабынан көркөм сүрөттөлөт. Ошондой эле «жумшак сурады» деген этиш сөздүн маанисинде да бир нече маанилик өзгөчөлүктөр бар. Маселен, «жумшак сурады» дегенде «Абилдин Мадылга жан тартып, ага жакын адам катары мамиле кылуу», «Мадылга жумшак мамиле жасап, өзүнө тартуу», «аны өзүнүн таасиринде кармоо», «ыза болуп, ачууга туттугуп турган Мадылдын маселесин чечип берүүгө муютуп, аны ынандыруу» сыяктуу бир нече маанилер бар экени диалогдун кийинки бөлүгүндөгү баяндоодон түшүнүктүү болот.

Абил бий ичиндеги дал ушул ой-мүдөөсүн билдирбей, купуя кармаганы «Абил бийдин көздөрү сыр тартып жылтырап, уурту жымыйып турган эле» деген сүйлөм аркылуу билдирилген. Бул учурда дагы ал Мадылдын жан дүйнөсүнө иликтөөлөрдү жүргүзүп, аны кантип Домбуну өлтүрүүгө мажбурлаш керектигин ойлонуп турган. Муну «уурту жымыйып турган эле» деген туюнтмадан байкасак болот. «Уурту жымыюу да», «ойлонуу», «жол издөө», «алды-артын иликтөө», «ичиндеги буркан-шаркан ой-санааны эч кимге билдирбей жашыруу» сыяктуу маанилер кездешет деп ойлойбуз. Ошондуктан «Абил бийдин көздөрү сыр тартып жылтырап турат.» Бул жагынан караганда, «уурту жымыйып» деген этиш сөздүн бул көркөм диалогдогу аткарган коммуникативдик функциясы ар түрдүү, ар багыттуу.

Өз кезегинде Мадыл да Абил бийдин кабак-кашын иликтеп, окуганга аракет кылат. Анын бул кыймыл-аракети «Мадыл Абил бийди жалт тиктеди» деген сүйлөм аркылуу билдирилген. Мында «баамы жете бербей», «тиктеди» деген этиш сөздөр өзгөчө мааниге ээ. Биринчиден, «баамы жетпей» деген туюнтмадан Мадылдын Абил бийдин сөзүнө түшүнбөй кыйналып жаткандыгын, иликтеп жооп таба албай тургандыгын байкай алабыз. Ошентип, «баамы жетпей», «тиктеди» деген этиш сөздөр Мадылдын ички дүйнөсүндөгү, ой санаасындагы бүдөмүк, туңгуюк абалды туюндура алды. Мадыл али сөздүн төркүнү эмне жөнүндө болорун да боолголой алган жок.

Бул көрүнүш «Мадыл эчтеме биле албады» деген сүйлөм аркылуу белгилүү болду.

Мадылдын ичинде болуп жаткан мына ушул туңгуюк абалды кылдат сезген Абил бий аны өзүнө дагы жакындатуу амалын жасады. Тагыраак айтканда, «Абил бий сол колун акырын Мадылдын далысына койду». Абилдин жасаган бул кыймыл-аракети «Мадылды бардык жактан колдорун», «ага боору ачып, жан татып тургандыгын», «Мадыл үчүн бардыгына даяр экендигин» сыртынан сездирген кыймыл-аракеттин катарына кирет. Алчы-таасын жеген Абил бий мындай кыймыл-аракеттин адамдарга кандай таасир этерин жакшы билет. Ошондуктан Мадыл ага «эреркеп», «өксөп», «Абил бийден жардам сурап, жалдырап турат». Анын ички туюмунда Абил бий азыр эмне десе, баарына макул болуу ыкласы бар.

Качан гана Домбудан өчтү Абил бий эмес, өзү аларын билгенде Мадыл «таң калып», «оозун ачып, тиктеп калды». «Оозун ачып, тиктеп калды» деген этиш сөздө «дагы деле болсо, Абилдин сөзүнө түшүнбөө», «маселенин мындан ары кандай болуп чечилерин элестете албоо» сыяктуу маанилер камтылган деп ойлойбуз. Абил бийден «Сарыбайдын мынтыгы менен Домбуну атыш керек» деген сөздү укканда, «Мадыл нес боло түштү». «Нес боло түштү» деген этиш сөздө «эс-учун жоготуу», «айла-амалын таппай, акылына келе албай калуу», «ичинен тынчсыздануу», «үрөйү учуп коркуу», «өзүнө-өзү ишене албай эңги-деңги болуу», «бир заматта бир нече ойду ойлоп толкундануу» сыяктуу адамдын эмоционалдык, психологиялык ар түрдүү, көп кырдуу ал-абалын туюндурган маанилер кездешет. Мындай күтүүсүз психологиялык чыңалуу Мадылды «шалдыратып чарчатты». Бул көрүнүш «Мадыл шалдырап отурду» деген сүйлөмдө билдирилген. «Шалдырап отуруу» деген этиш сөз адамдын моралдык, психологиялык жактан чарчап-чаалыгуусун кошо туюндурат.

Ал эми «Мадыл эми түшүндү» деген туюнтмада «түшүндү» деген этиш сөздүн маанисинде «Мадылдын өзүн-өзү токтотуп, бир чечимге келиши», «Абилдин оюна кошулуп, ага ынанышы», «ызасы башынан ашып, өч алуу

сезими үстөмдүк абалга өтүп, акылынан адашуусу», «адам өлтүрүүгө бел байлап, муюп, тобокелге бет алышы» сыяктуу Мадылдын ички дүйнөсүнө байланыштуу маанилик өзгөчөлүктөр камтылганы байкалат. Муну «Абил бийдин жүзүн мелтиреп тиктеди», «Мадыл шишик ээрдин бек тиштеп, кекке суусап, көзүнөн жашы кургап кетти» деген этиш сөздөр Мадылдын тобокел ишке бет алгандыгын көркөм чагылдырып турат.

Жогорудагы иликтөөлөрдөн көрүнгөндөй, **көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын кыймыл-аракетин туюндурган этиш сөздөр көп түрдүү коммуникативдик кызматты аркалайт. Мындай этиш сөздөр каармандардын ар кандай моралдык-психологиялык абалын, алардын ортосундагы психологиялык кагылышууларды кошо туюндура алат.**

Көркөм чыгармадагы диалогдордо тактоочтор дагы көп кырдуу көркөм-эстетикалык маалыматтарды туюндура алат. Тактоочтор паралингвистикалык каражаттар менен эриш-аркак бир гармонияда көркөм маалымат туюндуруу кызматын аткарат. Маселен, **көркөм диалогдордо паралингвистикалык көрүнүштөрдү жана каармандардын мимикасын, пантомимикасын туюндурган тилдик каражаттар, анын ичинде тактоочтор репликадагы эмоционалдык кырдаалды, андагы өзгөчөлүктөрдү туюндурат.** Ошондой эле **мындай тилдик каражаттар, тактоочтор баяндоону деталдаштыруучу, андагы жалпы сапаттык көрсөткүчтөрдү баса көрсөтүүчү, тактоочу кызматтарды аркалайт. Маселен, автордук ремаркаларда колдонулган тактоочтор репликадагы кыймыл-аракеттин ар түрдүү сапаттык көрсөткүчүн кеңири сүрөттөп баяндоо кызматын көздөйт.** Мисалы:

«…Опур-топур басылбады… Анан терезенин түбүнөн эки караан жулмалашып, бирин бири сүйрөп келаткандай туюлду, охолоп онтогон үндөрү угулду. Эшик карч ачылды да, энтиге дем алып, ажаанданган кемпир күшүлдөп-бышылдап, Момун чалды үйгө итерип кирди. Таятасынын мынчалык эси чыга коркуп, өң-алеттен кеткенин бала көргөн эмес. Ал азыр

эчтемени көрбөй, эчтемени билбей, эси ооп тургансыды. Тунарган нурсуз көздөрү алактайт. Кемпир аны көкүрөктөн ары муштап, жерге күчтөп отургузду.

– Отур былк этпей, өлүгүңдү көрөйүн көк мээ, куюшканга кыпчылбай шүк отур. Бүгүн эле көрүп атасыңбы алардын чатагын? Жакшылык менен бүтсүн десең, көзүнө урунуп, жинин келтирбе. Менин айтканым менен болсоңчу, уктуңбу, какбаш? Болбосо, Орозкул экөөбүздүн көзүбүздү оңой эле тазалап коет. Карыганда кайда бармакпыз темселеп? Кайда? – деп бурган-шаркан түшкөн кемпир эшикти шарт жаап, шашкан бойдон дагы чыгып кетти.

Үй ичи тунжурай түштү. Таятасынын гана күшүлдөп энтиккен деми угулат. Ал калчылдаган башын эки колдоп мыкчып, мештин оозундагы жарык жыгачта отурду. Бир маалда жерге тизелей калды да, эки колун шыпка созуп, кимгедир бирөөгө зарлай баштады:

– Ушу күндү көрсөтпөй, мен шордууну алсаң боло. Алсызга боорун ооруса, бир эле перзент берсең кантет…

Боздоп ыйлап, чал ордунан теңселе турду да, дубалга таяна басып, эшикти кайсалады. Сүйрөлүп босогодон өтүп эшикти жапты да, караңгы далисте оозун басып алып, уңшуп ыйлады.» [Айтматов, 1999:345].

Бул **көркөм тексттеги диалогдо каармандардын мимикасын, пантомимикасын туюндурган тактооч сөздөр баяндоону ар тараптан деталдаштыруучу кызматтарды аркалайт**. Мисалы, «жулмалашып», «сүйрөп» деген тактоочтор баяндоонун жөн-жай эмес, экстремалдык кырдаалын билдирип турат. «Жулмалашып» деген туюнмада биринин эркине бири каршы болгон, бирин-бири кандайдыр бир иш-аракетке мажбурлаган паралингвистикалык кырдаал туюндурулган. Контексттик маниге караганда, мында Орозкул тарабынан сабалып жаткан кызына умтулган Момун чалды эркине койбой, үйүн көздөй кемпир жулмалап, сүйрөп жаткан кырдаал көркөм сүрөттөлгөн. Ошондуктан «жулмалоо» деген паралингвистикалык каражаттын маанисинде «аргасыздык», «кайгырып капа болуу»,

«тынчсызданyy», «сарсанаага батyy», «үрөйү учyy», «нааразылык» сыяктyy маанилик өзгөчөлүктөр камтылган. Жөн-жай адамдар жулмалашпайт. Мында ой-пикирдин келишпестиги, көз караштын, мүнөздөрдүн кагылышы кыйыр туюндурулуп турат.

Бул көркөм диалогдогу мына ушул жаңжал багытындагы экстремалдык кырдаал андан ары тактооч сөздөр аркылуу семантикалык жактан улантылып, деталдаштырылып баяндалган. Маселен, «эшик карч ачылды» деген сүйлөмдө колдонулган «карч» деген сын-сыпат тактооч өзгөчө маанилик жүктү аркалап турат. Биз мындан эшик жөн-жай эмес, күч менен ачылгандыгын байкай алабыз. Бул жагынан караганда, «карч» деген тактооч кемпир менен Момун чалдын күчтүү эмоционалдык абалын, акылга караганда сезимдин үстөмдүк абалга өткөн учурун кыйыр баяндап турат. Мында «Орозкулдун учурда жасап жаткан кылык-жоругуна каршы болуу», «алапайын таппай ызалануу», «кубатсыз, дармансыз ушундай абалга абдан нааразы болуу» сыяктyy маанилер да байкалат. Болбосо, эшик мынчалык күч менен ачылбас эле.

Контексттеги мына ушул маани кемпирге байланыштуу «энтиге», «күшүлдөп-бышылдап», «итерип» деген паралингвистикалык көрүнүштү туюндурган тактоочтордун өзгөчө семантика-стилистикалык боектору аркылуу диалогдун кийинки бөлүгүндө улантылган. «Энтигүү», «күшүлдөп-бышылдоо» деген туюнтмаларда «мажбурлоо», «күчкө салуу», «өзүнүн оюн таңуулоо», «чарчап-чаалыгуу» сыяктyy маанилердин коштолуп турганы жалпы контексттин фонунда белгилүү болуп турат. Ал эми «итерип» деген тактооч сөздүн маанисинде «өз эркине койбой, ээ-жаа бербей башкаруу», «мажбурлоо», «күчкө салуу», «өктөмдүк», «ажаандык» деген сыяктyy маанилик өзгөчөлүктөр да бар.

Момун чалга тиешелүү паралингвистикалык көрүнүштөрдү туюндурган тактоочтор дагы семантика-стилистикалык жактан көп түрдүү маанилерге ээ. Маселен, «Таятасынын мынчалык эси чыга коркуп, өңалеттен кеткенин бала көргөн эмес» деген сүйлөмдө «мынчалык эси чыга

коркуп» деген паралингвистикалык көрүнүштү туюндурган тактоочтук туюнтма Момун чалдын Орозкулдун бул жоругуна карата «нааразылыгын», «кызынын эртеңки тагдырына катуу тынчсызданууусун», «андан кийинки жашоосунан», «зордук, ур-токмок, жаңжал менен коштолгон турмушунан», «анын ден соолугунан, өмүрүнөн эси чыгып коркуусун», «тагдырдын мындай жазмышына наалат айтуусун» кошо туюндуруп тургандай сезилет. Мындай маанилик өзгөчөлүк бул көркөм диалогдон кийинки сүйлөмүндө Момун чалга тиешелүү колдонулган «эчтемени көрбөй, эчтемени билбей эси ооп» деген тактоочтук туюнтмада дагы конкреттештирилип, деталдаштырылып баяндалган. «Эчтемени көрбөй, эчтемени билбей» деген тактоочтук туюнтмада Момун чалдын жогорку чекке жеткен эмоционалдык абалы, дендароо болуп айла-амалын таппай, ачууга, ызага муунуп, колунан эч нерсе келбегендигине нааразы болуп турган аянычтуу учуру, «кабыргасы сөгүлүп, айла-амалы түгөнүп турган» психологиялык көрүнүшү да көркөм баяндалган деп ойлойбуз. Мына ушундай өтө оор психологиялык чыңалуу анын «эсин оодарып», «кемпирдин эрки менен болууга» мажбурлай алды.

Бул көркөм диалогдун кийинки бөлүгүндө «Бүгүн эле көрүп атасыңбы алардын чатагын?» деген сүйлөм Орозкулдун бул жоругу алгачкы да жана акыркы да эмес экендигин аныктап турат. Мында «бүгүн эле» деген мезгил тактооч көркөм диалогдо мазмун толуктоочу, маанини улантуучу коммуникативдик кызмат аткара алды. Кемпирдин репликасында айтылган бул сүйлөм мындай чатактын далай жолу болгондугун, Момун чалдын ички жан дүйнөсүндө акыр заман болуп, кайгы капага дагы малынарын, чыгарманын кийинки бөлүгүндө бул көркөм диалогдо сүрөттөлүп жаткан турмуштук көрүнүштөр андан ары дагы ар тарабынан толукталып, конкреттештирилип баяндаларын бизге алдын ала маалымдап турат.

Ошентип, **паралингвистикалык көрүнүштөрдү, каармандардын пантомимикасын, мимикасын туюндурган тактооч сөздөр көркөм чыгармадагы диалогдордо көркөм баяндоону деталдаштыруучу, андагы каармандардын психологиялык, эмоционалдык ал-абалынын сапаттык**

көрсөткүчүн тактап көрсөтүүчү коммуникативдик кызматтарды аткарат.

3.10. Көркөм тексттеги диалогдордо синтаксистик конструкциялардын колдонулуш бөтөнчөлүктөрү

Биздин оюбузча, каармандардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүн аныктоодо алар колдонгон лексика-фразеологиялык, синтаксистик бирдиктерге көбүрөөк көңүл буруу зарыл. Анткени **көркөм диалогдордо каармандар колдонгон лексика-фразеологиялык, синтаксистик бирдиктер алардын сүйлөө портретин түзүүгө көбүрөөк салым кошот**. Каармандар тарабынан колдонулган тилдик каражаттар алардын сүйлөөсүн индивидуализациялоого (жекече сүйлөө өзгөчөлүктөрүн түзүүгө), каармандардын жекече мүнөзүн кылдат көркөм сүрөттөөгө да көмөкчү болот. **Көркөм диалогдордо колдонулган синтаксистик конструкциялар, адаттан тыш сүйлөм курулмалары сүйлөшүүнүн тонун, ыргагын, кыраатын уюштуруп, каармандардын образын, жекече ой жүгүртүү өзгөчөлүгүн, жекече сүйлөө манерасын, алардын турмуштук көз карашын, айлана-чөйрөгө болгон мамилесинынанымдуу туюндурууга да активдүү катышат. Көркөм диалогдордун синтаксистик өзгөчөлүктөрү диалогго мүнөздүү, типтүү көрүнүштөрдү аныктоого өбөлгө боло алат.** Маселен, эллипсис конструкцияларынын көп колдонулушу, татаал сүйлөмдөргө караганда жөнөкөй сүйлөмдөрдүн көп кездешиши [Тарасова, 1977: 76-85, Шаройко, 1969: 23], диалогго мүнөздүү штамп, траферат жана сүйлөө клишелеринин болушу көркөм диалогдорго мүнөздүү [Гаврилова, 1970: 20, Гаврильев, 1974: 18]. Мисалы:

«...Мен трап менен өйдө жүгүрдүм: Кап көтөргөндөрдүн арасынан сыгылып, көйнөгүмдү мыкка айрытып, Даниярга жете бардым. Жонуна жүк аркалап, эңкейген калыбында Данияр колтуктун астынан мени бир карап алды. Бетинен жыш тер куюулуп, маңдайындагы кан тамырлар жарылып кетчүдөй кабарган, көзүндө – каар менен жаш толгон. Даниярга жардамдашайын деп умтулдум элем:

– Тур нары! – деди ал заардуу киркиреп, анан капты өйдө силкип, жанын оозуна тиштегендей, акыркы күч менен андан-мындан аттап, алдыга жүткүндү.

Шишиген салмактанган колдору шалдырап, бутун сүйрөп Данияр траптан түшкөндө, төмөндө күтүп турган эл. Унчукпай тең жарыла берди. Жалгыз гана кампачы токтоно алган жок. Ачуусу келген бойдон ал Даниярга жулунду:

– Сен эмне бала, жиндеп кеттиңби, яа? Же мен ошончо ит белем: бир ооз айтсаң, алдагы жерге эле төктүрүп салбайт белем? Ким айтты сага ушундай каптарды көтөрсүн деп?

– Ишиң болбосун, өзүм билем – деди Данияр жай гана чырт түкүрүп коюп, арабасын көздөй басып кетти. Жамийла артынан шыбырады:

– Тамашаны түшүнбөгөн акмак?

Ушуну айтканы менен өзү башын өйдө көтөргөн жок. Данияр аны уктубу, укпадыбы, бирок азыр кайрыла калып, бизге эмне десе да, жеңем экөөбүз анын бетин тик карай албас элек.» [Айтматов, 1978:163].

Көркөм чыгармадагы диалогдордо колдонулган синтаксистик конструкциялар каармандардын жекече образын, жекече кулк-мүнөзүн, жекече сүйлөө манерасын жаратууга өбөлгө болот. Ошондуктан көркөм диалогдордо каармандардын жекече сүйлөө өзгөчөлүктөрү каармандарды «жандандыруучу» көрүнүш катары да каралат [Новиков, 1964: 43].

Ырас, **көркөм диалогдордо каармандардын сүйлөгөн сөздөрү** ошол чыгармада көркөм **сүрөттөлүп жаткан турмуштук кырдаалдарга, ошол учурдагы каармандын эмоционалдык, психологиялык абалына жана автордун идеясына тыгыз байланыштуу** болот. Мисалга алынган бул көркөм диалогдо «Жамийла» повестинде Даниярдын трап менен кап көтөрүп кыйналып бараткан эпизодунан бир көрүнүш чагылдырылган. Демек, бул көркөм диалогдо сүрөттөлүп жаткан турмуштук кырдаал даана, так. Көбүнчө аял-кыздар жан-алакетке түшүп, жапа тырмак трап менен оор каптарды көтөрүп, эгин ташып бараткан учурда, ушундай жай эмес кырдаалдарда диалогдун узун болушу

реалдуу турмуштук чындыкка дал келмек эмес. Мына ушул катаал турмуштук кырдаал, жагдай-шарт бул көркөм диалогдун кыска болуусун, андагы репликанын аз болушун шарттады. Бирок, ошондой болсо да, мындай кыска диалог каармандардын психологиялык кырдаалын, адамдык мүмкүнчүлүктөрүн көп тараптуу ачып туюндуруу мүмкүнчүлүктөрүнө да ээ болду десек жаңылышпайбыз. Маселен, «– Тур, нары!» деген адаттан тыш синтаксистик конструкция, ошонун негизинде жаралган адаттан тыш кубаттуу, эмоционалдуу интонация Даниярдын ошол учурдагы психологиялык оор кырдаалын, өзү менен өзү күрөшүп, өзүн-өзү жеңип, көздөгөн максатынан кайтпай, чыдамдуулук менен жасап жаткан иш-аракетине тоскоолдук кылбоо маанисин билдирет. Экинчиден, «– Тур нары!» ачуу менен ызанын айкашын, намыс менен өжөрлүктүн көрүнүшүн да кыйыр туюндурат. Мындай кайраттуу, эч нерседен кайра тартпаган, кубаттуу интонация өзү баштаган ишти эч кимдин жардамысыз өзү акыр аягына чейин аткара алган, өзүнүн жеке өзгөчөлүктөрү бар, жетик адамга гана таандык көрүнүш экени белгилүү. Адаттан тыш бул синтаксистик конструкция, ошондой эле, Даниярдын адамдык дараметин, ичинде катылып жаткан көп сырдуу түйүндү да кыйыр билдире алды. Сыртынан караганда, жоош, момун, көп сүйлөбөгөн адамда ушунча күч, ушунча эрк, ушунча көп мүмкүнчүлүк бар экендигин Данияр өзүнүн жасаган иши, кыймыл-аракети аркылуу Жамийлага да, Сейитке да далилдей алды. Ошондуктан автор адаттан тыш синтаксистик конструкциядагы мындай сүйлөмдү жана ошол сүйлөмдүн негизинде жаралган Даниярдын сөзүндөгү өзгөчө интонацияны, ыргакты бекеринен жараткан эмес. Мындай семантика-синтаксистик көрүнүштө Даниярдын көпчүлүккө байкалбаган ички дарамети, анын ички дүйнөсүнүн көркөм портрети кыйыр түрдө чагылдырылган. Демек, **көркөм диалогдордо каармандар колдонгон тилдик каражаттар каармандардын сүйлөө портретин, жеке сүйлөө өзгөчөлүктөрүн эле көрсөтпөстөн, каармандардын ким экендигин таанып билүүгө да мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат.**

Биздин оюбузча, бул контекстте ичинде кубаты мол, мүмкүнчүлүгү кенен адам «– Тур нары!» деп, заардуу, киркиреди. Бул өңүттөн караганда, «– Тур

нары!» деген инверсияланган синтаксистик конструкция бул көркөм диалогдо көп багыттуу семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ болду. Биринчиден, бул синтаксистик конструкция турмуштук кырдаалдын кыйчалыш татаал абалын билдирет. Экинчиден, бул сүйлөм Даниярдын ошол учурдагы өтө оор моралдык, психологиялык кырдаалын, ал-абалын туюндурат. Үчүнчүдөн, адаттан тыш бул сүйлөм курулмасы өзгөчө интонацияга ээ болуп, Даниярдын ички дүйнөсүндө катылып жаткан күч-кубатты, эбегейсиз чоң мүмкүнчүлүктөрдү кыйыр билдирип турат.

Ал эми «ишиң болбосун, өзүм билем» деген Даниярдын экинчи репликасы анын, биринчиден, өзүнө-өзү ишенимдүү абалын билдирип турат. Анткени «ишиң болбосун» деген туюнтма, биздин оюбузча, чыр-чатактын, жаңжалдын от алып кетишине негиз боло тургандай туюнтма болуп саналат. Мында «өзүнө-өзү ишенүү», «өзүнүн иш-аракетин туура деп эсептөө», «ал иш-аракетке карата кимдир бирөөнүн пикир айтып, кийлигишүүсүн жактырбоо» сыяктуу кошумча маанилик өзгөчөлүктөр бар. Ал эми «өзүм билем» деген туюнтмада жогоруда билдирилген өзүнө өзү ишенүү мааниси андан ары тереңдетилген. Ошондуктан бул туюнтмада эч нерседен кайра тартпаган көк жалдык, эркектик сапат кыйыр билинип турат. Контексттеги маниге караганда, мындай сөздөр «– Сен эмне бала, жиндеп кеттиңби йа?» деп өктөм айтып турган жашы улуу, олбурлуу адамга карата тартынбай айтылып атат. Мындан Даниярдын эч кимден кокпогон, тартынбас касиети, өз алдынча ой жүгүртүп, өз бетинче иш аткара алган эркектик майтарылбас мүнөзү сезилип турат. Биздин оюбузча, өзүнүн көз карашы, туткан бекем позициясы бар адам гана жалтанбас, зарыл жерде чечкиндүү сөз айта алат.

Ошентип, каармандардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүн аныктоодо алар колдонгон тилдик каражаттарга кылдат көңүл буруу зарыл. Анткени ал тилдик каражаттар аркылуу каармандардын жеке кулк мүнөзү, көркөм портрети, турмуштук позициялары кошо туюндурулат. Көркөм диалогдо каармандардын репликаларында колдонулган сөздөр, тилдик, синтаксистик каражаттар ал каармандардын жекече сүйлөө манерасын, жекече ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрүн көркөм туюндурууга көмөкчү болушат. Көркөм диалогдордо колдонулган

байламтасыз татаал сүйлөмдөр, кемтик сүйлөмдөр, эллипсис сүйлөмдөр, бүтпөй калган сүйлөмдөр каармандарды көркөм сүрөттөө максатын көздөйт да, белгилүү бир коммуникативдик кызматтарды ишке ашырат [Долгих, 1964: 9].

Көркөм диалогдордо каармандардын репликаларында колдонулган тилдик каражаттар, синтаксистик конструкциялар алардын билим деңгээлин, кайсы бир социалдык чөйрөгө таандыктыгын, жан-дүйнө өзгөчөлүктөрүн, ынаным-ишенимдерин, жеке өзгөчөлүктөрүн да кошо туюндурат. Мисалы:

«…Анан жаш да токтоду. Сөзгө өтүштү, ишке өтүштү. Баарын билген уулу, көрсө, атасын кадырлап көмүүгө эмес, эптеп парздан кутулушка эле келген тура, – мунусу сөздөн улам байкалды. Көмө коюп эле кайра эле кетиши керек экен кайдагы бир Эне – Бейитке дебей, – ушу тегеректе жер азбы, босогоңон аалам түбүнө чейин Сары-Өзөктүн талаасы, – өзү өмүр бою иштеп өткөн темир жолдун боюндагы бир дөбөчөгө жашырбайлыбы, поезддердин өткөн кеткен дүбүртүн тыңшап жатсын деген оюн айтты. Өлгөндүн жазасы көмгөн деп, илгеркинин макалын да келтирип койду. Мындай учурда тез ойлоп, тез бүтүргөн жакшы, баш оорутуп, жанды кыйнап отурабызбы деди акылдуу уул.

Бул акылын айтарын айтып, өзүнүн калпыстыгынабы актана берди: маанилүү иштери калыптыр, убактысы тар экен, чоңдору болсо, албетте, чоң да бул элдин көрүстөнү алыс-жакыны менен иши жок, балан күнү түкүн саатта иште болосуң дешкен, ошого жетишип калышы керек экен. Чоң деген чоң, шаар деген шаар…Эдигей тиги дубал түбүндө отурган төрт-беш кишинин көзүнчө оозунан ачуу сөз чыгып кетпесин деп араң карманды. Казангаптын арбагын сыйлады…

Колу-бутка илешип дегендей, Сабитжан гана ар кимди алаксыткандан башка иши жок. Жаагын жанып, тили сайрагандан башка билген өнөрү жок экен, ардеменин башын бир айтып, областтагы чоңдордун кызмат-жайын сөз кылып отурат, ким кызматтан алынды, ким көтөрүлдү, - аны да саймедиреп отурат. Кайнатасынын өлүмүнө эмне үчүн

келин бала келбей калганы капарына да кирбейт…Келин баланын конференциясы бар имиш, ага чет өлкөдөн келген меймандар катышат экен. А абышканын неберелери кана?.. Бул эмне болуп кеткен? – дейт Эдигей жаны кашайып. – Өлүмдөн башканын баары эле маанилүү тура буларга! – деп жаны жай ала албай кетет. – Эгер буларга өлүмдүн баркы жок болсо, анда тирүүлүктүн да баркы жок тура! Өлүмдү барктабай тирүүлүктүн кадырына жетесиңби. Тиякта жашагандардын бу тирүүлүктө эмне ою, эмне максаты бар?..

Эдилбай айлантып-тегеретпей эле түз айтты:

– Атаңын досу, Бороондуу Эдигей деген киши бар экенине, Сабитжан, сен ыраазы болмогуң оң. Атаңы ата салты менен көмөлү, ага сен жолтоо болбогун. Шашсаң кармаган жерибиз жок. Сен үчүн топуракты мен салып коем!

– Ата меники, эмне кылсам… – деп баратты эле Сабитжан, Эдилбай сөзүн бөлүп салды:

– Ата го сеники, бирок сен өзүң өзүңкү болбой калыпсың го.

– Ай сен да оозуңа келгениң оттой берет экенсиң, – деп Сабитжан жалтактап калды. – Эне-Бейит болсо ошо болсун, айырмасы кайсы, мен жөн эле алыстыгынан…

Сөз ушуну менен бүттү» [Айтматов, 1999: 31]

Мисалга алынган көркөм диалогдо каармандардын сүйлөгөн сөзүнөн, көздөгөн максат-мүдөөсүнөн, жасаган иш-аракетинен, тутунган ниет-пейилинен алардын социалдык өзгөчөлүктөрү, ошого байланыштуу жан-дүйнө өзгөчөлүктөрү айкын билинип турат. Диалогдо «атасын кадырлап көмүүгө эмес», эптеп парздан кутулуш амалын ойлоп келген Сабитжандын ниет-пейли Эдигейдин байкоолору боюнча жана анын өзүнүн сүйлөгөн сөздөрү боюнча конкреттештирилип берилген. Мындай маанилик багыт «көмө коюп эле кайра кетиш керек», «кайдадыр бир Эне Бейитке дебей, – ушу тегерекке жашырбайлыбы», «мындай учурда баш оорутуп жанды кыйнап отурабызбы» деген өзүн акылдуу, билерман сезген, куру дымак, куру

намыс, нарксыз көрүнүштөр анын сөздөрүнөн дагы такталган, дагы деталдаштырылган. Өзүн башкалардан өйдө сезип, билимдүүлүгүн көрсөткөн бул сөздөрдөн Сабитжандын, биринчи кезекте, атасына болгон кайдыгерлик, ташбоор мамилеси, экинчиден, анын ата-бабадан келе жаткан өз элинин нарк-насили, көөнөргүс каада-салты менен иши болбой, өзүнүн улуттук кыртышынан эчак алыстап, элдин асыл жөрөлгөлөрүн унуткан жарды жан-дүйнөсү кыйыр баяндалып турат. Бул сөздөрдөн Сабитжандын эли-журтуна эмес, эң жакын карачечекей атасына кайрымы жок, ташбоор, мерез, өзүмчүл, кыска ойлуу адамдык пас сапаттары кошо баяндалган. Сабитжандын өзүмчүлдүгү, атасынын азасында өзүнүн көр тиргилик маселесин биринчи орунга коюп, каза болгон атасына кайгыруу, боору ачуу, күйүт тартуу сезими оюна да келбеген, кайдагы бир чоңдордун окуясын айтып, саймедиреп сай сөздөрдү айтып отурганынан да байкоого болот. Ал үчүн негизги маселе – атасын урмат-сый менен көмүү эмес, эптеп келди аты кылып, бул кырдаалдан кутулуу.

Ал эми атасы каза болуп атса, анын «маанилүү иштери калгандыгын», «убактысы тар экенин», шаардагы ар кандай иш жайынын шылтоолорун сөз кылуусу Сабитжандын маңкурттук көркөм образын көз алдыга элестетет.

Бул көркөм диалогдо автор байыркы мезгилде эрксизден маңкурт болгон Жоломанга азыркы күндө улуттук каада-салт наркынан алыстаган, улуттук акыл-эс, ар-намыс тууралуу түшүнүгү жок азыркы күндүн маңкурту Сабитжанды паралелль сүрөттөгөн деп ойлойбуз. Чындыгында эле, атасы каза болуп жатса, «бутка илешип», «ар кимди алаксытып», «ардеменин башын бир айтып», «аялынын кайнатасынын өлүмүнө эмне үчүн келбей калганын ойлобой турган» Сабитжандын бул кылык-жоругу өзүнүн энесин өзү атып өлтүргөн маңкурт Жоломандын жосуну менен тең барабар дешке болот.

«Атаңы ата салты менен көмөлү, ага сен жолтоо болбогун. Шашсаң кармаган жерибиз жок. Сен үчүн топуракты мен салып коем!» деген Эдилбай Сабитжандын мындай адаттан тыш, түркөй мамилесине бекеринен каршы

болгон жок. Мында «шашсаң сен кете бер» деген маани – Сабитжандын канчалык деңгээлде пас адам экендигин айгинелеп турган көркөм каражат. Ошондой эле бул сөздө «атаңды сен баалабасаң, биз баалайбыз, кадырлайбыз» деген маани кыйытылып билдирилген. Мындан сырткары бул сөздө Сабитжанга карата «нааразы болуу», «Казангап сыяктуу жакшы атадан жаман уулдун төрөлүшүнө капа болуу», «ачууланyy, ичинен жек көрүү», «шаарда жашап, иштеп жүргөнүнө корстон болгон анын намыссыз жоругуна иренжүү» сыяктуу маанилер да кошо туюндурулган. Бул көрүнүштү Эдилбайдын «Ата го сеники, бирок сен өзүң өзүңкү болбой калыпсың го» деген репликасы айкын далилдеп турат. Бул репликадагы «сен өзүң өзүңкү болбой калыпсың» деген туюнтма жогоруда сөз болгон Сабитжандын улуттук өзөгүнөн айрылып калган маңкурттук жан-дүйнөсүн маалымдайт. Ошентип, сыртынан караганда, шаар жеринде жашаган билимдүүдөй сезилген, социалдык жактан интеллигенциянын катарына кирген Сабитжандын ички жан дүйнөсү, көптөгөн себептерге байланыштуу улуттук кыртышынан айрылып калган андагы өксүк көрүнүштөр бул көркөм диалогдо көп кырынан иликтенип чагылдырылган. Биздин оюбузча, бул көркөм диалогдо иликтенген Сабитжандын жан дүйнө абалы аркылуу автор улуттук баалуулуктарга баа бербеген жалпы эле коомдогу социалдык трагедиянын кесепетин подтексттик көркөм маалымат катары окурмандарга сунуштап жаткандай сезилет.

Бул көркөм диалогдо Сабитжанга карама-каршы Эдигейдин көркөм образы көз алдыга элестелет. Диалогго Эдигей кыйыр катышкан. Эдигей Сабитжандын нарксыз сөздөрүн иликтеп, ойго батып, ичинен нааразы болуп тургандыгы баяндалды. Бул көрүнүш «отурган төрт-беш кишинин көзүнчө оозунан ачуу сөз чыгып кетпесин деп араң карманды. Казангаптын арбагын сыйлады…» деген паралингвистикалык белгилер аркылуу автордук ремаркада туюндурулган. Эдигейдин аза күтүү учурунда «ачуу сөз чыгып кетпесин деп өзүн өзү кармашы», «Казангаптын арбагын сыйлашы» анын ата-салтын урматтаган нарктуу адамдык сапатын билдирип турат. Диалогдо,

сыртынан караганда, атайы окуп билим албаган, социалдык жактан карапайым жумушчу чөйрөгө таандык, бирок ата-бабадан келе жаткан каада-салтты, наркты ыйык туткан, жакын адамдары эле эмес, Казангап сыяктуу чогуу иштеген адамдарга да кайрымдуу, жан-дүйнөсү бай, ак ниеттүү, көрөгөч, эмгекчил, кажыбас кайраттуу Эдигейдин образы анын ойлогон ойлорунан, Сабитжанга карата тутунган позициясынан билинип турат. Ошентип, **көркөм диалогдордо каармандардын сүйлөгөн сөздөрүнөн алардын социалдык таандыктыгы, жан-дүйнө өзгөчөлүктөрү кошо туюндурулат**.

Биздин оюбузча, **көркөм диалогдордо каармандардын кайсы бир социалдык чөйрөгө таандык экендигин билдирген тилдик каражаттар, синтаксистик конструкциялар алардын эмоционалдык ал-абалын, психологиялык, моралдык өзгөчөлүктөрүн да кошо билдирет**. Мисалы, «Эне- Бейит болсо, ошо болсун, айырмасы кайсы, мен жөн эле алыстыгынан…» деген Сабитжан колдонгон үзүл-кесил синтаксистик конструкция анын элге орой, осол сүйлөп, кагуу жеп, маанайы бузулган моралдык, психологиялык ал-абалын билдирип турат. Ошондой эле, бул үзүл-кесил синтаксистик конструкция, өзгөчө «– Эне-Бейит болсо, ошо болсун, айырмасы кайсы» деген туюнтма Сабитжандын акылы тайкы, кайдыгер жан-дүйнөсүн дагы тастыктап бере алды. Иликтенип жаткан бул үзүл-кесил синтаксистик конструкцияда Сабитжандын ынанымсыз интонациясы, жармач, жагымсыз ыргак-мукамы жаңырып турат. Ошондой эле аргасыз макул болууну туюндурган кайдыгер бул интонациядан Сабитжандын «жан-дүйнөсүндө болуп жаткан карама-каршылык», анын «оюна элдин каршы чыгып, көнбөй жатканына ачуулануу», анын ою боюнча, «атасын Эне-Бейитке коюу болбогон, жараксыз чечим деп ичинен ынануу», «бирок элдин чечимине аргасыз көнүү, макул болуу» сыяктуу көп катмарлуу маалыматтар байкалып турат. Сабитжандын бул карама-каршылыктуу интонациясынан атасынын аза күтүү аземинде өзүнө тиешелүү негизги өзөк маселени түшүнбөгөндүк, тескерисинче, оң ишке түркөйлүк менен тескери

реакция кылуу, өзүнүн баштапкы тайкы оюн өзгөртпөө сыяктуу маанилер да байкалат. Бул диалогдо Сабитжандын оозунан чыккан үзүл-кесил синтаксистик конструкциялар, алардын комбинациялары көркөм-экспрессивдик белги-касиеттерге ээ болуп, каарманды ар тараптан көркөм сүрөттөө мотивдери менен татаалдашкан [Виноградов, 1953: 61, 1963: 12].

Бул жагынан караганда, көркөм диалогдо каармандар колдонгон синтаксистик конструкциялар алардын эмоционалдык ал-абалын, психологиялык-моралдык өзгөчөлүктөрүн да туюндурууга катышат. Анткени синтаксистик конструкциялар белгилүү бир интонацияны жаратат. Сүйлөшүүдөгү интонация каармандардын ичинде болуп жаткан ар кандай процесстерди, эмоционалдык-экспрессивдик көрүнүштөрдү жана башка кырдаалдарды ар тарабынан билдирүү касиетине ээ.

Көркөм диалогдо каармандар колдонгон синтаксистик конструкциялар сүрөттөлүп жаткан турмуштун шарт-талаптарын, ошого жараша каармандардын жеке кулк-мүнөзүн көп багытта чагылдыра алат.

Билимдүү, нарктуу адамдардын сүйлөшүүсү бир бөлөк, кедей, карапайым, сабатсыз адамдардын сүйлөөсү бир бөлөк болору анык. Ошол өзгөчөлүктөргө жараша каармандар тарабынан колдонулган синтаксистик конструкциялар түзүлөт. Андай кырдаалды сүрөттөгөн көркөм диалогдордо сабатсыз, түркөй, чоркок интонация, ишенимсиз сөздөр колдонулушу мүмкүн. Же тескерисинче, орой, кырс, кагып-силкүү маанидеги сөздөр пайдаланышы ыктымал. Эгерде көркөм диалогдо ушул сыяктуу белгилер байкалса, анда ал каармандардын карапайым, турмуштан артта калган жан-дүйнөсүн кыйыр туюндура алат. Андай кырдаалда «башын жерге салуу», «бутунун башы менен жер чукуу» деген сыяктуу жана башка аргасыздык маанини туюндурган паралингвистикалык каражаттар менен коштолгон, узакка созулган тыным болушу да ыктымал. Мисалы**:**

«…– Кой балам, антпе, – деди Момун жалынып. – Мындай күнү оозго заар сөз алба. Мени кудай алсын, бирок ушундай күнү тиякта бала күтүп ыйлап калса жарабас…

– Ал кандай күн экен бүгүн? Кандай эле сага бүгүнкү күн ыйык болуп калды, ыя?

– Маралдар келиптир. Мындай күнү... түлөө…

Таң калганынан Орозкулдун оозунан кеби түштү. Маралдарды ал алдагачан унутуп койгон. Жана эпкиндеп тоголонгон карагайдын астына калбайын деп эси чыгып, караганга колун тыттыра жандалбастап четке сойлоп баратканда көлөкө болуп секирген эки-үч кааран элестеп өттү эле, анда чалдын былжыры менен ал караандарды эске тутуп калар чак болбогон. Момун азыр ошолорду айтып жаткан турбайбы.

– Сен мени келесоо деп турасыңбы, ыя? – деп ысык демин абышканын бетине илей ызырынды Орозкул. – Элдин баарын өзүңдөй макоо көрбөгүн! Колго илинер сакалың жок да, болбосо устун ордуна азыр сени сүйрөп түшөр элем сууга. Урдум бугу-маралыңды! Марал келди деп, тим эле катыны эркек туугансып. Башымды оорутпай, бар, устунду сүйө! Суудан өткөрүп салмайынча андай-мындай сөзүңдү укпаймын. Балаң ыйлап атабы, мектебиң өрттөнүп атабы, мага бир тыйын. Уктуңбу. Бас!..

Адатынча Момун айтканына көнүп берди. Устунду жетер жерине жеткирмейинче Орозкулдун колунан бошоно албасына көзү жетти. Унчукпай буйругун аткарды. Жаны кейип, жүрөгү мыкчылып баратса да, башка кың деп үн катпады.» [Айтматов, 1999: 329].

Мисалга алынган көркөм диалогдо Орозкул менен Момундун карама-каршылыкка жык толгон сүйлөшүүсү берилген. Бул диалогдун жалпы мазмунунан, анда колдонулган тематикалык каражаттардын, синтаксистик конструкциялардын маанилик өзгөчөлүктөрүнөн, андагы интонациянын табиятынан эки башка жан-дүйнөдөгү адамдардын сүйлөшүүсүнө күбө болобуз. Маселен, Момундун репликасынан жаратылыш кубулуштарын, андагы жан-жаныбарларды ыйык тутуп, кастарлоо ишеним-ынанымы

байкалып турат. Аны «мындай күнү оозго заар сөз алба» деп Момундун сүйлөгөнүнөн байкайбыз. «Мындай күнү» деп ал ыйык Бугу-Эне келген күндү баса белгилеп, Бугу-Энеге карата сыйынуусун, табынуусун, толкундап кубануусун билдирди. Момундун сөздөрү жатык жана анын интонациясы ак ниет, аруу ишенимди баяндап отурат.

Ал эми Орозкулдун репликасынан анын социалдык орто деңгээлин, интеллектуалдык акыл-парасат жагынан түркөй, сабатсыз акыбалын, маданий жагынан караганда, артта калган, орой, зөөкүр жана ташбоор адатын байкай алабыз. Бул көрүнүштү өзүнүн кайнатасына, жашы улуу аксакалга «сен» деп орой, кыргыздык жорук-жосунга төп келбеген осол түрдө кайрылышы далилдеп турат. Кыргыздык нарк-насил боюнча өзүнүн тууганына эмес, өзүнөн улуу адамга «сен» деп кайрылуу адамды сыйлабастык, чектен чыккан оройлук, адамды басынтуу жана теңине албоо, көпкөндүк, эсиргендик, маданиятсыздык катары бааланат. Ошондой эле жогоруда сөз болгон оройлук, осолдук көрүнүштөр бул көркөм диалогдун кийинки уланышында андан ары өнүгүп, жогорку чекке жетет. Бул жагдай «– сен мени келесоо деп турасыңбы ыя?..», «элдин баарын өзүндөй макоо көрбөгүн», «Балаң ыйлап атабы, мектебиң өрттөнүп атабы, мага бир тыйын. Уктуңбу. Бас!..» деген Орозкулдун репликасында ачык байкалат. Мында «келесоо», «макоо», «урдум», «башымды оорутпа», «бар», «бас» деген сөздөргө семантикалык басым түшүп, көркөм диалогдун баштапкы бөлүгүндөгү оройлукту, маданиятсыздыкты билдирген маани андан ары улантылып жатат. Чындыгында эле, аталган лексикалык каражаттарды улуу кишиге карата (болгондо да кайнатасына карата) колдонгондо адамдагы ыпыластыктын жетип турган жогорку чеги анык болот. Орозкулдун ызырынып, ачууга муунуп, итатайы тутулуп айтып жаткан бул сөздөрүнүн артында анын кайрымсыз, ташбоор мүнөзү, маданиятсыз, таалим-тарбиясыз, өзүмчүл ички жан-дүйнөсү кыйыр түрдө чагылдырылып турат деп ойлойбуз. Болбосо, өзүнүн кайнатасына «Сен мени келесоо деп турасыңбы?», «элдин

баарын өзүңдөй макоо көрбөгүн», «урдум», «бас» деп орой айтуу нарктуу адамдын колунан келбеген жорук болуп саналат.

Жогорудагы иликтөөлөрдөн көрүнгөндөй, Орозкул майда болсо да, колунда бийлиги бар, анча-мынча мансабы бар, ошонусуна корстон болуп, өзүнөн жогорку бийликтегилерге бөйпөңдөп, кошомат кылган, өзүнүн кол алдындагыларды кул сыяктуу сезген социалдык тип болуп саналат. Ал эми Момун – ата-баба наркын сактаган, жатык, сылык сүйлөгөн, бирок кызынын катаал тагдырына байланыштуу Орозкулдун тузагына илинип, азапка малынган, көтөрүмдүү, эрки бош, элпек, жөнөкөй, жупуну адамдын катарын толуктаган, социалдык өзгөчөлүктөргө ээ болгон адам. Ошондуктан Момундун репликасында колдонулган синтаксистик конструкциялар ырааттуу, логикалуу, мазмундуу, ошондой эле анын эрки бош касиетин чагылдырган үзүл-кесил мүнөзгө ээ. Мисалы, «Маралдар келиптир. Мындай күнү... түлөө…» деген анын репликасындагы үзүл-кесил сүйлөмдүк конструкция анын тартынчаак, адамдын көңүлүн карап, кылчактап турган аяр, жалтанчаак кулк-мүнөзүн билдирип турат. Ошондуктан ал «маралдар келген күнү түлөө өткөрүш керек» деп өзүнүн оюн Орозкулга толук, так айта албады. Момун эрки боштугун, улам кетенчиктеп, тартынып, жумшактыгын билдирди. Бул көркөм диалогдогу Орозкулдун кийинки өтө орой репликасына карата Момун унчукпай реакция кылды. «Адатынча Орозкулдун айтканына көнүп берди», «унчукпай буйругун аткарды», «кыңк деп үн катпады». Мында айтканына көнүп берүү «унчукпай буйрук аткаруу», «кыңк деп үн катпоо» паралингвистикалык каражат катары социалдык жактан төмөн катмардагы адамдардын реакциясын билдирип турат. Адатта, өз оюн айта албоо, тартынчаактык, кысынуучулук, жумшактык, баарына үн катпай макул болуу – социалдык жактан төмөн катмардагы адамдарга мүнөздүү көрүнүш.

Ошентип, бул көркөм диалогдо социалдык жактан эки башка типтеги адамдын, эки башка жан-дүйнөдөгү адамдын сүйлөшүүсү чагылдырылган. Көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандар колдонгон тилдик каражаттар,

синтаксистик конструкциялар алардын социалдык өзгөчөлүктөрүн, кулк-мүнөзүн, турмуштук көз карашын кошо чагылдырып турат.

Көркөм тексттеги диалогдун тилдик табиятын, синтактика-грамматикалык структурасын, каармандардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүн иликтеген окумуштуулардын билдирүүлөрүнө караганда, анда бир тутумдуу, эки тутумдуу сүйлөмдөр, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөр, киринди конструкциядагы сүйлөмдөр басымдуу колдонулат [Зондель, 1966: 11]. Бул жагдай көркөм чыгармадагы диалогдордун тилдик табиятына өзүнүн өзгөртүүлөрүн киргизип, таасирин тийгизет. Ошондуктан **көркөм диалогдордо каармандар биринин сөзүн бири кайталабаш үчүн эллипсис сүйлөмдөрдү, кемтик сүйлөмдөрдү, толук эмес, бир тутумдуу сүйлөмдөрдү колдонушат.** Натыйжада, көркөм чыгармалардагы диалогдордун өзгөчө формасы, синтактика-грамматикалык модели жаралат. Мисалы:

«…Чөнтөгүнөн Берметтин бир барак кагазын сууруп чыкты да, жүрөгү чыгып, даай албай, акырын бүктөөсүн жазды.

«Сиздин катыңызга эмне деп жооп айтарды билалбай турам. Мен али келечекти ойлой элекмин… Аркы-беркини ойлой турган болуп, мен кичине акыл-эсиме кирейин…»

Катты кайта-кайта окуп, Кыдырбек ойлонуп калды. Сылык гана: «атыңыздын башын нары бура бериңиз» дегени, – деди ичинен. Аты алда качан суу ичип болуп, башын салаңдатып, үргүлөп турган.

Суудан чыга бererде чукул алдынан бир атчан чыкты. Жанаша бергенде тиги атын токтотуп:

– Салоомалейкум! – деп, күлө берди.

– Алеки салам…

– Тааныбай турасыңбы?

– Таанып турам. Сен…

– Мен Сарыгул эмесминби. Бала кезде бирге окубадык беле. Зыңкыйган командир болуптурсуң. Мен болсо, минтип мал догдур болуп кеткемин.

Мурду жалпак, үстүңкү эрди түйрүк, мышмыйып күлгөндө көзү көрүнбөй кеткен сары мурутчан сары жигит сөзмөр неме болчу. Шакылдап сүйлөй берди.

– Кайдан? – деди Сарыгул.

– Жайлоодон.

– Жылкычыларга бардың беле?

– Ооба.

– Анда кимиң бар эле? И–и жылкы башы Чотур бар эмеспи, кызы жайлоодо деп уккамын. Жеткен экенсиң, эргул. Аскерден качан келдиң?

– Он күнчө болду го.

– Араң элеби? Мен райондо жүрүп, сени келди деп, кечээ уктум. Силердин башкармаңар Молдош айтты. Башкарма, жылкы ферманын баары жайлоого көчүп келатышат. Мен мурунурак барып, кымызга тоюп, аркы субай жылкыларды берирээк айдатып келейин деп баратам. Кудай салбасын, район тополоң эле түшүп калды.

– Эмне болуп?

– Угалексиңби?

– Эмнени?

– Согуш чыгып калбадыбы?

– Согуш!

– Согуш, жолдош командир, согуш. Немистер кол салып кириптир.

Кыдырбектин кара сур өңү купкуу боло түштү.

– Эми аскердин аттарын камдаш керек. Баарын эле кыйратып жыгып келатат, бу немис дегениң кыйын окшойт. Ай, биздикилер оңдурбайтко. Кандай дейсиң?

Кыдырбек жооп берген жок.

–Өзүң качан жөнөйсүң?

– Кайда?

– Согушка.

– Сенчи?

– Мени эмне кылсын? Аскер толуп жатпайбы. Анын үстүнө мылтык кармап көргөн жан эмесмин.

Кыдырбектин көздөрүнө кан толуп, бүткөн бою чыңалып, атын теминди.

– Кетип калсаң, кош бол! Атасынын көрү, немистерди кыйратып, катын-кызын ыйлатып, союп кел! – деп, Сарыгул Кыдырбектин артынан кыйкырып калды. Кыдырбек анын сөзүн уккан жок. Бүткөн бою ымыр-чымыр болуп, көзүнө эчтеме көрүнбөй, атына камчы уруп, ылдам жүрүп кетти.

Согуш башталганына үч күн болгон эле.» [Абдукаимов, 1980: 12].

Мисалга алынган көркөм диалог, окумуштуу А.К.Соловьева билдиргендей, диалог-билдирүү, диалог-талкуу, диалог-маек деген диалогдун түрүнүн бирине кирет. Ырас, диалог-билдирүүдө кеңири жайылма конструкциядагы сүйлөмдөр көп колдонулса, диалог – маектешүүдө эллипсис сүйлөмдөр арбын колдонулат [Соловьева, 1965:103-110].

Көркөм чыгармалардагы диалогдун кыска, бир тутумдуу, эллипсис, кемтик сүйлөмдөрдүн негизинде уюшулушу жөндөн жөн болгон көрүнүш эмес. Биздин байкоолорубуз боюнча, мындай бир тутумдуу жана кемтик сүйлөмдөрдөн куралган көркөм диалогдордун түзүлүшү тегин эмес. Анткени **мындай диалогдор каармандардын ички жан дүйнөсүндө кандайдыр бир психологиялык чыңалуунун болушунже ошол сүйлөп жаткан кырдаалда жалпы коомдук психологиялык чыңалуунун, опуртал психологиялык атмосферанын жаралышын да билдирет**. Мына ушул сыяктуу жеке жана жалпы психологиялык өзгөчөлүктөр мындай көркөм диалогдордун лингвостилистикалык табиятына өзүнүн күчтүү таасирин тийгизет. Аталган багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгына көңүл буруу зарыл [Якубинский, 1923: 96-194, Ананьев, 1977., 377,Святогор, 1967: 20].

Иликтөөгө алынып жаткан «Майдан» романындагы бул көркөм диалог, негизинен, Кадырбек менен Сарыгулдун ортосундагы сүйлөшүүнү көркөм

чагылдырып турат. Аталган көркөм диалогду мазмундук жактан эки бөлүккө бөлүп кароого болот. Биринчи бөлүк – Кадырбектин Сарыгул менен кадыресе жай турмуштук абалда сүйлөшүп жаткан бөлүгү. Экинчи бөлүк – Сарыгулдан согуштун чыгышы тууралуу кабарды уккандан кийинки экөөнүн сүйлөшкөн бөлүгү. Бул көркөм диалогдо каармандардын репликасында басымдуу көпчүлүк учурда кыска, кемтик сүйлөмдөр, бир тутумдуу сүйлөмдөр колдонулган.Мисалы, биринчи мазмундук бөлүктө Кыдырбектин репликасында «–Алеки салам…», «Таанып турам. Сен…», «жайлоодон», «ооба», «он күнчө болду го» деген сыяктуу салыштырмалуу жай-баракат абалда айтылган маалыматтар билдирилип турат. Кыдырбекке байланыштуу мында «салыштырмалуу, жай-баракат абалда» дегенибиздин жөнү бар. Анткени Кыдырбек Сарыгул менен сүйлөшүп баштаганда толук кандуу жай-баракат абалда эмес болчу. Көптөн бери арзып жүргөн Берметтин жазган каты колуна тийип, «жүрөгү чыгып», «даай албай», «ойлонуп», ичинен толкундап турган. «Мен али келечекти ойлой элекмин…», «…кичине акыл-эсиме кирейин…» деген кыздын жооп катын ар кандайча жоромолдоп, толкундоонун, ой-санаанын бороонунда калганы автор тарабынан «аты алда качан суу ичип болуп, башын салаңдатып, үргүлөп турган» деген туюнтма аркылуу маалымдалган. Бир чети, «атыңыздын башын нары бура бериңиз деп, сылык түрдө менден Бермет оолактап аткан жокпу» деген терс ойлор дагы анын жан-дүйнөсүн аралап, тынчын кетирип турган. Ошентип, Сарыгул менен сүйлөшө электе Кадырбектин ички жан-дүйнөсүндө махабат маселесине байланыштуу психологиялык чыңалуу бар болгон. Мына ушул экстралингвистикалык факторлор андан кийин уланган көркөм диалогдун коммуникативдик дагы, лингвостилистикалык дагы өзгөчөлүктөрүн аныктаган деп ойлойбуз.

Жогоруда белгилегендей, бул көркөм диалогдун биринчи бөлүгү мазмундук жактан турмуштук жөн-жай сүйлөшүүнү чагылдырып турганы менен, анын ички маңызында бир нече өзгөчөлүктөр камтылып турат. Диалогдо сүйлөшүп жаткан адамдардын экөө тең психологиялык жактан жай

абалда эмес. Кыдырбек арзыган адамынан өзү эңсеп каалагандай жооп ала албай, санаага жанчылып, ичинен кадыры сынып, маанайы чөгүп турган. Мындай психологиялык кырдаалда ким менен болбосун, ал толук эки тутумдуу сүйлөмдөр менен оозун толтуруп сүйлөшө алмак эмес. Демек, Кыдырбектин репликасындагы кемтик, эллипстүү бир тутумдуу, кыска сүйлөмдөрдүн колдонулушу анын ички жан-дүйнөсүндөгү жеке турмуштук маселелерге байланыштуу кыйчалыш абалды, толкунануну, ушуга байланыштуу жаш адамдарга мүнөздүү сарсанаага муунган психологиялык кырдаалды кыйыр түрдө көркөм маалымдап турат.

Ал эми бул көркөм диалогдун мазмундук экинчи бөлүгүндө Кыдырбектин жан-дүйнөсүндөгү жеке турмуштук көрүнүштөргө байланыштуу психологиялык чыңалуу абалы Сарыгулдун «согуш чыкты» деген кабарын уккандан кийин буга таптакыр башка табияттагы, андан дагы олуттуу, андан да маанилүү ой-санаага баткан башка психологиялык чыңалуу абалына өзгөрүлдү. Мындай кескин өзгөрүүгө учураган катуу психологиялык чыңалууну билдирген шарт Кыдырбектин репликасындагы «эмне болуп», «эмнени», «согуш», «кайда», «сенчи» деген кемтик, бир тутумдуу, эллипсистүү, кыска сүйлөмдөрдү анын колдонушунан ачык байкалып турат. Кыдырбектин мындай психологиялык чыңалууга дуушар болгон ички дүйнө абалы «кара сур өңү купкуу боло түштү», «Кыдырбек жооп берген жок», «Кыдырбектин көздөрүнө кан толуп, бүткөн бою чыңалып атын теминди», «Кыдырбек анын сөзүн уккан жок», «бүткөн бою ымыр-чымыр болуп, көзүнө эчтеме көрүнбөй, атына камчы уруп, ылдам жүрүп кетти» деген автордук ремаркаларда да конкреттештирилип маалымдалган. Мында «кара сур өңү купкуу болуу», «суроого жооп бербөө», «көзүнө кан толуу», «бүткөн бою чыңалуу», «бүткөн бою ымыр-чымыр болуу» деген туюнтмалар Кадырбектин жалпы элдин башына түшкөн кайгыны жөн-жай, кайдыгер кабыл албагандыгын, ичинде алаамат болуп, Мекендин келечек тагдыры тууралуу ой-санаа бүт дүйнөсүн ээлегендигин, мындай кыйраткыч согуш алдында анын жеке турмушу, жеке махабаты өтө чоң мааниге ээ эмес

экендигин кошо туюндуруп турат. Мекен тагдыры жардын кырына такалып турганда Кыдырбек Сарыгул менен жайбаракат толук кандуу сүйлөшө алмак эмес. Демек, **көркөм чыгармада турмуштук психологиялык факторлордун таасиринин негизинде дал ушундай кыска, үзүл-кесил, басымдуу көпчүлүк учурда бир тутумдуу сүйлөмдөр колдонулат. Андай көркөм диалогдордун интонациясы, ыргак, мукамы башка диалогдордон кескин айырмаланат. Мындай көркөм диалогдордо, биринчиден, анда катышкан каармандардын жөн-жай эмес психологиялык абалы туюндурулат, экинчиден, диалог болуп жаткан ошол учурдагы турмуштук кырдаалдын көп түрдүүзгөчөлүктөрү да чагылдырылат. Натыйжада, көркөм чыгармада сүрөттөлүп жаткан көркөм турмуштун көп түрдүү жагдай-шарттарын, кырдаалын ар тараптан чагылдырган көркөм диалогдун өзгөчө формасы, модели жаралат.**

Көркөм чыгармадагы **жаш адамдарга мүнөздүү көркөм диалогдордо тилдик каражаттардын, синтаксистик конструкциялардын кайталанып колдонулушу бир нече коммуникативдик максаттарды көздөйт. Маселен, диалогдо бир сөздүн кайталанышы маанини улантуучу жана маанини дагы тереңдетүүчү максатта, ошондой эле ошо сүйлөшүү кырдаалындагы ар кандай эмоционалдык өзгөчөлүктөрдү да баса көрсөтүү мотивинде колдонулат.** Мындай учурда кайталоо көркөм диалогдо зарылдык болуп саналат. Чындыгында, көркөм диалогдордо ар кандай семантикалык каражаттар,ар түрдүүтиптеги суроолор жана ага карата ар кандай оң жана терс жооптор, эрк билдирүү процесстери, кайталоолор, колдоп кетүү сыяктуу көрүнүштөр колдонулат [Гаврильев, 1974: 24].

Мисалы:

«…Катуу келген Нүзүп токтолбой күчтүү жорго менен топту жиреп барып, Карабекти камчы менен башка тартып жиберди. Карабектин суусар бөркү учуп түштү. Карабек селт деп карап, бет алдында кумсарып турган Нүзүптү көрдү. Чаңырып жиберди:

– Ой, тентиген аксылык! Ой! Бул эмне кылганың! Нүзүп да илбирстей атырылды. Камчылашууга жеткирбей, эл ортого түшө калышты, аттарын тизгиндеп ажыратып тартып кетишти.

–Бекзада имиш! Буйга жер тоскон каракчы! – деп, колу кубана түшкөн Нүзүп биртке соолуга калды. Карабек кыйкырып сөгүп, атын туйлатып, арачачыларга бой бербей жулкунуп жатты…

Жигиттери кара кишини ортого түртүп чыгарышты. Нүзүп элге көрсөтө берди:

– Сурап алгыла!

Кара киши шылкыйып туруп, кыйналып жатып:

– Мен эле… Мен тостум эле…Мен чаптым эле…– деп араң күбүрөдү. Кары селт дей түштү, кабагы ачыла түштү:

–Сенби?!

–Мен… Карабек мырза өзү жиберген…

Нүзүп жерге батпай кубанды, үзөңгүсүн кере тээп обдулуп тура калып:

–Ана! Уктуңарбы! Ана! Бул элдин мырзасы ушул ишти кылып отурса, уруусу кайсы жолдордо жүрөт экен! Ана! – деп чартылдап кыйкырды.

Карабек купкуу болуп туруп калды. Калыска түшүп турган аксакал Карабекке кошо сынды:

– О, Карабек…мырза болбой куруп кет…Мырза болбой куруп кет, өзүң жалгыз өлбөй, бир суу элди кошо өлтүрдүң…–деп сыздап отуруп калды»

[Касымбеков,1978: 8].

Бул көркөм диалогдо сөздөрдүн жана синтаксистик конструкциялардын улам-улам кайталанып колдонулушу бир нече коммуникативдик функцияда колдонулган. Мисалы, кара кишинин репликасында «мен» деген жактама ат атоочтун үч жолу кайталанышы анын толкунданууусун, кысылып кыйналып, аргасыздан бул сөздөрдү айтууга батынып жатканын, бул сөздү айтпаса, бийлик өкүлү болгон Нүзүптөн кутула албай, бир жапа чегерин сезип, үрөйү учуп турганын, бир эле учурда

бир нече ой-санаа башында уюлгуп, шыр сүйлөй албай, мукактанып, үнү буулуп, аргасы кетип турганын билдирди. «Мен эле…», «Мен… эле», «Мен…эле» деген окшош синтаксистик конструкциянын үзүл-кесил кайталанып колдонулушу кара кишинин ички дүйнөсүндө болуп жаткан алай-дүлөй, алааматты туюндурган өзгөчө интонацияга, өзгөчө ыргак-мукамга ээ. Ошентип, жогоруда лексикалык деңгээлде «коркуу», «айбыгуу», «апкааруу», «аргасыздык» маанисин туюндурган стилистикалык боектор синтаксистик, грамматикалык деңгээлде, синтаксистик конструкциялардын кайталанышы аркылуу андан ары улантылды. Аталган синтаксистик конструкциялардын кайталанышы өзгөчө интонацияны жаратуу менен аргасыздык маанисине байланыштуу фоностилистикалык боекторду өзүнүн тутумунда камтый алды.

Ошондой эле кара кишинин репликасынын үзүл-кесил, кайталанма жана кыска болушу бул сөздөрдү айтууга аны мажбур кылып турган артында бир күч бар экендигин, эгер эркине койсо, мындай сөздөрдү ал эч убакта айтпасын, өзүнүн жана жакындарынын өмүрү чоң коркунучка кабылганын, ушул жагдайга байланыштуу кылган ишин мойнуна алуу, сырды ачууга мажбур болуп турганын да кошо маалымдайт. Бул жагынан ой жүгүртүп караганда, кара кишинин репликасындагы лексикалык жана синтаксистик конструкциялардын кайталанып колдонулушу басынууну, коркууну, аргасыздыкты көркөм туюндуруу сыяктуу коммуникативдик максатты көздөйт. Ал эми кара кишинин Карабек мырзанын кыянат иштерин айтып, анын бетин ачкандан кийинки Нүзүптүн репликасындагы «–Ана!» деген сырдык сөздүн күчтүү сезим менен үч жолу кайталанып колдонулушу, биринчиден, «Нүзүптүн өзүнүн жасап аткан иштеринин туура, акыйкат экенин баса көрсөтүп, ага элди ынандыруу», экинчиден, «Карабек мырзанын кыянат ишинин бети ачылып, анын элдин көзүнчө кадыры сынганына этине батпай кубануу», үчүнчүдөн, «бул чөлкөмдө негизги күч, таасир кимдин колунда экендигин көпчүлүктүн көзүнчө далилдөөгө аракет кылуу», төртүнчүдөн, «өзүнүн түз жүргөн адилеттүүлүгүн, калыстыгын, баса

белгилөө», бешинчиден, «эч убакта кыянат, кутумчул иштердин жасалышына жол бербеген өзүнүн көкжал, тайманбас, эр жүрөк сапатын элге көрсөтүү» сыяктуу маанилерди көркөм туюндуруп турат деп ойлойбуз. Буга негиз катары иликтенип жаткан көркөм диалогдо «Нүзүп жерге батпай кубанды», «үзөңгүсүн кере тээп обдулуп», «чартылдап кыйкырды» деген туюнтмалардагы маанилик өзгөчөлүктөрдү белгилеп атоого болот. Мында «үзөңгүсүн кере тээп обдулуп» деген туюнтма «өзүнөөзү ишенүүнү», «өзүнүн жасап аткан ишинин туура, ак экенине ынанууну», «турган туруму менен бийликтин таасири кимде экендигин баса көрсөтүүнү» билдирет да, эч нерседен кайра тартпаган өжөр, көк бет, кубаттуу көк жалдык касиетти, өктөмдүктү, үстөмдүктү, күч-кубатты да кыйыр туюндура алат. Ошондуктан Нүзүп көпчүлүктүн арасында ишенимдүү обдулуп, өзүнүн бул кыймыл-аракети аркылуу өзүн-өзү көрсөтүп, далилдеп жатат. Ал эми Нүзүптүн репликасындагы жогорку белгилерди, семантикалык өзгөчөлүктөрдү дагы да далилдеп, дагы да бышыктап турган «чартылдап кыйкырды» деген туюнтмада «тартынбастык», «өзүнүн ишинин ак экендигин далилдөө», «аны менен ачык да, туюк да каршылашууну, эрегишүүнү көздөгөн адамдарга сес көрсөтүү», «аны менен тамашалашуу түбү жакшылыққа алып келбесин билдирүү», «бийлик, күч кимдин колунда экенин баса белгилөө» сыяктуу жана башка стилистикалык боектор камтылган.

Ошентип, «Ана!» деген сырдык сөздүн Нүзүптүн репликасында үч жолу кайталанып колдонулушу «ишинин актыгын далилдөө», «бийликтин кимде экендигин көрсөтүү», «өзүнүн эч нерседен кайра тартпаган көкжал, адилет, өктөм касиеттерин баса белгилөө» өңдүү Нүзүптүн көркөм портретине байланыштуу көркөм маалыматтарды туюндуруу сыяктуу коммуникативдик максаттарды көздөйт.

Бул көркөм диалогдо калыска түшүп турган аксакалдын Карабек мырзага карата айткан репликасында «мырза болбой куруп кет» деген синтаксистик конструкцияны эки жолу эч өзгөрүүсүз кайталап колдонуусу жогоруда белгиленген коммуникативдик максаттардан кескин өзгөчөлөнөт.

Бул кайталоодо Карабек мырзага карата болгон «нааразылык», «ыза», «намыстануу», «уялуу», «Нүзүптүн далилдүү жүйөөлөрүнө моюн сунуу», «ишенүү», «ошонун негизинде сөзгө сынуу», «өзүн эле эмес, бир суу элди кошо уяткарган Карабек мырзага наалат айтуу», «ачууланyу», «көпчүлүктүн көзүнчө Карабек мырзаны уяткаруу», «Карабек мырзанын элдин ишенимин актабаганына өкүнүү» сыяктуу көркөм маалыматтарды туюндуруу аракети көздөлгөн коммуникативдик максаттар бар. Мындай маанилик өзгөчөлүктөр «калыска түшүп турган аксакал Карабекке кошо сынды», «сыздап отуруп калды» деген автордук ремаркадагы тилдик туюнтмалар аркылуу тастыкталып берилген. Чындыгында эле, «сынуу», «сыздоо» деген сөздөрдүн маанилеринде «өкүнүү», «уялуу», «ачууланyу», «нааразылык», «ыза», «намыстануу» сыяктуу стилдик боектор бар экени анык.

Иликтөөлөр көрсөткөндөй, жогорудагы көркөм диалогдо лексикалык жана синтаксистик конструкциялардын кайталанып колдонулушу көркөм диалогдо маанини улантуучу жана маанини дагы тереңдетүүчү максаттарда колдонулган. Жогорудагы иликтөөлөргө алынган тилдик каражаттардын кайталанышы Карабек мырзага камчы тийгенден кийинки кырдаалдын бүтүндөй өзгөчөлүктөрүн көркөм баяндоого көмөкчү болгон. Мындан сырткары тилдик каражаттардын кайталанып колдонулушу ошол сүйлөшүү кырдаалындагы каармандардын ички уйгу-туйгусун, эмоционалдык ал-абалын жана жалпы эле ошол кырдаалдын психологиялык атмосферасын ар тараптан мүнөздөп көрсөтүүгө жардамчы боло алган деп ойлойбуз.

Көркөм чыгармадагы диалогдордо айтуучу менен угуучунун өз ара мамилеси, эмоционалдык кырдаалдагы психологиялык ал-абалы, өзгөчөлүктөрү алар колдонгон сүйлөмдөрдүн түзүлүшү, интонациясы жана ар кандай ымдоо-жаңсоолор аркылуу белгилүү болуп турат.

Көркөм диалогдордун структуралык,коммуникативдик өзгөчөлүктөрү анда колдонулган синтаксистик конструкциялардын маанилик өзгөчөлүктөрүнө да тыгыз байланыштуу. Көркөм диалогдордо сүйлөшүп жаткан каармандардын өз ара реакциясыанда репликалардын чынжырчасын

жаратат [Щерба, 1915: 189]. Ошентип, көркөм диалог биринен бири өтүп жаткан сүйлөө аракетине айланат [Якубинский, 1923: 96-194]. Бул көрүнүш диалогдун сүйлөшүү процессинде табигый түрдө уланышын шарттайт. [Шведова, 1960: 377]. Ушуга байланыштуу мындай көркөм диалогдордо колдонулган сүйлөмдөрдүн структуралык табияты бир кыйла өзгөчөлүктөргө ээ болот. Өзгөчө типтеги сүйлөм курулмалары турмуш-тиричилик сүйлөшүү стилиндеги диалогдордун табиятына, сыртынан караганда, окшошуп кетет. Чындыгында, **көркөм диалогдор турмуш-тиричиликте оозеки сүйлөшүү диалогдорунун моделине ылайыкталып түзүлөт.** [Винокур, 1974:]

Ошентип, **көркөм диалогдордо сүйлөмдөр кыскартууларга, кырдаалдык жагдайларга байланыштуу үзүл-кесилдикке, маанилик сыгылууларга (компрессияга), коммуникациянын ошол учурдагы шартына жараша лексика-грамматикалык каражаттарды колдонуу өзгөчөлүктөрүнө ээ.** Мисалы:

«– Бек ага, шаардан кабар келди…– деди Абил туубашы шашып келип. Нүзүп ойдон ойгонуп кетти:

–Кимиси?.. Чакыр…Кайда жүрөт… – деп, чыканактап жатканынан өйдө боло калды. Абил туубашы артына караганча, караңгылыктан суурулуп, оттун жарыгына баягы узун бойлуу каландер чыга келди:

–Ассалому алейкум, колбашчы!

–Алейкум ассалом… – Нүзүп каландердин кебетесин бат-бат чаргып тиктеди, каландердин кабагы жарык болуучу, дагы эле ишене бербей анын көзүн тиктеп колун алды. –Кел, баатыр…кел, отур.

Каландердин көзү күлүңдөп турду. Иш оңунда! Нүзүптүн жүрөгү ысып кетти.

Каландер Нүзүптөн кийин Шерали менен кол алышып учурашты да, сыңар тизелеп отура баштап, мойнундагы мусапырдын кабагын алып отко таштап жиберди:

– Иш оңунда, колбашчы…Кожо Хызыр жылооңузда экен…Жолуңуз ачык, эртең Ибрагим Хайал Коконду сизге таштап, чыгып кетмей болду!.. – деди куттук айткансып кубанычтуу» [Касымбеков, 1978: 82].

Мисалга келтирилген бул көркөм диалогдо Нүзүп менен шаардан кабар айтып келген каландердин ортосундагы мамилелик өзгөчөлүктөргөөзгөчө басым жасалып баяндалган. Бул экөөнүн бири-бирине карата ишенимдүү, жакшы мамилеси алар колдонгон сүйлөшүүнүн түзүлүшүнөн, айткан сөздөрүнүн интонациясынан жана ымдоо-жаңсоо, кыймыл-аракетинен белгилүү болуп турат. Мисалы, «Кимиси?.. чакыр… кайда жүрөт» деп Нүзүп колдонгон үзүл-кесил синтаксистик конструкциялар «Нүзүптүн чыдамсыздык менен Кокон хандыгынан кабар күтүп жатканын», «бул тирешүүнүн арты эмне менен бүтөр экен деп тынчсызданууусун», «ичинен ой басып, болочок пландарын ойлоп, жол издеп турган абалын» кошо туюндуруп турат. Мындай маанилик кырдаал «Нүзүп ойдон ойгонуп кетти» деген автордук ремаркада такталып, конкреттештирилип берилген. Бул туюнтмада Нүзүптүн ички дүйнөсүндөгүөзгөчөлүктөр «тымызын санаркоо», «алды-артын эсеп-чоттоп мерчемдөө», «буга чейинки жана мындан кийинки иш-аракеттерине баа берүү», «кандай гана болбосун, Кокон хандыгын басып алууга аракет кылуу», «ичтен ойлонуп, ичтен чыңалуу» сыяктуу бир нече маанилик катмарлар бар экени байкалат. Ошондуктан автор «ойдон ойгонуп кетти» деп аталган маселени бекеринен баса белгилеген эмес. Демек, Нүзүптүн оюнда оң да жана терс да ойлор бир учурда удургуп, анын тынчын алып турат деп айтсак болот. Ушундай шартта көптөн күткөн кабардын келиши анын активдүү реакциясын жаратты. «Чыканактап жаткан жеринен өйдө боло калды» деген туюнтма бул ойлорго далил да, негиз да боло алат. Ошол кезде Кокон хандыгын чаап алууга бет алган, күчтүү, кубаттуу саясий фигуранын «өйдө боло калышы» тегин эмес. Бул белгилер көркөм диалогдо сүрөттөлүп жаткан маалыматтардын олуттуулугун, өтө маанилүүлүгүн да кыйыр чагылдырып турат. Бул жагынан караганда, Нүзүп тарабынан колдонулган үзүл-кесил конструкциялар көркөм диалогдо баяндоонун

кийинки этабында маанилүү окуянын, көрүнүштүн болорун алдын ала кыйытып тургандай сезилет. Буга көркөм диалогдун жалпы контексти, семантикалык талаасы да түрткү болуп турат. Мындан сырткары Нүзүп колдонгон бул үзүл-кесил синтаксистик конструкциялар анын «эч кимге байкатпай, ичинен толкундаган эмоционалдык, психологиялык ал-абалын»,«ар түрдүү ойлорго жанчылып, ичинен санаа баскан жагдайларын» кыйыр билдирип турат. Ошондуктан «календердин кебетесин бат-бат чаргып тиктеди» деген туюнтмада «санаркоо», «тынчсыздануу», «кабатырлануу» сыяктуу маанилик өзгөчөлүктөр бар. Ал эми «дагы эле ишене бербей, анын көзүн тиктеп, колун алды» деген автордук ремарка жогорудагы «тынчсыздануунун», «сарсанаанын» абдан терең абалын билдире алат.

Андан кийинки «кел, баатыр… кел, отур…» деген Нүзүптүн үзүл-кесил, кыска синтаксистик конструкциялар менен коштолгон репликасында «календер айта турган кабардын табиятын, өзгөчөлүктөрүн иликтөө», «толук чечим чыгарууга шашылбай, аярлоо», «сабыр кылуу», «ичиндеги уйгу-туйгу ой санаасын эч кимге билдирбей жашыруу», «сыр алдырбай, алдырттан жол издөөнү улантуу» сыяктуу бир нече маанилик катмарлар бар деп ойлойбуз. Мында Нүзүптүн сабырдуу, токтоо, акылдуу ички сапатын көрсөтүүгө автор тарабынан кыйыр түрдө аракеттер болгонун байкасак болот. Ошондуктан Нүзүп «календердин көзү күлүңдөп турганынан» көптөн бери санаркап күтүп турган кабар оң экенин байкап, алдын ала сезе алды. Мындай маанилик багыт «Иш оңунда! Нүзүптүн жүрөгү ысып кетти» деген автордук ремаркада дагы такталып, конкреттештирилип туюндурулган.

Жогорудагы **Нүзүп колдонгон үзүл-кесил кыска синтаксистик конструкцияларда маанилик сыгылуу (компрессия) сыяктуу коммуникативдик процесстер бар** деп ойлойбуз. Бул кубулушту «Кел, баатыр… кел, отур» деген сүйлөмдүн көп түрдүү маанини туюндуруп, көп кырдуу коммуникативдик функцияларды аткара алуусунан байкайбыз. Биздин оюбузча, аталган кыска, үзүл-кесил синтаксистик конструкция Нүзүптүн ички жан дүйнөсүндөгү көп кырдуу моралдык, психологиялык ал-

абалын жана ошондой эле ал аркылуу диалог болуп жаткан мезгилдеги коомдун тынч эмес, коогалаң психологиялык атмосферасын кошо туюндурушу маанилик сыгылуу (компрессия) категориясына төп келген көрүнүш болуп саналат. Ошентип, жогорудагы иликтөөгө алынган **көркөм диалогдо кыскартылган, үзүл-кесил синтаксистик конструкциялар, маанилик сыгылуу кубулушу андагы коммуникативдик шартка байланыштуу тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган.** Мындай тилдик каражаттарды колдонуу көркөм диалогдун баштапкы маанисине шайкеш ишке ашкан.

3.11. Көркөм чыгармалардагы диалогдордо көркөм маалымат туюндуруунун стилистикалык өзгөчөлүктөрү

Көркөм чыгармадагы диалогдордо паралингвистикалык каражаттарды колдонуу да белгилүү бир коммуникативдик максаттарды көздөйт. Ал каражаттар кайсы бир деңгээлде диалогдун маанилик жактан уюшулушуна таасирин тийгизип, ага кошумча маанилерди кийирет. Паралингвистикалык каражаттарды колдонуу диалогдун коммуникативдик багытына, сүйлөшүп жаткан адамдардын коммуникативдик интенциясына, андагы максат-мүдөөлөргө, диалогдун жалпы милдеттерине, формалдык негиздерине, диалогдун контекст менен болгон байланышына, туюндурулган информациянын мүнөзүнө, тилдик эмес паралингвистикалык каражаттардын ээлеген ордуна, маани-маңызына тыгыз байланыштуу [Святогор, 1967: 17]. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, **көркөм диалогдордо паралингвистикалык каражаттардын аз же көп колдонулушу каармандардын эмоционалдык ал-абалына тыгыз байланыштуу болот.** Мисалы:

«*…Ооба, мен жеңемди эч кимге ыраа көрбөй кызганам, анын иреңдүүлүгү менен, өзүн эркин алып жүргөн мүнөзү менен ичимден сыймыктанчумун. Билбейм, эмне үчүн экенин, бирок биз өтө жакын элек, биринен-бири эчтеке жашырбас сырдаш курбулар сыяктуу элек. Ал кезде айылдагы эркектер аз, ошондон улам кээ бири көкүрөк көтөрүп, дөөгүрсүгөн*

жигиттер, өзүн «мен гана» дегендей сезип, аял алар үчүн кеп эместей. Бир жолу чөп чабыкта, улам эле жөнү жок ыржалактап, айтканым сая кетпейт дегендердин бири – биздин туугган сөрөй Осмон тийише бергендиктен, Жамийла анын сенек колун жактырбай силкип салды да, көлөкөдө отурган жеринен өйдө боло берип:

– Турчу нары! – деди. Анан тескери карап, өзүнчө капалана үшкүрдү. – Аңгиликтен башка колуңардан эмне келет дейсиң?

Чөп маянын түбүндө талтая жамбаштаган Осмон, шилекейленген калбык эрдин кекерлене түйрүп, бышкырды:

– Тигини, мышык этке жетпей сасык дейт… Мурдуңузду чүйрүбөй эле коюңуз! Кесирди эмне кылат экенсиң: көзүң катып эле өлүп жүрөсүң го…

Жамийла жалт бурулуп кубара түштү:

– Өлсөм, өлүп жүргөндүрмүн, - кудайдын башка салганы! Бешенебиз ушул экен – сен, акмак, андан эмне күлөсүң? Көзүм катмак турсун миң жыл так өтсөм да, сага окшогон шүмшүккө кесиримди артканым арткан! Акмаксың, баягыдай тынчтык замана болсо, көрөр элем ушинтип айтканыңды!

– Ошону айтам да! Согуштун кесепетинен камчынын уусуна сугарылбай кутуруп жүрбөйсүңбү, – Осмондун көзү жүлжүйө майланышып, ал ээрдин тиштене тамшанып алды. – Менин гана катыным болуп калсаң ээ…

Эриндери дирилдеген Жамийла Осмонду бардык күчү менен жекире карап, бир нерсе айтмакчы болуп, ага умтула берди да, анан: «ушуга айткан кайран сөз» – деди окшойт, «түү» – деп, тигини көздөй жийиркеничтүү түкүрүп, жерде жаткан айрыны ийнине салып, унчукпай четке басты. Мен бери жакта арабанын үстүнөн чөп түшүрүп жатат элем, мени көрө салып, Жамийла чукул бурулуп кетти. Жеңем мен ошондо кандай абалда экенимди билди. Сөз ага эмес мага тийгендей, мен ал үчүн ызаланып, намысым кайнап: «Андайларга эмне үчүн жолойсуң, алар менен эмне үчүн

сүйлөшөсүң?» – деп, жеңеме жаным ачып, кейип турдум.» [Айтматов, 2009: 201].

Жогорудагы көркөм диалогду паралингистикалык каражаттар аркылуу гана толук кандуу түшүнө алабыз. Эгерде бул диалогдон паралингвистикалык каражаттарды кыскартып койсок, ал эч кандай маниге ээ болбой калат. Биздин оюбузча, Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги бул кыска көркөм диалогдо паралингвистикалык каражаттар Осмон менен Жамийланын көркөм образынын деталдарын сүрөттөө максатын көздөйт. Маселен, бул көркөм диалогдогу «Жамийла анын сенек колун жактырбай силкип салды», «тескери карап, өзүнчө капаланып үшкүрдү» деген Жамийлага таандык паралингвистикалык каражаттар Осмонго карата Жамийланын терс мамилесин билдирүү менен кошо Жамийланын туруктуу, көтөрүмдүү көркөм образынын айрым бир штрихтерин кыйыр туюндуруп турат. Мындан “ага тийишип асыла бергендерди жактырбоо”, “андайлардыжанына жолотпой, тескери басуу” сыяктуу ички психологиялык абалды байкай алабыз.Мындай маанилик агын «өзүнчө үшкүрдү» деген паралингвистикалык каражат аркылуу кыйыр түрдө билдирилип турат.

Ал эми «жөнү жок ыржалактап», «талтая жамбаштап», «шилекейлейген калбык эрдин тиштене тамшанып» деген Осмонго тиешелүү паралингвистикалык каражаттар анын адамдык дараметин, күйөөсү фронтто жүргөн аялдарга ыржалактап тийишип, «айтканым сай кетпейт» деген ой-кыялын, жалпы элдин башына түшкөн алааматта жеке өз кызыкчылыгын ойлогон жан дүйнө абалын көркөм чагылдырат. Мында «эрдин кекерлене түйрүп» деген паралингвистикалык каражаттын маанисинде «өзүнүн пикирин туура деп эсептөө», «өзүнүн кызыкчылыктарына каршы болгон иш-аракетке нааразы болуу», «Жамийланын анын эркине баш ийбей, ал каалагандай ыкка көнбөй турушуна ачуулануу», «уруш мезгилинде бардык эле аялдар интимдик мамилеге муктаж деген түшүнүккө жедеп ишенип алуу», «Жамийланын өз эркине баш ийбей, өзү каалагандай ыкка көнбөй турушуна ачуулануу», «уруш мезгилде баардык эле аялдар интимдик

мамилеге муктаж деген түшүнүккө жедеп ишенип алуу», «жедеп көнүп алган өзүнүн бул кылык-жоругунун таш каап турганына нааразы болуу» сыяктуу көп түрдүү көркөм маалыматтар көмүскө туюндурулган деп ойлойбуз. Анткени «кекерленүү» деген сөздүн мааниси дал ушул семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ. Буга кошумча жогоруда аталган паралингвистикалык каражаттардын маанисинде Осмондун «эсирип көпкөндүгү», «жеке турмушунда оор абал түзгөн келин-кесектерге ыржалактап тийишип, аны адатка айландырган кесирлик кулк мүнөзү» кошо туюндурулган. «Кекерленүү» деген сөздүн маанисинде «эсиргендик», «кесирлик», «өзүмчүлдүк» сыяктуу семантикалык өзгөчөлүктөр бар экендигин эске алганда, бул көркөм диалогдун кийинки бөлүгүндө «көзүн жүлжүйтүү», «эрдин тиштене тамшануу» деген паралингвистикалык каражаттарда да кесирликтин ар түрдүү маанилик өңүттөрү чагылдырылып турат деп айтууга болот.

Бул көркөм диалогдун кийинки бөлүгүндө Осмондун дал ушул терс мамилесине карата туюндурулган «жалт бурулуп, кубара түштү», «эриндери дирилдеген», «бардык күчү менен жекире карап», «тигини көздөй жийиркеничтүү түкүрүп» деген паралингвистикалык каражаттар Жамийланын көп түрдүү психологиялык, эмоционалдык ал-абалын туюндура алды. Маселен, «жалт бурулуп, кубара түшүү» деген туюнтма «ачууланyy», «жек көрүү», «Осмондун кесир сөзүнө нааразы болуу», «өзүнө карата жеңил ой, жеңил баа берилип жатканына макул болбоо», «адамдын жеке турмушуна кийлигишүүгө,мындай адилетсиздикке жол бербөө» сыяктуу маанилик өзгөчөлүктөр бар. Ошондуктан Жамийла Осмонду «бардык күчү менен жекире карады» ага «жийиркеничтүү түкүрдү». Мында «жекире кароо», «жийиркенип түкүрүү» деген туюнтмада «сыйлабоо», «иренжүү», «ачууланyy», «түңүлүү», «жек көрүү», «ызаланyy» сыяктуу маанилик өзгөчөлүктөр камтылган. Жогоркудай семантика-стилистикалык боектогу паралингвистикалык каражаттар бул көркөм диалогдо эки башка каармандын, эки башка мүнөздүн, эки башка дүйнө көз караштын

кагылышуусун көркөм туюндурууга көп жагынан көмөкчү боло алды. Бул жагынан караганда, **көркөм диалогдордо колдонулган паралингвистикалык каражаттар диалогдун маанилик жактан уюшулушуна таасирин тийгизип, андагы бир нече кошумча маанилик өзгөчөлүктөрдү туюндура алат. Ошондой эле мындай паралингвистикалык каражаттар каармандардын эмоционалдык, психологиялык ал-абалын да ар тараптуу көркөм туюндурууга катышат.**

Көркөм чыгармадагы диалогдордо сүрөттөлүп жаткан турмуштук көрүнүштөрдү окурмандарга деталдуу, элестүү туюндуруу максатында автор тарабынан ошол турмуштук жагдайларга байланыштуу стилистикалык боектогу лексика-фразеологиялык, грамматикалык, синтаксистик каражаттар колдонулат. Дал ошондой турмуштук жагдайды туюндурган «айылдагы эркектер аз», «ошондон улам кээ бир көкүрөк көтөрүп, дөөгүрсүгөн жигиттер, өзүн мен гана дегендей сезип, аял алар үчүн кеп эместей» деген туюнтма бул көркөм диалогдо негизги маанилик өзгөчөлүк катары колдонулган. Ырас, турмуштук кырдаал ар кандай, ар түрдүү болот. Бирок жогорудагы туюнтмалар аял менен эркектин ортосундагы байланыш, карым-катыш боюнча турмуштук кырдаал тууралуу сөз болорун билдирип турат. Бул кырдаал – алдуу-күчтүү эркектердин баары фронтко аттанып, айылда келин-кесектерөтөоор моралдык-психологиялык абалга туш болуп турган кырдаал. Автор Жамийланын кулк-мүнөзүн дал ушул экстремалдык кырдаалда, Осмон менен болгон диалогдо ачып берүүгө аракет кылган. Мына ошондуктан автор ошол турмуштук жагдайларга байланыштуу стилистикалык каражаттарды ыктуу колдонгон.Бул көрүнүш окурмандардын баяндалып жаткан турмуштук кырдаалды ар тарабынан түшүнүп кабыл алуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзө алды. «Көзүм катмак турсун, миң жыл так өтсөм да, сага окшогон шүмшүккө кесиримди артканым арткан!» деген Жамийланын репликасы өзгөчө стилистикалык боекко ээ болуп, анын акыл-парасатын, типтүү өзгөчөлүгүн билдирип турат. Ошентип,

бул **көркөм диалогдо Жамийла өзүнүн сүйлөгөн сөзү аркылуу өзү жашап турган турмуштук кырдаалдын негизги өзгөчөлүктөрү тууралуу да көркөм маалымат бере алган.**

Көркөм диалогдордо көркөм маалымат туюндуруу дагы бир кыйла өзгөчөлүктөргө ээ. Аталган маселеде **каармандардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүн чагылдыруу ыкмасы да олуттуу стилистикалык ыкмалардын катарына кирет. Маселен, көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын эмоционалдуу сүйлөө өзгөчөлүктөрү өзгөчө мааниде колдонулган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулат. Көркөм диалогдордогу репликалар,андагы эмоционалдуулук көп түрдүү стилистикалык боекторго ээ болгондугу менен өзгөчөлөнөт.** Мисалы:

«– Сен эмне, мени тергегени келдиңби?! – деди керебетке отургандан кийин башы калч-калч этип. – Баары бүтүп, эми сен калдыңбы? Мени эмне жайыма койбойсуңар, ыя?! Мен өлүп берсем, жаныңар тынабы?!

– Апамдын керээзин айтып атпайымбы, – дедим мен тайсалдай түшкөнүмдү билгизбей.

–Апаң андай сөз айткан эмес! Калп, Ажике жеңеңдин чыгарганы!

Атам адегенде үнүн каргылданта катуу бакырып алып, кайра ошол замат ыйламсырап доошу чыкпай калды. Мен атамды аяп кеттим, бирок апам үчүн деген боор толгоом дагы күчтүүлүк кылып:

– Айтпаса да, апамдын каалаганы ошол Ажике жеңем айткандай болчу. Сиз аны аткарышыңыз керек, – дептирмин. Ошентсем, атам жаштуу көзү менен мени тир укмуштай кыжаалат карап алды: «анда мен да өлөйүн, антпесем силер өңдөнгөн кеңкелестер тирүү кишинин каалаганы менен эсептешпейт турбайбы. Өлөйүн анда, башка арга калган жок» деп караган экен ошондо көрсө байкуш атам.» [Акматов, 1987: 58].

Аталган көркөм диалогдо К.Акматовдун «Мунабия» чыгармасында ата менен баланын ортосундагы Мунабияга байланыштуу айтылган репликалары көркөм баяндалган. Бул көркөм диалогдо Жанузактын сүйлөгөн

сөздөрүөзгөчө эмоционалдуу мүнөзгө ээ. Маселен, «Сен эмне, мени тергегени келдиңби?!» – «Баары бүтүп, эми сен калдыңбы?!» – «Мени эмне жайыма койбойсуңар, ыя?!» деген сүйлөмдүн ыргак-мукамы, интонациясы, тынымы, басымы, жалпы фоноструктуралык табияты «муңга батуу», «нааразылык», «аргасы кетүү», «ачуулануу», «ызалануу» сыяктуу терс эмоционалдык маанилерди туюндуруп турат. Жанузак айткан бул сүйлөмдөрдүн ыргак, тонуна караганда, анын жеке турмушуна дайыма көпчүлүк кийлигишип, ушактап, жан дүйнөсүн азапка салганы, ал өзүнүн сезими менен өмүр бою эркин жашай албай кыйналганы, мындай жашоодон жадап, түңүлүп бара жаткандыгы да кыйыр түрдө билинип турат. Буга кошумча автордук ремаркадагы «башы калч-калч этип» деген Жанузакка тиешелүү паралингвистикалык каражат дал ушул ой-туюмду айтууга негиз берет деп ойлойбуз. Жанузактын «башынын калчылдап калышы» анын «ызасын», «эч ким түшүнбөгөн жана эч кимге түшүндүрө албаган трагедиялуу махабатын», «айласын таппай калган, ички, оор сезимдерин», «өзүнүн үйүндө, өзүнүн мекенинде ички дискомфортту сезип, эч жерге батпай калган психологиялык кыжаалат ал-абалын» билдирип турат. «Баштын калч-калч этип калышы» «түгөнбөгөн сарсаананы», «кайгы-капаны», «өзүнүн болмушуна ишенимдин бүтүп бараткан абалын», «үмүтү жанбай», «ой кыялы орундалбай», «бу дүйнөдө артыкбаш адамга айланып калгандай сезимдерин», «өзүнүн ички маселеси менен өзү жалгыз калып», «баары аны түшүнбөй жектеген», «туңгуюкка кептелген» кырдаалын да кыйыр туюндурат. «Башы калчылдоодо» канча азап, канча ыза, канча муң бар. Ошондуктан өзүнүн карачечекей уулуна «Баары бүтүп, эми сен калдыңбы?!» деп ичиндеги муң кайгысын ачык билдирүүгө Жанузак аргасыз болуп жатат. Мындагы «баары бүтүп» деген туюнтмада Жанузактын сырдуу махабатына буга чейин көп түрдүү басым болуп келгендигин жана азыр да болуп жаткандыгы баяндалган. Ал эми анын «Мени эмне жайыма койбойсуңар, ыя?! Мен өлүп берсем, жаныңар тынабы?!» деген сөздөрү– Жанузактын «жан дүйнө чаңырыгы», аргасы калбай, акыркы айткан сөздөрү.

Контексттеги маанилерге караганда, «Мени эмне жайыма койбойсуңар, ыя?!» деген сүйлөм суроолуу сүйлөм эмес, бул Жанузактын өтүнүчү, көптөн көп тилеген тилеги, суранычы болуп саналат. Бирок аны эч ким түшүнбөйт, түшүнгүсү да келбейт. Мына ушундай психологиялык кырдаалдан улам «өлүм» тууралуу тема козголгон. «Мен өлүп берсем, жаныңар тынабы?!» деген сүйлөм Жанузактын аз калган өмүрүмдөөзү каалаган адам менен өзү каалагандай өмүр сүрүүсүнө көзү жетпей түңүлүүсүн да билдирет. «Ыйламсырап доошу чыкпай калды», «атам жаштуу көзү менен мени тир укмуштай кыжаалат карап алды» деген автордук ремаркаларда Жанузактын психологиялык абалы экстралингвистикалык фактор катары атайын конкреттештирилип берилген деп ойлойбуз.

Жанузактын репликасында экспрессивдүү лексикалык каражаттар дагы анын сөзүнүн эмоционалдуулугун көп тараптан арттырып турат. Маселен, «тергөө» деген сөз ата-баланын ортосунда жөн-жай учурда колдонулбайт. Бул жагынан караганда, «Мени тергегени келдиңерби?!» деген туюнтмада Жанузактын баласына карата, анын ички иштерине кийлигишип жатканын жактырбоосун, атасына акыл үйрөтүп, жол көрсөтүп, баласынын өз жолун билбей турган түшүнбөстүгүнө нааразылыгын да кыйыр билдирип турат. Мына ошондуктан кылмышкерлерди иликтөөдө колдонулуучу «тергөө» деген сөз тегин жерден автор тарабынан колдонулган эмес. Бул сөз Жанузактын эмоционалдуу сүйлөө өзгөчөлүктөрүн экспрессиялоочу функцияны аткарат. Ошондой эле бул сөз Жанузактын ички жан дүйнө абалын күчөтүп туюндуруу маанисин билдирет.

Бул көркөм диалогдо «жайына коюу, жаны тынуу» деген фразеологизмдер дагы эмоционалдык, экспрессивдик, стилистикалык боекторго ээ. Маселен, «Мени эмне жайыма койбойсуңар, ыя?!» деген сүйлөмдө «жайыма койбойсуңар» деген фразеологизм «тынчтык бербөө», «туш-туштан кысым көрсөтүү», «Жанузактын жеке жашоосуна, жеке сезимдерине жөнү жок кийлигишүү» деген сыяктуу маанилик өзгөчөлүктөрдүөзүндө камтып турат. Ал эми «жаныңар тынабы» деген

фразеологизмде «тынчыйсыңарбы», «мени жайыма коесуңарбы», «максатыңарга жетесиңерби» деген сыяктуу терс эмоционалдык, стилистикалык боектор бар.

Бул көркөм диалогдо Жанузактын жаны ачып, айласы куруп, баласына айтып жаткан эмоционалдуу сүйлөгөн сөздөрүндө грамматикалык каражаттар дагы көп кырдуу көркөм-эстетикалык мааниде колдонулган. Маселен, «Сен эмне, мени тергегени келдиңби?!» деген сүйлөм конструкциясынын жалпы түзүлүшү, туюндурган мааниси көп катмарлуу деп эсептейбиз. «Сен эмне, мени тергегени келдиңби?!» деген сүйлөмдө атасынын баласына карата өтүнүчүн, тагыраак айтканда, анын «жеке сезимине», «өмүр бою аздектеп келген ыйык махабатына кийлигишпөөтүнүчүн», «башкаларга окшоп түшүнбөй, чын-төгүнүнө жетпей, көп нерселерди эске албай, атасына карата терс мамиле жасабоосу боюнча суранычын», «атасынын жеке иштерине, жеке жашоосуна баласынын кийлигишүүгө акысы жоктугу боюнча эскертүүсүн», «баласынын аны түшүнбөй жатканына туталанып тынчсызданууусун» да көркөм туюндуруп турат. Аталган семантикалык өзгөчөлүктөр Жанузактын репликасындагы «тергегени келдиңби…», «сен калдыңбы…», «жаныңар тынабы…» деген сыяктуу бирдей синтаксистик конструкциялар аркылуу дагы экспрессияланган. Бул синтаксистик конструкциялардагы суроо уландысын туюндурган – бы мүчөсү жалаң эле суроо маанисин туюндурбастан, «эскертүү», «өтүнүч», «түшүндүрүү» маанисин дагы билдирет. Иликтөөлөр көрсөткөндөй, **көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын эмоционалдуу сүйлөө өзгөчөлүктөрү стилистикалык өзгөчө мааниде колдонулган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык каражаттар аркылуу көп кырдуу баяндалат.**

Ырас, **көркөм чыгармалардагы диалогдордо каармандардын жекече сүйлөө өзгөчөлүктөрү стабилдүү жана убактылуу, өзгөрүлмөлүү болуп, анда ар кандай эмоционалдык кырдаалдар туюндурулат. Көркөм диалогдордо каармандардын сүйлөгөн сөзүнүн өзгөчөлүктөрү** автор

тарабынан **сүрөттөлүп жаткан көркөм чындыктын бир көрүнүшү болуп саналат.** Маселен, **көркөм диалогдордо жай же ыкчам сүйлөө ылдамдыгы (темпи) маани туюндуруучу касиетке ээ болуп, белгилүү бир көркөм-эстетикалык максаттарды көздөйт.** Мисалы:

«…Эсенбай бийдин кабагы бүркөлдү. Ал тизесин мыжыгып, ойлонуп:

–Атаны этегиң узарбагыр… Кырк байталга ат алганды ким койду экен ага. Аны эмне кылар экен? Ошол ат алтын чычып берем дептирби? А көрө муногу итирейген энесин түзүктөп багып алсачы!.. – деди.

Бир жактан Нүзүп келип калды. Энеси үйдө экен. Корсунуп ыйлап отуруптур. Нүзүп эңкейип энесинин кабагын тиктеп:

– Какбаштын айылына бардыңызбы? Келди деди эле, келери менен дагы бирдеме деген, экен а? – деди каны ичине тартып…

Нүзүп жигиттери менен дүпүрөп Эсенбай бийдин айылына кирип келди. Кыйкырып, сөгүнүп, ак шамшарын жалаңдатып оңду-солду тап берип, эч кимди бет алдырбай, атасынын өргөөсүнө демитип ат салып барып, чий эшигин босого башынан түшүрө чаап жиберди:

– Чык бери! Ой, Эсенбай, чык бери! – деп чыңырды ат туйлатып. үйдөн Эсенбай бий ызырынды:

– Карма! Карма кутурган калди!

Нүзүп ого бетер өрттөй күйүп, өргөөгө дагы теминди. Турган эл тизгинине жабышып, ак шамшардын бет алдына тура калышып жүрдү. Айыл чууга толду. Нүзүптүн тиштери шакылдап титиреп, көзүнөн кан түтөп, жини бастабай, буулукту, бакырып ыйлап жиберчүдөй буулукту, алдастады.

– Кечтим сенин балалыгыңдан! Ак кылдым! Ак кылдым! Ак кылдым! Жогол! Бетиң карайсын, атабезери, бетиңди карабаймын, жогол көзүмө көрүнбөй! – деди Эсенбай бий. Нүзүп ага:

– Сен менин балалыгымдан кечсең, мен сенин аталыгыңдан кечтим! Кечтим! Ата болуп качан чекеми жылыттың…деп кыйкырды…

Нүзүптүн тиштери шакылдап титиреп, көзүнөн кан түтөп, арына келип каңырыгы түтөдү [Касымбеков, 1978: 75].

Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы бул көркөм диалогдо каармандардын сүйлөгөн сөзүнөн ошол учурдагы моралдык-психологиялык кырдаал, эмоционалдык ал-абал айкын байкалып турат. Маселен, «Чык бери! Ой, Эсенбай, чык бери!» деген Нүзүптүн атасына карата чаңырыгы өтө эмоционалдуу, экспрессивдүү семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ. Мындай маанилик өзгөчөлүк бул репликада Нүзүп тарабынан ыкчам жана күчтүү сезим менен айтылышынан улам жаралган. Ошондой эле инверсияга учураган илептүү сүйлөмдөрдүн колдонулушу мындай күчтүүэмоционалдык-экспрессивдик маанини жаратууга көмөкчү да болгон. Маселен, «Чык бери!» деген инверсияланган илептүү сүйлөм өзүнүн тутумунда «ачууланyy», «аябай нааразы болуу», «жек көрүү», «ызалануу», «ызырынуу» маанилерин камтып турат. Анын үстүнө Нүзүптүн кыргыз каада-салтына карама-каршы атасына карата «Ой, Эсенбай» деп атынан кайрылуусуатасын жек көрүүнүн жетип турган жогорку чегин билдирет. Мындай кайрылууда «жактырбоо», «сыйлабоо», «урматтабоо», «атасынан түңүлүү», «оройлук-осолдук» сыяктуу маанилер да бар экени белгилүү.

Нүзүптүн мындай орой репликасына атасы Эсенбай бий дагы дал ошондой оройлук, сыйлабастык менен «Карма! Карма кутурган калди!» деп ызырынып турушу ата менен баланын ортосунда чечилбес маселенин жаралышын, бул чатактын чоо-жайына көп мезгил болгондугун, кандаш-жандаш адамдар бири-бирине эч убакта келишпес душманга айланып калгандыгын кошо туюндуруп турат. Ата-баланын ортосундагы мына ушундай катаал, курч мамилеге байланыштуу психологиялык кырдаал Нүзүптүн репликасында «Чык бери! Ой, Эсенбай, чык бери!» деген ыкчам айтылган инверсияланган илептүү сүйлөм аркылуу туюндурулган. Мындай катаал психологиялык кырдаал өз кезегинде атасы Эсенбай бийдин «Карма! Карма кутурган калди!» деген экспрессивдүү, инверсияланган илептүү сүйлөм менен билдирилген. Ошентип, аталган кырдаал андан ары улантылып

баяндалды. Дал ушундай эле терс эмоционалдуу, экспрессивдүү касиетке ээ болгон маанилик өзгөчөлүк Эсенбай бийдин «Кечтим сенин балалыгыңдан! Ак кылдым! Ак кылдым! Ак кылдым! Жогол! Бетиң карайсын, атабезери, бетиңди карабаймын, жогол көзүмө көрүнбөй!» деген репликасында толук сакталган. Бул репликадагы «кечтим сенин балалыгыңдан» деген сүйлөмдө Нүзүпкө карата «нааразылык», «жек көрүү», «жээрүү», «кемсинтүү», «ачуусуна тийүү», «кыянатчылык», «ташбоорлук», «мерездик» сыяктуу маанилер билдирилген. Ал эми Эсенбай бийдин «Ак кылдым!» деп үч жолу кайталап айтышы балалыктан кечүү чечимине биротоло ынангандыкты туюндурат. «Жогол көзүмө көрүнбөй!» деген сүйлөмдө баласына карата «каргап-шилөө», «тескери бата берүү» маанилери кездешет. Ошондуктан бул сүйлөмдөр эмоционалдуу, энергиялуу, ыкчам, шыр айтылган.

Жогоруда көрүнүп тургандай, **күчтүү сезим менен ыкчам, шыр айтылган репликалар каармандардын ички дүйнөсүндөгү психологиялык кырдаалдарды туюндуруу менен кошо чыгармада сүрөттөлүп жаткан көркөм чындыктын бир көрүнүшүн, андагы көп кырдуу өзгөчөлүктөрдү кыйыр түрдө туюндурууга да салым кошо алат.**

3.12. Көркөм текстте ички жана сырткы диалогдордун стилистикалык табияты

Көркөм чыгармада каармандардын жекече сүйлөө портретин түзүүдө сырткы диалог менен ички диалогдун карым-катнашы чоң роль ойнойт. Көркөм диалогду иликтөөдө ушул жагдайга да көңүл буруу зарыл. Көркөм диалог татаал табиятка ээ. Аны сырткы диалог жана ички диалог деп эки түргө ажырымдап кароо керек. Бул өңүттө бир нече изилдөөлөр да бар [Бахтин, 1979: 56-66]. Сырткы диалог экиден кем эмес пикир алышуучу аркылуу ишке ашса, ал эми ички диалог бир эле субьект аркылуу ишке ашат. Мисалы:

«…Бала дөбөдө отуруп, оор үшкүрүндү. Китеп каптуу болуп, окууга кантип бараарын кыялданып жүргөн ушу бүгүн торпокту көздөн жаздым кылганын кара!..

...Бала көзүнөн дүрбүнү алып, башы жерге салаңдады. «Эми үйгө кантип барабыз? – деди капаланып. – Ушунун баары мени менен тиги акмак торпоктун айынан. Анан дагы сенде да бар, дүрбү. Качан болсо Ак кемени кара деп азгырып турасың. Сен да күнөөлүүсүң».

Бала эки жагын элее карап, айласы түгөнүп отурду… [Айтматов, 1999: 290].

Бул эпизод – «Ак кеме» повестинде бала дөңгө чыгып, ак кемени кароо менен алек болуп жаткан учурда торпоктун таенесинин көйнөгүн чайнап, таенеси ачууланган учурун чагылдырган эпизод. Автор баланын ички дүйнөсүндөгү эмоционалдык уйгу-туйгу абалды анын ички диалогу аркылуу туюндурган. «– Ушунун баары мени менен тиги акмак торпоктун айынан. Анан дагы сенде да бар, дүрбү. Качан болсо, Ак кемени кара деп азгырып турасың. Сен да күнөөлүүсүң» деген баланын ой жүгүртүүсү ички диалог катары анын бүтүндөй өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп турат. Бул ички диалогдо «Сенде да бар, дүрбү» деп жансыз нерсеге жандуудай кайрылуу баланын жаш курагын билдирет. Ошондуктан ал дүрбүгө «Качан болсо, Ак кемени кара деп азгырып турасың» деп кине койгон жагы бар. Өзүнүн ичиндеги Ак кемени карагысы келген каалоосунун себебин дүрбүгө байланышта кароо – дүйнөсү таза, баео баланын гана колунан келе турган көрүнүш. Баланын бул ички диалогунда негизги коммуникативдик максат – «Ак кемени дайыма карап, атасы ошол Ак кемеде матрос болуп иштейт деп, өзү ишенип алган ою боюнча ага умтулуу», «атасына жолугууну самоо», «зарыгуу» сыяктуу баланын ичиндеги ой мүдөөсүн көркөм туюндуруу. Мындай семантикалык багытты «Качан болсо, Ак кемени кара деп азгырып турасың» деген туюнтма тастыктап турат. «Азгыруу» дегенде «баланын атасына болгон сагынычы», «кусалыгы», «баео жан дүйнөсүндө атасы менен бирге болууга умтулуусу», «атасы келбесе, ага балык болуп өзү сүзүп баруу» сыяктуу ой кыялы кошо туюндурулган деп ойлойбуз.

Ошондой эле бул ички диалогдо баланын көкүрөгүндөгү негизги көйгөй маселеге (Ак кемени акмалап кароо, андагы атасына умтулуу

сыяктуу) арбалып, торпокту көз жаздымда калтырганына өзүн күнөөлүү сезип турган психологиялык абал «эми үйгө кантип барабыз» деген баланын ички репликасынан байкалат. Бул жагынан караганда, бала ыймандуу, сезимтал, акылы зирек жан-дүйнөсү менен чын ыкластан уялып, өзүн күнөөлүү сезип жатат. Демек, **көркөм чыгармадагы диалогдорду түзүүдө ички диалогдор каармандардын ой-санаасын, ички дүйнөсүн, ар кандай психологиялык ал абалын туюндуруу максатын көздөйт. Ошондуктан ички диалогдор дагы каармандардын көркөм образын түзүүгө түз да, кыйыр да катышат.**

Көркөм чыгармадагы диалогдор полифункционалдуу табиятка ээ. Маселен, ички диалог экстенсивдүү түрдө туюндурулган маанилик ар түрдүү өзгөчөлүктөрдү ачып түшүндүрүүгө көмөкчү болот. Ошондой эле жалпы **көркөм чыгармадагы маанини, мазмунду андан ары улап, куроо кызматын аркалайт. Ошондуктан ички диалогдо көп кырдуу көркөм-эстетикалык маалыматтар туюндурулат. Натыйжада, ички диалогдун өзүнө мүнөздүү ыргагы, өзүнүн маанилерине жараша интонациясы, тону болот да, ар түрдүү маанилерди билдире алат.** Бул көрүнүш ички диалогдор аркылуу көркөм чыгармадагы сүрөттөлүп жаткан каармандардын ички менталдык өзгөчөлүктөрүн ар тараптан көркөм чагылдырууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет. Мисалы:

«…Ал тырмалап, жыттуу ным топурактан бир ууч алып, ой басып тунжурап туруп, «Кай жерде өлсөм да киндик каным тамган жердин топурагы үстүмдө болсун…» деп, койнуна салып алды.

– Мады-ыл!..

Ит Сарыбайды белгисиз бир жакка жетелеп баратты.

– Мады-ыл…

Жолмо-жол ыйлактап үн салып келет. Өз үнүнүн жаңырыгынан башка эчтеме жок.

Сарыбай көп жол басты. Жакын эле жерден суунун жээгине жетип, колун чайып, муздак суудан эки ууртады. Чарчаганы эми билинди. Колундагы

таягы менен жерди домдоп көрүп, таяк бирдемеге урунду эле, таш экен, ага көчүк басты. Бүткөн бою бүт талыкшып, бели уюп, эти ысып чыкты да, чекесинен идиреп тер кетти. Көзүнүн тирүүсүндө Мадылдын же өзү бир балээге кабылганын, же андан качып кеткенин билбей кетери эсине түштү. «Жакын калды окшойт?..» деди көкүрөгү, акыры жакындоочу өлүм оюн алып. Ал корккон жок, кайгырган да жок, сүйүнгөн да жок, кандайдыр ушул кыйноодон чыгарып кетчү күч сыяктуу медет тутуп, эмнеси болсо да, тези болушун эле каалады. Саал улутунуп, көрө тургансып, айланага моюн тегерете моюн буруп, зарыгып кулак төшөдү. Күн жымылдап турган болуу керек. Көк өзөн суусу бир кунунда шылдырттап жатат, жормологон жел сезилип, жээгиндеги кагайган бал камыштарды үзүл-кесил шуудур актырып, жакын эле жерден чымчык сайрап, кош баш го, өзүлөрүнчө ынтымактуу сүйлөшкөнсүп кужурашып жатат. Тээ алыстан ит үрөт. Каңгырап үй мөөрөгөнү угулат. «Дүйнө! Чиркин ажайып дүйнө, өз кунунда, өз сөөлөтүндө толукшуп турасың го! Бирөө келет жыргал издеп. Бирөө кетет жан кыйноодон башка таппай, чарчап, жадап…» – Сарыбайдын көңүлүнө ушулар келип урунду. Ал чекесин жеңи менен аарчып, тунжурап отурду. Жанында жаткан иттин акактаганы, мурдунан чыккан жели сезилет. «Аттиң, кетеримде, ушул ажайып, ушул бейжай дүйнөдөн кетеримде жанымда бир адамзада болбогону кызык болду а ?!» – деп, эркине, көктүгүнө баш бербей, Сарыбайдын жүрөгүнө сызылып арман келди. «Гм… Көр пенделигиң али кала элек а? – деп ал өзүн өзү шылдыңдап койду. – Сага адамзааданын эмне кереги бар? Жаныңда бирөө болгондо эмне?! О, кайран эр! деп, эчкирип турсабы? Гм… Бүт көңүлү үмүттөн, келбес жактан жакшылык күтүүдөн жаралган белем адамдын! Туулганда да, өлгөндө да, бүт аалам сени карап, чексиз кубаныч, чексиз кайгы, өксөө, салтанат болобу? Салтанатты мынча жакшы көрөсүң, шордуу адамзаада!..» Ал жанына койгон комузун алды. Сыйпалап, терең үшкүрүп отуруп, бир күү кайрымакчы болду, эмне күү экенин өзү да билбеди, сыйпалап таппай койду, тепкеси жок. Нестейип токтолуп, «Каерге түшүп

калды экен?» деген аргасыз ой жылт этти. Ал комузду тике кармап, эмне кыларын билбей, көпкө отуруп калды: «Мына, эң акыркы арман ушул болбодубу! Бүт бугумду чыгарып желге сапырылып таштап, эч күнөөсүз көөдөнүмдү бош алып, тазалап кетейин дебедим беле?!»

Ак төш тура калып үрүп жиберди. Эмнегедир Сарыбайдын жүрөгү шуу дей түштү. Ит чебеленип, ээсин тегеренип, коргогонсуп үрдү.

– Ээн жерде эмне кылып жүрөт бу ит?.. – деген кобур үндү укту Сарыбайдын сергек кулагы. Бери баскандай болду. Сарыбай өйдө боло:

– Мадыл… – деп обдулду, мууну калтырап, тура албай эмгектеп жыгылды.

Тирилик менен жүргөн Кулкиши эле. Тааный коюп:

– Йе… Сарыбайсыңбы?.. – деп таң болуп, жүгүрүп келип колтуктан сүйөй калды. – Кайдан, кокуй?..

Сарыбай жооп бере албады. Эмелеки кайраты, өлүмдү шылдың кылып отурган акылы майышып адамдын мээрин, адамдын өбөгүн сезгенде буулуккан баладай өпкөсү толуп, бүлкүлдөп жашып кетти…» [Касымбеков, 1978: 348].

Мисалга алынган «Сынган кылыч» романындагы **бул көркөм диалогдо сырткы диалог менен ички диалогдун карым-катнашы бири-биринин маанисин, мазмунун улап-курап тургандай бири-бирине диалектикалык карым-катнашта түзүлгөн.** Бул жолу көркөм диалогдо ички диалогдун табият-өзгөчөлүктөрү кандай экендиги бизди кызыктырат. **Көркөм диалог адамдын ой жүгүртүү процессине таасирин тийгизет. Көркөм текстте диалог аркылуу айтуучунун акыл-парасатын, интеллектуалдык деңгээлин, индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн байкоого болот.Адамдардын ой санаасы, ички мүдөөсү, кызыкчылыктары жана умтулуулары көркөм текстте диалог аркылуу көп кырдуу туюндурулат.** Анда диалог өзгөчө мүнөз-табиятка ээ болот. Мисалы, диалогдун түзүлүшү үчүн ичтен ой жоруу (муну «ички диалог» десек да болот) процесстери болот. Демек, диалог ички диалог жана сырткы диалог түрүндө болот

[Кучинский, 1983: 4-5] **Көркөм тексттеги диалогдо сырткы диалог менен ички диалогдун карым-катнашы кошо сүрөттөлөт. Ички диалог көбүнчө ремаркалар аркылуу туюндурулат.Сырткы диалог менен ички диалогдун берилиши каармандардын мүнөзүн, мамиле-катышын, карама-каршылыгын туюндуруу максатын көздөйт.**

Көркөм чыгармадагы диалог түзүлүш, уюушулуш жол-жобосу боюнча татаал мүнөзгө ээ. Мында сырткы диалог (тилдик каражаттар аркылуу автор тарабынан туюндурулган диалог) менен ички диалогдун диалектикалык карым-катнашы бар. Көпчүлүк **мыкты прозалык чыгармаларда ички диалог сырткы диалогдун табиятын, маани-мазмунун ар тараптан аныктап, ачып түшүндүрүп турат.** Ошентип, **ички диалог көркөм тексттеги диалогдун мазмундук негизине кошумча маанилерди сиңире алат.**

Жогорудагы көркөм диалогдогу фактыларга караганда, ички диалог өзүнүн табияты боюнча полифункционалдуу, көп кырдуу өзгөчөлүктөргө ээ. Маселен, мисалга алынган көркөм диалогдо «кай жерде өлсөм да, киндик каным тамган жердин топурагы үстүмдө болсун» деген сүйлөмдөн үмүтсүздүк маанисиндеги интонацияны, ыргакты байкай алабыз.

Ырас, бул сыяктуу ойлорду ойлоп, өзү менен өзү диалог кылуу жалгыз, жабыркаган, алсыз жана үмүтсүз адамдын үлүшүнө туура келери белгилүү. Абил бийдин кыянатчылыгынан улам жана тагдырдын жазмышына ылайык көзүнөн айрылган Сарыбайдын темселеп талаада калган аянычтуу тагдыры бул көркөм диалогдо анын ички репликасы аркылуу көп багыттуу сүрөттөлгөн. Акыркы күндөрү дүйнөнү кулагы аркылуу тыңшап таанып калган Сарыбайдын жан-дүйнөсү тынч эмес. Карманаар багар-көрөр адамы Мадыл да үйгө келбей, ал аны издеп, итти ээрчип, ээн талаада ар түрдүү санаага батып турган элеси ички диалогдор аркылуу экспрессияланып берилген. Анын «жакындап калды го» деп өзүнүн өлүмү тууралуу ойлонуусу, «Дүйнө! Чиркин, ажайып дүйнө, өз кунунда, өз сөөлөтүндө толукшуп турасың го!..» деп кайрадан бул жаркын жашоодон үмүтүн үзө албай,

жашоого тойбой турган сезим-туйгулары Сарыбайдын ички диалогу аркылуу бизге белгилүү болуп жатат. Бир чети, «Аттиң, кетеримде, ушул ажайып, ушул бейжай дүйнөдөн кетеримде жанымда бир адамзада болбогону кызык болду а?!» деп жашоосундагы арманы, өмүрүндөгү өксүк ал-абалы эсине келет, аны ардантат. Бир чети, «сага адамзада не кереги бар, жаныңда бирөөнүн болгону да эмне, болбогону да эмне…», «Бүт көңүлү үмүттөн, келбес жактан жакшылык күтүүдөн жаралган белем адамдын!» деп жалпы эле адамзадаанын ички дүйнөсү тууралуу ой жүгүртөт.

Бир чети, өзүнө-өзү тирек болуп, жөлөк болуп, кайраттанып комузун күүлөп, бирок тепкесин таба албай «Мына, эң акыркы арман ушул болбодубу! Бүт бугумду чыгарып желге сапырылып таштап, эч күнөөсүз көөдөнүмдү бош алып, тазалап кетейин дебедим беле?!» деп тиричиликтин камын көрөт, өзүн өзү алаксытууга жан үрөп, аракет кылат. Мында эртеңки жашоо турмушу, эртеңки күнү бүдөмүк болгон сокур адамдын аянычтуу, трагедиялуу тагдыры анын ички репликалары аркылуу көз алдыга элестелип турат.

Ошентип, **бул көркөм диалогдогу ички репликалар Сарыбайдын ар кандай ой санаасын, ар түрдүү эмоционалдык, психологиялык ал-абалын ар тарабынан ачып туюндуруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болду.**

Көркөм диалогдордогу репликанын маалымат туюндуруу өзгөчөлүктөрү бир кыйла. Анда бир нече функционалдык багыттар бар. Ички жана сырткы диалогдордон сырткары реплика-суроо, реплика-өтүнүү сыяктуу жана башка репликанын типтери, түрлөрү кездешет [Бельский, 1953: 87, Войскунский, Шмерлинг, Яглом, 1981: 3-12]. Көркөм диалогду дал ушундай көп түрдүү табият-өзгөчөлүгүнө ылайык иликтөө зарыл.

III бөлүм боюнча корутунду

Көркөм чыгармадагы диалогдордо автордук баяндоо, каармандардын сүйлөгөн сөздөрү, анда катышкан паралингвистикалык каражаттар бирдиктүү каралышы зарыл.

Мыкты жазылган көркөм диалогдордо, сыртынан караганда, сүйлөшүү эркин, табигый жүрүп жаткандай көрүнгөнү менен анын ички маңызында абдан көп маанилик агындар, мазмундук мааниге ээ болгон бир нече көркөм-эстетикалык каражаттар, кыйыр туюндурулган көркөм символдор туюндурулган болот.

Көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын сүйлөгөн сөзү аркылуу, алардын жеке мүнөзү, адамдык сапаттары ачып туюндурулат.

Турмуштук кырдаал көркөм чыгармадагы диалогдордо олуттуу экстралингвистикалык фактор болупсаналат.

Каармандардын өз ара мамилеси, максат-мүдөөлөрү, алардын иш-аракеттери көркөм диалогдордогу негизги коммуникативдик шарт-кырдаал катары эсептелет. Бул маселелер турмушту реалдуу сүрөттөөдө чоң мааниге ээ.

Көркөм чыгармадагы диалогдордо каармандардын сүйлөгөн сөздөрү аркылуу алардын көркөм образы, типтүү, жеке мүнөзү, жеке портрети, эмоционалдык дүйнөсү, ой жүгүртүү арымы, тилдик, социалдык чөйрөсү, турмуштук кызыкчылыгы, дүйнө көз карашы, моралдык-психологиялык ал-абалы,сүйлөө манерасы кылдат мүнөздөлөт.

Каармандардын көркөм образын терең жана ар тараптуу сүрөттөп ачып берүүдө автордук ремаркалар таасирдүү коммуникативдик кызмат аткарат.

Көркөм диалогдордо каармандар колдонгон синтаксистик конструкциялар алардын эмоционалдык, психологиялык-моралдык ал-абалын, инсандык өзгөчөлүктөрүн да туюндурууга катышат.

Чыгарманын автору турмушту реалдуу сүрөттөө үчүн турмуштук шарт-кырдаалга, мезгилдик жана мейкиндик өзгөчөлүктөргө далма-дал, шай

келтирүү максатында көркөм тексттеги диалогдордо каармандардын сүйлөшүүсүн трансформациялайт.

Көркөм чыгармадагы диалогдорду түзүүдө ички диалогдор каармандардын ой-санаасын, ички дүйнөсүн, ар кандай психологиялык ал абалын туюндуруу максатын көздөйт.

Ички диалог өзүнө мүнөздүү ыргагы, өзүнүн маанилерине жараша интонациясы, тону болгондуктан, көп кырдуу көркөм-эстетикалык маалыматтарды туюндурат. Натыйжада, ички диалогдор аркылуу көркөм чыгармада сүрөттөлүп жаткан каармандардын ички менталдык өзгөчөлүктөрү ар тараптан көркөм чагылдырылат.

Көркөм тексттеги диалогдор каармандардын бири-бирине карата репликаларынын негизинде уюшулат.

Көркөм чыгармадагы диалогдордо айтуучу менен угуучунун өз ара мамилеси, эмоционалдык кырдаалдагы психологиялык ал-абалы, өзгөчөлүктөрү алар колдонгон сүйлөмдөрдүн түзүлүшү, интонациясы,кырдаалдык жагдайларга байланыштуу үзүл-кесилдик, кыскартуулар, маанилик сыгылуулар (компрессия) жана ар кандай ымдоо-жаңсоолор аркылуу белгилүү болуп турат.

Көркөм диалог – жазуучунун таланты, чыгармачылык чеберчилиги, ой жүгүртүү диапазону, турмуштук-билим тажрыйбасы, дүйнө тааным деңгээли аркылуу түзүлгөн, сүйлөшүүдөгү тилдик эмес каражаттар менен ар тарабынан коштолгон, өтө бай, көп багыттуу, көп интонациялуу диалог.

